466

Аң-сезим
# Ал-Ваъй
الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, зуль-каъда 1446-х. – май 2025-м.

Ал-Ваъй сөзү

## Сирия үчүн болгон күрөш – Ислам менен секуляризмдин ортосундагы тиреш

## Ар кандай топтор – жаңы башкаруунун мабдаий позициялары жок кезде “Троя аты”

## АКШ, Иран жана Хизбуллахтын Ливандагы аракети

## Саясий түшүнүктүн негиздери жана саясий багытты аныктоо (1)

## Сауд Арабиясы жана геноцидден кийинки нормалдаштыруу

## Гуманизм – диндерди жок кылуу үчүн шайтаний чакырык

## Акыркы окуялар Үммөттүн жашоосунда Хизб ут-Тахрирдин жолунун тууралыгын далилдейби?

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

466

Отуз тогузунчу жыл чыгышы, зуль-каъда, 1446-х, май, 2025-м

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Сирия үчүн болгон күрөш — Ислам менен секуляризмдин ортосундагы тиреш. Ар кандай топтор — жаңы башкаруунун мабдаий позициялары жок кезде «Троя аты» сыяктуу ........................................... 3

– АКШ, Иран жана Хизбулланын Ливандагы аракети.............................................. 7

– Гуманизм — диндерди жок кылуу үчүн шайтаний чакырык...............................18

– Саясий түшүнүктүн негиздери жана саясий багытты аныктоо (1) ..............................30

– Сауд Арабиясы жана геноцидден кийинки нормалдаштыруу толкундары ...................37

– Акыркы окуялар Үммөттүн жашоосунда Хизб ут-Тахрирдин жолунун тууралыгын далилдейби? .........................................48

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***......54

– ***Куръани Карим сабагында***....................59

– ***Бейиш бактары:*** Зубайр ибн Аввам: Аллахтын Элчисинин ﷺ досу жана Ислам баатыры ..................................................64

– ***Соңку сөз:*** Эгер мусулмандардын башкаруучулары акылсыздардын башкаруусу болбосо, анда кимдин башкаруусу?............76

– Аун Аббас менен жолугушту, лагерлердеги куралдар талкууланды.............................77

НУСКА БААСЫ

| | |
|---|---|
| Ливан | 1000 лира |
| Яман | 30 риял |
| Түркия | 1 доллар |
| Пакистан | 1 доллар |
| Австралия | 2,5 доллар |
| Америка | 2,5 доллар |
| Канада | 2,5 доллар |
| Германия | 2,5 евро |
| Швеция | 15 крон |
| Бельгия | 1 евро |
| Британия | 1 евро |
| Швейцария | 2 франк |
| Австрия | 1 евро |
| Дания | 15 крон |

بِسْمِ اللَّهِ الرَّحْمَنِ الرَّحِيمِ

# СИРИЯ ҮЧҮН БОЛГОН КҮРӨШ — ИСЛАМ МЕНЕН СЕКУЛЯРИЗМДИН ОРТОСУНДАГЫ ТИРЕШ

## АР КАНДАЙ ТОПТОР — ЖАҢЫ БАШКАРУУНУН МАБДАИЙ ПОЗИЦИЯЛАРЫ ЖОК КЕЗДЕ “ТРОЯ АТЫ” СЫЯКТУУ

**Мухаммад аль-Аббуд**

Сирия да башка мусулман өлкөлөрүндөй болуп, 1924-жылы Усманий Халифалык кулатылгандан кийин түздөн-түз жана кыйыр жолдор менен колонизатор өлкөлөрдүн таасири жана көзөмөлү астында калган.

Асаддардын режими — өлгөн атасы менен качкын баласы — АКШнын тыңчысы жана анын куралдарынын бири болгон. Америка бул режимди сактап калууга аракет кылып, Шамдагы ыйык революция башталгандан бери анын кулоосуна жол бербөө үчүн тынымсыз колдоо көрсөттү. Бул саясаттын натыйжасында Сириянын шаар-айылдары кыйрап, бир жарым миллиондон ашуун киши өлтүрүлүп, 14 миллион адам жер которууга аргасыз болуп, өлкөнүн экономикасы менен инфраструктурасы толук кыйраган. Бирок, акырында Аллах Таала Шам элин бул тирандын кулашы менен сыйлады.

АКШ Асаддын кулоосун алдын ала ойлоп, ар кандай саясий жана аскерий альтернативдүү варианттарды даярдоого аракет кылып келген. Бирок окуялардын өнүгүү ыргагы жана тирандын тез кулашы аны шашылыш чечим кабыл алууга мажбурлады. Ал үчүн эң ылайыктуу альтернатива катары Жулани жетектеген “Хайат Тахрир аш-Шам” (HTS) уюму калды. Ал Идлибде “Куткаруу өкмөтүн”, коомдук коопсуздук кызматын жана тартиптүү аскер күчүн камтыган башкаруу үлгүсүн түздү. Жулани Батышка, өзгөчө Америкага жагынуу максатында башкарууга прагматикалык көрүнүш берүүгө аракет кылып, мурун исламий ураандарды көтөрүп келгени менен, азыр араб өлкөлөрүндөгү режимдерден айырмаланбаган башкаруу системасын колдонууда.

Сириядагы жаңы башкаруу экономикалык багытта Исламга ылайык келген жүйөлүү көз карашка ээ эмес. Ал Ислам дини ачык тыюу салган экономикалык системаны — монополияга, салыктарга, бажы төлөмдөрүнө жана ар кандай төлөм-алымдарга негизделген режимди колдонууда. Ошондой эле ал өзүнүн башкаруусун “мээлүүн” кылып

көрсөтүү үчүн христиан чиркөөлөрүн оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүп, друз ибадатканаларына зыярат жасоо аркылуу бул имиджин бекемдөөгө аракет кылган. Мындан тышкары, ал АКШ «террорист» же «экстремист» деп атаган, Шам революциясы маалында пайда болгон жихаддык топторду куугунтуктап келет.

Мындан сырткары, жаңы режим саясий, маалыматтык жана даават ишмердүүлүгү менен алектенген кеңселерди жапты, алардын мүлкүн конфискациялап, анын саясатына каршы чыккан саясий топтордун мүчөлөрүн камакка алды. Алардын ичинде Халифалыкты тикелөөгө чакырган Хизб ут-Тахрир партиясынын жигиттери, революциялык кыймылдын айрым өкүлдөрү жана Жуланинин диктатордук саясатына каршы чыккан активисттер да бар.

Ахмад аш-Шаръа бийликке келгенден кийин ага саясий, аскерий жана коопсуздук жаатында пайда болгон боштукту толтуруу милдети жүктөлгөнү байкалды. Ошондой эле ага секталар маселесин башкаруу вазыйпасы да берилди. Кээ бир Европа өлкөлөрү Сирияга өз өкүлдөрүн жиберип, инвестиция жолу менен "Сирия тортунан" өз үлүшүн алууга жана өз ролун бекемдөөгө аракет кылышты.

Ахмад аш-Шаръа коопсуздук жагдайын белгилүү ички жана эл аралык шарттардын негизинде белгилүү бир деңгээлде туруктуу кармап турууга жетишти. Бул өлкө ичинде айрым туруктуулукту жаратты. Бирок анын башкаруусунун туруктуулугуна жана Сирия аймагын бириктирүүгө коркунуч жараткан ири ички жана тышкы көйгөйлөр алигиче орун алууда.

Эң олуттуу көйгөйлөрдүн бири — Хайат Тахрир аш-Шам уюмунун мурунку мурасынан калган мужахиддер менен болгон тирешүү. Бул мужахиддер азыркы башкаруу исламий ураандарды сырттан гана карманып, демократиялык түзүлүшкө ыктап бара жатканын көрүшүп, өздөрүн алданып калгандай сезишүүдө. Анткени алар Ислам өкүмдөрүн орнотуу үчүн күрөшүшкөн. Жетекчилик аларга "шаръий жүйөлөр" менен түшүндүрмө берүүгө аракет кылганы менен, мужахиддердин ишенимин кайтара алган жок. Мындан улам, бул мурунку мужахиддерди акырындык менен жаңы ыктыярчылардан турган армияга алмаштыруу же ошолорго сиңирип жок кылуу процесси жүрүп жатат. Бул жаңы ыктыярчылар — негизинен 18 жаштан 22 жашка чейинки жаштар — жихаддык мурастан да, исламий түшүнүктөн да куру калып калган кадрлар.

Сирия үчүн болгон ички күрөштө дагы бир ири көйгөй — бул кээ бир улуттук топтордун таасири. Алардын катарына күрт улутчулдугуна негизделген "Демократиялык Сирия күчтөрү", друздар жана алавийлер сыяктуу агымдар, ошондой эле өздөрүн мусулман деп эсептеген

секуляризмдин катуу тарапкерлери кирет. Бул топтордун баары сырткы күчтөрдүн кийлигишүүсүнө эшик ачкан “Троя аттары” болуп эсептелет. Алар калктын динге болгон аң-сезими өсүшүнөн коркушат, анткени бул алардын мурун эркин жашаган бузгунчу жана азгырма чөйрөсүнө чекит коюп, аларга мурда берилген артыкчылыктардан ажыратып, мусулмандар менен тең укуктуу абалга алып келиши мүмкүн. Бул болсо алар үчүн адаттан тыш жана кабыл алууга оор көрүнүш болуп саналат.

Эл аралык система бул агымдардын (аз улуттардын жана диний топтордун) укуктары тебеленбешине кепилдик берип жатканына карабастан, азыркы бийлик да ачык ийкемдүүлүк көрсөтүп, мыйзам бузган учурларда да алардын өкүлдөрүн тез арада бошотуп жатат. Буга карабастан, ошол эле учурда ондогон мусулман саясий активисттери жана ой пикирлери айырмаланган мужахиддер бир нече жылдан бери эч кандай негизсиз камакта кармалып жатат. Кээ бир эл аралык күчтөр, атап айтканда яхудий түзүмү жана айрым Европа өлкөлөрү Сирияны өздөрүнүн таасир зонасына бөлүп алууга аракет кылууда.

Алар жамааттарды “Троя аты” катары колдонуп, өлкөнү федерацияларга, автономдуу аймактарга же борбордон бөлүнгөн башкарууга бөлүү сунуштарын көтөрүп чыгышууда. Бул болсо мамлекеттин бүтүндүгүн жана күчүн алсыратат, бөлүнүшүнө жол ачат. Алар эл аралык кийлигишүүнү актоо, экономикалык кысымды күчөтүү жана борбордук бийликти өздөрүнүн талабына баш ийдирүү максатында чындыкта жок маселелерди жана кысымдарды атайылап ойлоп чыгарышууда.

Мындан тышкары, мусулмандардын душманы болгон яхудий түзүмү да Сирияга ачык кийлигишип, анын аскерий күчүн, инфраструктурасын кыйратуу, аба мейкиндигин каалагандай бузуу аркылуу бул бөлүнүүнү ишке ашырууга аракет кылууда. Бул бөлүнүүнүн артында алар Сириянын айрым аймактарын өзүнүн таасири астына өткөрүп, аларды кийинчерээк “тынчтык сүйлөшүүлөрүнө” жана “нормалдашууга” шылтоо кылуу үчүн колдонгусу келет.

“Израилдин” Сириядагы бул ашкере жана агрессивдүү кийлигишүүсү АКШга жакпай келет. Анткени Вашингтон Сириядагы кырдаал толук анын көзөмөлү менен өнүгүшүн каалайт. “Израилдин” өз алдынча жасаган мындай аракеттери абалды көзөмөлдөн чыгарып, Сирияда азыркы салыштырмалуу туруктуулуктун бузулушуна алып келиши мүмкүн. Бул болсо элдин жүрөгүнөн өчпөгөн революция жалынын кайра жанданышына себеп болуп, АКШ калыптандыргысы келген жаңы альтернативдүү башкаруу түзүмү ишке ашпай калышына жол ачат.

Ал эми Түркия болсо, Сириядагы окуяларда эң негизги ролду ойногон өлкө болду. Ага Сириядагы жаңы түзүлгөн кырдаалды жөнгө салуу милдети тапшырылган. Түркия өзүнүн таасирин бекемдөө максатында Сирияда аскерий жана аба базаларын түзүүгө аракет кылды. Ага жаңы режимди коргоо жана жалпы кырдаалды көзөмөлдөө вазыйпасы жүктөлгөн. Бул абал яхудий түзүмүнүн кыжырын келтирди, натыйжада ал Т4 жана Хамадагы аскерий аэродромдорго, Тадмурдагы (Пальмира) базага жана башка бир катар аскерий объектилерге катуу сокку урду. Бул аракеттерден кийин АКШ президенти Дональд Трамп Нетаньяхуну шашылыш түрдө Вашингтонго чакырып, ага Эрдоган анын досу жана өнөктөшү экенин, "Израил" менен Түркиянын ортосундагы чыңалууну жөнгө салуу керектигин кескин эскертти.

Мындан тышкары, Сириядагы кырдаал туруктуу болушун каалабаган башка күчтөр да бар, алардын арасында айрым Европа мамлекеттери. Бул өлкөлөр БАЭ сыяктуу өкүлдөрүн колдонуп, кырдаалды козутууга аракет кылууда. Ошондой эле яхудий түзүмү да жаңы бийликти айыптоого алып келе турган жаңжалдар менен кырсыктарды атайылап уюштуруп, аны обочолонууга жана туруксуздукка түртүп, акырында кулашына же кеминде башаламандыктын жардамы менен өлкөнү бөлүүгө же жаңы таасир аймагын түзүүгө аракет кылууда.

Мына ушундай эл аралык жана аймактык күчтөрдүн кысымы жана ички күчтөрдүн чыккынчылыгы шартында Сириядагы мусулмандар чечкиндүү позицияны карманышы зарыл. Алар Абу Бакр Сыддык رضي الله عنه ридда согуштарында жана Усама бин Зайддын армиясын Румга жибергенде көрсөткөн бекемдигине окшоп – бул чабуулдардын жана кутумдардын бетин ачып, аны тосуп, аларды тамырынан жок кылууга бел байлашы керек.

Саясий туруксуздук жана өзгөчө Ислам долбоорун кабыл алуудагы кош көңүл мамиле — бул мамлекет үчүн да, Үммөт үчүн да чоң коркунуч. Бул Сириядагы улуу революциянын кан менен жазылган жетишкендиктерин текке кетирет. Ошондуктан, Ислам долбоорун ачык жана чечкиндүү кабыл алган, анын жолунда туруктуу кадам таштаган жана бардык кыйынчылыктарга карабастан Аллахка таянып, Анын жеңишине толук ишенген бекем позиция зарыл. ❑

# АКШ, ИРАН ЖАНА ХИЗБУЛЛАНЫН ЛИВАНДАГЫ АРАКЕТИ

**Ахмад Касас – Ливан**

Ливанда эмне болуп жатат? Ал жердеги согушту ким баштады? Аны ким башкарууда? Чын эле Америка Кошмо Штаттары Хизбулла партиясын жок кылууну чечтиби?

Хизбулла партиясы күтүүсүз, катуу чабуулга кабылып, миңдеген байланыш жабдыктары партия мүчөлөрүнүн колунда жардырылды, андан бир нече күн өткөн соң баш катчысы жана көпчүлүк жогорку лидерлери өлтүрүлдү. Ошондо эл арасында көп суроолор жаралды: бул иштерди ким жасады? Муну яхудий түзүмү кылдыбы? Же андан да чоң масштабдагы күчтүн ишиби? Эгерде бул чечим яхудийлердин деңгээлинен жогору болсо, демек, аны – түздөн-түз ишке ашырабы же бул ишти яхудий түзүмүнө тапшырып, алардын колу менен жасатканбы, айырмасыз – Америка Кошмо Штаттары кабыл алган.

Андан кийин Американын колдоосу менен Ливандын түштүгүндөгү жана Бекаа өрөөнүндөгү айылдарга, Бейруттун түштүк чет жакасына ири масштабдуу чабуулдар башталды. Бул окуялар болгон иштин артында чоң америкалык чечим бар экенин так көрсөттү. Анын максаты жашыруун эмес, Иранга тарапташ партияга оор сокку берүү, керек болсо аны талкалоо, жетекчилеринин, биринчи жана экинчи деңгээлдеги аскерий башчыларынын көзүн тазалоо аркылуу анын уюшма түзүмүн кыйратуу. Мындан тышкары, анын аскерий кампаларын жана стратегиялык курал-жарактарын болушунча жок кылуу көздөлгөн. Ошондой эле партияны колдогон айыл-кыштактарын, шаарларын жана бүт инфраструктурасын талкалоо аркылуу ага карата кысым көрсөтүлүүдө. Демек, бул партиянын түзүмүн кыйратып, аны муунтуу боюнча кабыл алынган катаал чечим АКШнын чечими болуп саналат. Бул чечимди ишке ашыруу милдети сионисттик түзүмгө жүктөлгөн. Ал АКШнын атынан агент катары аракет кылып, бирок, ошол эле учурда өзүнүн кызыкчылыгы үчүн да иш алып барууда.

Анткени, бул партиянын аскерий күчү 1990-жылдардан бери эле яхудий түзүмүнүн коопсуздугу үчүн олуттуу коркунуч болуп келген. Бул күч алар үчүн уят жана оор маселе болуп, айрыкча октябрда "Аль-Акса ташкыны" операциясынан кийинки күнү башталган чек арадагы тынчын алган согушка чейин жеткен. Мындан тышкары, Ирандын Чыгыш Араб аймагында таасир талашуу үчүн болуп жаткан атаандаштыгы да сионисттик түзүмдү бул партияны жок кылууга үндөйт.

Америка көпчүлүк саясатчыларды жана байкоочуларды таң калтырган бул чечимди эмне үчүн кабыл алды? Анткени ал узак жылдар бою бул партияны Ливандын ички саясатында гана эмес,

аймактык деңгээлде да негизги оюнчу катары таанып келген. Эми эмне үчүн аны ушунчалык катуу сокку менен урганга бел байлады? Бул сокку менен эмне көздөлүүдө? Партияны толугу менен жок кылуубу? Же болбосо аскерий ролун гана токтотуубу? Же Ливандын саясий бийлигинин көпчүлүгүнө болгон таасирин жок кылуубу? Эгер ошондой болсо, анда кимдин пайдасына жана эмне үчүн?

Дал ушул суроолорго берилген жооптор азыр Ливанда болуп жаткан окуялардын саясий көрүнүшүн чагылдырып, алардын чыныгы жүзүн ачып берет. Андыктан, биз эң оболу бул партиянын Ливандагы тарыхына жана азыркы абалга чейин кандай ролду ойнооруна кыскача токтололу.

Бул партия 1980-жылдардын башында, Иранда Хомейинин бийлиги орногондон бир нече жыл өткөн соң түзүлгөн. Анын түптөлүшү 1982-жылы “Израиль” армиясы Ливанга кеңири басып кирүүсүнө дал келди. “Израиль” аскерлери Бейрут шаарына, тоолуу аймактарга жана Бекаа өрөөнүнө чейин кирип баргандан кийин кайра артка чегинип, Ливандын түштүк бөлүгүн ээлеп калды. Бул аймак кийин оккупацияга каршы куралдуу каршылыктын майданына айланды. Башында бул каршылык ар кайсы саясий жана партиялык күчтөр тарабынан жүргүзүлүп жаткан, бирок кийинчерээк дал ушул партия алардын бардыгын четтетип, жалгыз өзү “каршылык көрсөткөн күч” деген макамды ээледи.

Партия алгач түзүлгөн кезде абал өтө чыңалган жана жарылууга жакын болчу, ал Америка тарабынан көзөмөлдөнгөн эмес. Ал учурда партияны башкарып турган адамдардын көпчүлүгү чын ыкластуу, жихадды каалаган инсандар болчу. Алардын алгачкы чоң иштеринин бири — 1983-жылы яхудий түзүмү Ливанды басып киргенден кийин бул жерге келген эл аралык күчтөргө каршы уюштурулган ири жардыруу болгон. Бул кол салуу АКШнын деңиз аскерлерин кошкондо жүздөгөн эл аралык аскерлердин өлүмүнө алып келген. Ал кездеги бул жардыруулар үчүн жоопкерчилик «Исламий жихад» атынан жарыяланган болчу.

Бирок көп өтпөй Сирия режими Иран режими менен келишип алып, бул партияны өз көзөмөлүнө алды. Алар партиянын биринчи баш катчысы шейх Субхи Туфайлди кызматтан четтетип, эркин чечим кабыл алган ыкластуу жетекчилерди четке сүрүштү. Андан кийин Иран бул партиянын аскерий чечимдерин Сириянын ошол кездеги президенти Хафиз Асаддын колуна өткөрүп берди. Хафиз Асаддын аскерлери Ливандын чоң бөлүгүн көзөмөлдөп тургандыктан, партиянын аскерий операциялары Сириянын саясатына ылайык жүргүзүлө баштады. Ал эми бул саясат өз кезегинде АКШнын аймактагы стратегиясы менен шайкеш келген.

Ошол мезгилде бул партиянын Ливандын ички саясатына жана расмий бийликке эч кандай таасири болгон эмес. 1990-жылдан тарта Ливан толугу менен Сириянын көзөмөлүнө өткөн. Партиянын ишмердүүлүгү негизинен каршылык көрсөтүү менен гана чектелип калган. Бул каршылык көрсөтүү кыймылы 2000-жылы чоң ийгиликке жетишип, яхудийлердин оккупациялык күчтөрү Ливандын аймагынан чыгып кетүүгө аргасыз болгон. Албетте, бул жетишкендик АКШнын саясий стратегиясына каршы болгон эмес, тескерисинче, анын алкагында болгон. Анткени АКШнын саясаты Ливанда яхудийлердин армиясы түбөлүккө калуусун көздөгөн эмес. Мунун далили – 1978-жылы кабыл алынган БУУнун Коопсуздук кеңешинин №425-токтому, анда "Израил" Ливандын бардык аймактарынан чыгып кетиши керектиги айтылган.

Бир нече жылдардан кийин Ливандагы бурулуш жараткан окуялар бул партияны саясий аренанын алдыңкы сабына чыгууга түрттү. 2005-жылы Америка Иракта сазга баткан учур болчу. Дал ошол маалда Ливанда Башар Асад режиминин үстөмдүгүн токтотуу үчүн аракет башталды. Бул пландын артында мурунку премьер-министр Рафик Харири, анын досу Франциянын президенти Жак Ширак, Сауд Арабиянын падышасы Абдулла бин Абдулазиз жана Ливандын бир катар лидерлери, алардын ичинде друз жамаатынын лидери Валид Жамбулат турган.

Башар Асаддын режими менен анын өнөктөшү болгон Иранга тарапташ партия бул аракетти бузууга киришип, Хариirини өлтүрүштү. Бирок бул кадам тескери натыйжа берип, тескерисинче Ливан калкынын (айрыкча суннийлердин) катуу нааразылыгын жаратты. 2005-жылдын 14-мартында Бейруттун борборунда жүз миңдеген адамдар Харириниn өлтүрүлүшүнө каршы ири нааразылык митингине чыгышты. Бул окуя Америка үчүн кыйын абалды жаратты, ошондуктан АКШ Башар Асадга Ливандан аскерлерин чыгарып кетүүнү буйруду. Натыйжада, ошол эле жылдын апрель айында Сирия армиясы Ливандан чыгып кетти.

Дал ушул окуялар Иранга тарапташ партияны Ливандагы саясий майданда алдыңкы сапка чыгарды. Ал учурда Иракта согушка батып, дүйнөдөгү башка ири мамлекеттердин каршылыгына дуушар болгон Америка Ливан Европанын таасирине өтүп бара жатканын байкап, муну токтотууну каалады. Ошондуктан АКШ Иран менен макулдашып, Иранга тарапташ партияны бийликке алып келүүгө көмөктөштү. Бул партияга бийликти толук өткөрүп берүү максатында эмес, Европага ыктаган күчтөргө каршы тең салмакты сактоо үчүн жасалды. АКШ бул кадам менен Ливан Европанын колуна толук өтүп кетишин убактылуу

токтотууну көздөдү жана ошол учурда ал Ливан боюнча акыркы чечимин чыгаруу процессинде болду.

Ошентип, Ливанда эки саясий блок пайда болду: Иранга тарапташ партиянын башында турган “8-март альянсы” жана Рафик Харирининин уулу Саад Харири жетектеген “14-март альянсы”. Ливан 2016-жылга чейин дал ушул эки альянстын ортосундагы тең салмак менен тирештин туткуну болуп келди. Бирок 2016-жылы “14-март альянсы” ыдырап, Ливандагы реалдуу бийлик Хизбулла партиясынын жана анын союздаштарынын колуна өттү. 2015-жылы Иран Америкага чоң кызмат кылып, айрыкча Сириядагы элдик көтөрүлүштү басууда жана Асад режимин колдоодо негизги ролду ойноого жетишти. Бул маалда АКШ региондогу жүгүн жеңилдетип, алыскы Түштүк-Чыгыш Азиядагы Кытайга каршы күрөшкө көбүрөөк көңүл бурууну чечкен. Дал ушул шарттарда Обама жетектеген Демократтар администрациясы Иран менен өзөктүк келишимге жетишип, ал келишим эки өлкө ортосундагы бир катар талаштуу маселелерди камтыган чоң келишимдин бир бөлүгү болду. Бул келишимдин жыйынтыгы катары Обама Ливандагы бийликти Иранга тарапташ партияга өткөрүп берүү чечимине макул болду. Америка ошол маалда парламенттеги эң ири фракциянын лидери, Ливандагы суннийлердин башкы өкүлү болуп саналган Саад Харириге Иран партиясынын союздашы Мишел Аунду президент кылууга макул болуу көрсөтмөсүн берди. Бул орун дээрлик эки жарым жыл бош турган. Натыйжада, Мишел Аун 2016-жылы президент болуп шайланды. Мунун өзү эле жетишсиз болуп, Харири партияга дагы бир ири жеңилдик берип, шайлоо мыйзамын өзгөртүүгө макул болду. Натыйжада 2018-жылдагы парламенттик шайлоодо Иранга тарапташ партия менен анын союздаштары абсолюттук көпчүлүккө ээ болду. Ал эми суннийлердин атынан чыккан «Аль-Мустакбаль» кыймылы чоң жоготууга учурады. Ошондо кээ бир ирандык жетекчилер: «Иран империясы Жер Ортолук деңиздин жээгине жетти» деп жарыя кылышкан.

Чындыгында, бул шайлоодон кийин партиянын бийликке болгон ишеними жана үстөмдүгү туу чокусуна жетти. Анткени ал Ливандын саясий күчтөрүнүн ичинен эң ири куралдуу күчкө ээ болуп, бул аскердик артыкчылыкты дайыма өз кызыкчылыгын жана таасирин сактоо үчүн пайдаланып келди. Бирок анын расмий бийликке болгон үстөмдүгү толугу менен ушул альянстын сакталып турушуна көз каранды болчу. Ал бийлик үч түркүктөн турган: алардын бири Хизбуллахтын өзү, экинчиси Мишел Аун жетектеген агым, үчүнчүсү Саад Харири жетектеген агым. Эгерде бул үч түркүктүн бири кыйраса, альянс урап, партиянын бийликтеги үстөмдүгү да жок болот же болбосо

кыйла алсырайт. Дал ушундай нерсе кийин, тактап айтканда 2019-жылы иш жүзүндө болуп өттү.

Обама администрациясы менен Иран ортосундагы макулдашуулардан кийин көп убакыт өтпөй, 2017-жылдын башында Дональд Трамп бийликке келип, мурунку президент жетишкен келишимдерге каршы чыкты. Ал дароо эле Иран менен түзүлгөн өзөктүк келишимден жана анын көптөгөн шарттарынан бир тараптуу чыгып кетти. Андан тышкары, Иранга карата экономикалык санкцияларды кайрадан күчөтүп, 2020-жылы Ирандын аймактагы аскерий таасиринин башкы символу болгон Касем Сулейманини өлтүрүү менен Иранды катуу басынтты.

Ал эми Ливан боюнча ал макулдашууларды четке кагуунун белгилерин мурда эле көрсөтө баштаган. Трамп Тегерандын Ливандагы таасирин тез арада жок кылууну каалап, Сауд Арабиянын мураскор ханзаадасы Мухаммад бин Салманга тапшырма берип, Ливандын премьер-министри Саад Харирини кармап, аны Эр-Рияддан видео кайрылуу аркылуу кызматтан кетүү тууралуу билдирүү жасоого мажбурлаган. Бул кадам Ливанда Ирандын таасирин сындырып салууну көздөгөн шашылыш аракет болгон. Бул аракет АКШнын ички мамлекеттик институттары менен да, “терең мамлекет” деп аталган структуралар менен да, ошол учурдагы мамлекеттик катчысы менен да координацияланган эмес. Натыйжада, эл аралык басым (айрыкча Франция башында турган күчтөр тарабынан) күчөп, Саад Харири бошотулуп, кызматтан кетүү тууралуу билдирүүсүн четке кагып, өз ордунда дагы эки жыл калган. Бирок кийинчерээк ал Трамптын администрациясынын көрсөтмөсү менен кызматтан кеткен.

2019-жылы Ливанда каржылык кризистин алгачкы белгилери байкала баштаганда Франция адаттагыдай эле Ливанды каржылык жактан колдоо боюнча эл аралык конференция өткөрүүнү демилгеледи. Бул конференция “Седр конференциясы” деп аталып, анын жыйынтыгында Ливандын экономикасына 12 миллиард долларга жакын каражат бөлүү убада кылынган. Бул каражат өлкөнүн кыйроосун токтотууга багытталган болчу. Бирок Америка Кошмо Штаттары донор мамлекеттерге басым жасап, убада кылынган каражаттарды токтото турууну тапшырды. АКШнын жүйөсү боюнча, Ливан коррупцияга каршы олуттуу кадамдарга бармайынча бул акчалар уурдалып кетет делген. Бул каражаттардын кармалышы, албетте Ливандын финансылык кыйроосуна алып келди. Бул болсо АКШнын Ливандагы Иранга тарапташ партиянын бийлигин чектөө максатындагы саясатынын бир бөлүгү болчу. Каржылык кыйроонун башталышы Ливандын бардык ири шаарларында массалык нааразылык

толкундарына алып келди. Анын натыйжасында эл аралык трассалар тосулуп, элдик революция сыяктуу көрүнүштөр башталды. Мына ушул жагдай Саад Харири өкмөтүнүн отставкага кетишине шылтоо болуп калды, ал бул кадамын “элдин талабын угуп жатам” деп түшүндүрдү. Бул күтүлбөгөн отставка “шиа дуэти” — Хасан Насрулла менен Набих Беррини, ошондой эле алардын союздашы Мишел Аунду катуу ачуулантып, жаман абалга алып келди. Алардын Харирини кайра кайтаруу аракеттеринин баары ийгиликсиз болуп, натыйжада партия бийликти кармап турган альянс ыдырады.

Саад Харирининин өкмөтүнүн отставкасы Ливандын каржылык кризисин дагы да күчөтүп, өлкө валютасы болгон ливан фунту (лира) өз наркынын 95%ын жоготту. Өлкө саясий, экономикалык жана коопсуздук боюнча башаламандыкка кабылып, нааразылык митингдери күчөп, кээ бир учурларда зордук-зомбулук менен коштолуп, курмандыктар болду. АКШга байланышы бар топтор дароо технократтардан куралган, кайсы бир саясий агымга тиешеси жок «бейтарап өкмөттү» түзүү демилгесин көтөрө башташты. Ал эми 2022-жылдын ноябрында президент Мишел Аундун мөөнөтү бүткөндө жана парламент жаңы президентти шайлай албай жатканда (себеби Саад Харирининин «Мустакбал» партиясы жана Аун агымы альянстан чыгып кеткен) АКШ оппозициядагы депутаттарга бейтарап президентти шайлоого сунуш кылууну тапшырды. Бул учурда эң маанилүү жана олуттуу талапкер Ливан армиясынын башкы командачысы болгон жана азыр деле ошол бойдон калууда. Бирок Иранга тарапташ партия Сулейман Франжие аттуу талапкеринен баш тартпай, ошол эле талапкерди кармануууда. Таң калычтуусу, партия 2023-жылдын сентябрында өзүнө оор сокку алганга чейин ошол позицияны бекем сактап келген.

Азыркыга чейин эки жылдан ашык убакыт өттү, бирок Ливандын президенти жок. Өлкөнү болжол менен эки жарым жылдан бери убактылуу иштерди жүргүзгөн өкмөт башкарып келет. Ушул сыяктуу шарттар Ливан мамлекетин таптакыр эскирип кеткен, колдонулбай калган бир чүпүрөккө айлантты. Ошого карабастан, Иранга тарапташ партия өз бийлигинен баш тартууга даяр экени тууралуу эч кандай жумшак мамиле көргөзгөн жок. Алар АКШ менен Иран ортосунда жаңы келишим болоруна, ал келишим партияга Ливанда үстөмдүк кылуу мүмкүнчүлүгүн сактап каларына үмүттөнүп келген. Бирок абал андан да оорлошуп, мурунку жылы 7-октябрда Газадагы “Ал-Акса ташкыны” аттуу операция башталганда бул партия өзүн “колдоо үчүн согуш жарыяладык” деп билдирүүгө аргасыз болду. Бирок бул согуш Газа элине сионисттердин кылмыштарына каршы эч кандай чыныгы

пайда алып келген жок. Бул кадамдын чыныгы максаты Тегеран менен анын Ливандагы партиясы «каршылык огу» деп аталган блоктун лидерлигин сактап калуу үчүн болчу.

Иран жана анын партиясы өздөрүн ишенимдүү сезишкен. Алардын ою боюнча, яхудий түзүмү Газадагы согушка кошумча бул “каршылык огуна” да согуш ачпайт болчу. Анткени бул блок менен «коркутуп-тийишүүдө тең салмак» деген түшүнүк бар болчу. Бирок Иран менен анын партиясынын абалы күн өткөн сайын оорлоп баратты. Себеби яхудий түзүмү Ливанда, Сирияда жана Иранда аскерий жетекчилерин тынымсыз соккуга алып, аларды кырууну улантты. Ал эми бул блок болсо эч кандай жооп кайтара алган жок. Акыры, 2023-жылдын 17-сентябрынан 27- сентябрына чейин он күн ичинде чыныгы чоң сокку болду. Пейжерлер аркылуу партиянын миңдеген мүчөлөрү жардырылып жок кылынды. Андан кийин партиянын башкы катчысы Хасан Насрулла өлтүрүлдү. Бул сыяктуу сокку Ирандын да, анын Ливандагы партиясынын да оюна келген эмес. Алар АКШнын демократтар бийлиги ушундай чечкиндүү жана кыйраткыч чечим кабыл алып, Ливанда партиянын башын түбөлүк талкалайт деп эч күтүшкөн эмес.

Бул сокку көлөмү боюнча да, кыйратуучу таасири боюнча да өтө чоң болду. Андан кийин дароо башталган ири масштабдагы согуш толугу менен шиа айылдарын жер менен жексен кылууну, партиянын бардык лидерлерин соккуга алып жок кылууну максат кылды. Бул нерселер яхудий түзүмү жеке өзү кабыл ала турган чечимден алда канча чоң экенин айгинелейт. Андан кийин АКШнын бул кандуу согушту ачык колдошу дал ушул согуштун артында Америка өзү турганын тастыктап, бир нече жыл мурун Ливандагы бийликти өз колу менен берген партияны толук талкалоо чечимин кабыл алганын көрсөттү.

АКШ эми кайрадан 2019-жылы Харирининин өкмөтү кулатылган учурда жана 2022-жылы президенттик орун бош калган учурда койгон талаптарын көтөрө баштады:

— Президентти шайлоо;

— Премьер-министрди дайындоо (экөөсүн тең АКШ өзү тандайт);

— Ливандын саясатынан толугу менен тышкары технократтардан турган өкмөт түзүү.

Бирок бул жолу талап мурдагыдай эмес, от ичинде, кыйроонун арасында, өлүм жана зомбулук шартында коюлуп жатат. Мындан тышкары, партиянын аскерий кубатын талкалоо жана басып алынган Палестина менен чектеш аймакта яхудий түзүмү үчүн жараткан партиянын коркунучун жок кылуу аракети жүрүп жатат.

Эми эң маанилүү суроо турат:

Эмне үчүн АКШ 2020-жылы Трамп кызматтан кетип, бийликке кайра демократтар кайтып келсе да буга чейин Ливандагы бийликти түз эле өз колу менен берип койгон бул партияны эми жок кылууга киришти? Анын аскерий күчүн талкалоону, саясий түзүмүн кыйратууну, лидерлерин жок кылууну эмнеге чечти?

Бул суроонун жообу бир нече негизги саясий факторлордо жатат. Алар төмөнкү негизги пункттарда камтылат:

1- Ирандын аймактагы үстөмдүгү өтө кеңейип, региондук империяга айлануу даражасына чейин жетти. Анын таасири Ирак, Сирия, Ливан, Газа жана Йеменде кеңири жайылып, натыйжада Ирандагы «революциячыл» аттуу күчтөр өздөрүн өтө күчтүү сезип, аймактагы көптөгөн америкалык чечимдерге каршы чыгууга даяр боло башташты. Булардын башында 2020-жылы өлтүрүлгөн Касем Сулеймани турчу. Ошондуктан Америка Ирандын таасирин кайра чектеп, өзүнүн аныктаган “нормалдуу” деңгээлине түшүрүшү керек болчу.

Кимдир бирөө мындай деп сурашы мүмкүн: “Иранды аймакта ушундай кең таасирге жеткирген АКШ өзү эмеспи?”. Ооба, туура, бул таасирге Иран дал ошол АКШнын колдоосу менен жеткен. Бирок бул эч качан стратегиялык пландын алкагында Иранга региондук империя куруп берүү максатында жасалган эмес. Империялык мамлекеттер (мисалы, АКШ) эч качан ага тең атаандаш болгон, анын таасир аймагында ага каршы турган жаңы империяларды жаратууну каалабайт. Аларга тете боло турган күчтөр менен эсептешүүнү өздөрү үчүн коркунуч катары көрүшөт.

АКШ Иранга мындай таасирди убактылуу жана мажбур болгон шарттарда гана берген. Америка 2003-жылы Ирактыy басып алгандан кийин ал жакта ийгиликке жетише албай, дүйнөдөгү көптөгөн мамлекеттердин каршылыгына туш болгон. Натыйжада Ирактын ичинде Ирандын таасири күчөдү. 2005-жылы АКШ Ливанды өзүнүн агенттери аркылуу көзөмөлдөй албай калып, Европага ыктаган күчтөргө каршы Ирандын жардамына муктаж болду. 2011–2013-жылдары Сириядагы элдик көтөрүлүштү баса албай, кайра Иранга, андан соң Орусияга кайрылууга аргасыз болду.

Бул жылдар Тегеран үчүн өзүнүн аймактык таасирин кеңейтүүгө жана аскерий күчүн чындоого чоң мүмкүнчүлүк болуп калды. Бирок АКШ үчүн бул убактылуу жана зарыл болгон өткөөл этап болчу. Ал мезгилдин шарттары жоголгондо, дүйнөдөгү биринчи держава катары АКШ Ирандын таасирин кыскартып, аймактагы анын “жайылган канаттарын кыркышы” логикалык зарылдыкка айланды.

2- АКШнын Ирандын таасирин кыскартуу чечими мурдагы региондук тартипке б.а Ирандын таасири кеңейбей турган, Британия империясы Франция менен бирге Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин түзгөн Сайкс-Пико келишимине жана ага окшогон тартиптерге кайтуу үчүн кабыл алынган эмес. Тескерисинче, бул чечимдин чыныгы максаты 2003-жылы АКШ Иракты басып алгандан кийин “жаңы консерваторлор” баштаган долбоорду улантуу болчу. Бул долбоордун негизинде Ирак федералдык түзүмдө, мазхабдык же улуттук негизде бөлүнгөн «кантондорго» ажыратылышы керек болчу. Андан тышкары, алар ушул эле сценарийди башка регионалдык өлкөлөргө жайылтууну пландап жатышкан. Бирок ал учурда бул долбоор ишке ашпай калды, себеби дүйнөнүн дээрлик бардык күчтөрү бул долбоорго каршы чыгып, АКШ Ирактын “сазына” батып калды. 2005-жылы Ливанда да алар үстөмдүгүн жоготуп, андан кийин 2010-жылдын аягында араб өлкөлөрүндө башталган элдик революциялар, айрыкча 2011-жылдын мартында Сирияга жеткен көтөрүлүш алардын көңүл борборуна айланды. Бирок Сирияда абал аймактык жана эл аралык күчтөрдүн ортосунда бөлүнүүгө, миллиондогон мусулмандардын мекенинен сүрүлүп чыгып кетишине алып келгени АКШны өзүнүн мурунку бөлүп-жаруу долбооруна кайтып келүүгө шыктандырып койду. Эми АКШ үчүн Ирак жана Шам аймактары Сайкс-Пико сыяктуу мурдагы тартиптердин урандыларынын ордуна америкалык үлгүдөгү жаңы тартип түзүүгө даяр болуп калды.

Бул жаңы тартип этникалык, улуттук, диний жана мазхабдык негизде бөлүнгөн мамлекеттер аркылуу ишке ашмакчы. Бул бөлүнүү «федерализм» же «административдик децентрализация» сыяктуу ураандар менен жүргүзүлмөкчү. АКШ жана анын союздаштары бул максатты ишке ашыруудан мурун бул аймактагы араб сунний көпчүлүгүн башка азчылыктар сыяктуу эле бир “азчылыкка” айлантып салууга жетишти.

АКШ акыркы эки жылдан бери Ливан менен сионисттик түзүмдүн ортосундагы деңиз чек арасын тактоо боюнча активдүү аракеттерди көрө баштады. Бул аракеттин максаты Кариш кенинен газдын агымын камсыздоо, ал Ливандын аймактык сууларына абдан жакын жайгашкан. Натыйжада, Ливан бийлиги бул чыккынчы келишимге кол коюп, ал тургай Иранга тарапташ партиянын макулдугу жана аны менен кыйыр сүйлөшүүлөр аркылуу ишке ашты. Кол коюлган соң, газ агып чыга баштады. Бирок бул кен Европанын газ муктаждыгынын аз бөлүгүн гана камсыздай алат. Европа болсо Чыгыш Жер Ортолук деңизинде — анын ичинде Ливанда — жаңы газ казып алуу платформаларын курууну каалайт. Франциянын “Тотал” компаниясы башка өнөктөштөр менен

бирге Ливандын түштүк жээгинде газ казуу иштерин баштаган, бул келишим Иранга тарапташ партия үстөмдүк кылган өкмөт менен түзүлгөн. Бирок бул процессти АКШ токтотуп салды. Ал “Тотал” компаниясына басым көрсөтүп, аны артка кайтарууга мажбур кылды. Компания болсо “газ табылган жок” деген шылтоону айтты.

АКШ Иран партиясы үстөмдүк кылган Ливандын мындай байлыкка ээ болушун каалабайт. Тескерисинче, ал Ливанды дагы да алсыратууну, ага карата басымды күчөтүүнү көздөйт. Бул аркылуу АКШ Ливандын бийлигин толук өз көзөмөлүнө алууну, анын башкаруу түзүмүн өзгөртүүнү жана ага берилген бийлик аркылуу газ казып алуу иштерин көзөмөлдөөнү каалайт. Келишим түзүү, компанияларга лицензия берүү жана үлүш бөлүштүрүү иштерин өз колуна алат. Мунун баарынын негизги максаты Европага газ жеткирүүнү көзөмөлдөө. Муну буга чейин ондогон жылдар бою Россия гана ишке ашырып келген. Эми бул артыкчылык АКШнын колуна өтүшү керек.

Аймакта болуп жаткан окуялардын чыныгы жүзү мына ушундай. Газа, Батыш Жээк жана Ливанда дээрлик бир жылдан бери уланып жаткан согуштар, жыйырма биринчи кылымдын башында башталган, шайтан планы болгон бир ири долбоордун уландысы гана. Азыр Америка жана анын эки канаты: Республикачылар менен Демократтар бул планды толук ишке ашыруунун жана Иракты басып алган учурдан бери айтылып келген “Жаңы Жакынкы Чыгышты кандуу сызыктар менен кайра чийүүнүн” убактысы келди деп эсептеп жатышат.

Бул кылмыштуу согуштар жана шайтандын планындай кара санатайлык менен түзүлгөн саясий долбоорлор, Америка тарабынан анын эл аралык, аймактык жана жергиликтүү союздаштары менен кошоматтык жана кызматташтык негизинде биздин жерлерде ишке ашырылып жатат. Эгерде Үммөт буларга каршы аң-сезимдүү көтөрүлүш жасабаса, бул пландар кан төгүүнү улантат, шаарларыбызды талкалайт, миллиондогон адамдарды тентитип, аялдарыбыздын ар-намысын тебелейт, байлыгыбызды талап-тоноону улантат.

Бул куфр менен куугунтуктун кысымынын негизги куралы — биздин жерлерде орнотулуп калган залим жана саткын режимдер. Алар өлкөлөрүбүздү ондогон жылдар бою чоң түрмөлөргө айлантышты.

Үммөт бул режимдерди кыйратып, алардын урандылары үстүнө бизге жана биздин Исламыбызга таандык болгон мамлекетти тикелеши керек. Бул мамлекет Шарияттын үстөмдүгүн орнотуп, Шарият жүктөгөн бийликти ишке ашырып, Халифаны шайлап, ага байъат берген бир система болот. Ошондо гана биздин ким экенибиз, биздин көз карандысыздыгыбыз, биздин чечимибиз жана биз баш калкалай турган чыныгы коргонубуз кайра кайтып келет.

Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

«إِنَّمَا الإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَى بِهِ»

**«Чындыгында Имам – бул калкан, анын артында туруп согушулат жана аны менен коргонулат»**. (Бухарий, Муслим). ❑

# ГУМАНИЗМ — ДИНДЕРДИ ЖОК КЫЛУУ ҮЧҮН ШАЙТАНИЙ ЧАКЫРЫК

**Айман Салах**

Америка дүйнөгө капиталисттик колонизатордук саясатын гана жүргүзбөстөн, маданий күн тартибин да жайылтууну каалайт. Ал жин-шайтандын чакырыгындай болгон үгүттөрдү жүргүзүп келет, булардын жыйындысы жаңы динди түзүү. Бул иштерде анын негизги куралы БУУ, ага караштуу эл аралык уюмдар жана мекемелер болуп саналат. Ал саясий, экономикалык жана социалдык жашоого байланыштуу эл аралык келишимдерди, жарандык коом уюмдарын жана бейөкмөт уюмдарды (NGO) колдонуп, өзүнүн сакофий түшүнүктөрүн элдердин аң-сезимине терең сиңирүүнү көздөйт.

Буга чейин 438–440-сандарда жарыяланган «БУУ бардык диндерди камтыган жалпы дүйнөлүк динге чакырууда» деген макалада Америка менен БУУнун дүйнөгө таңуулагысы келген бул жаңы диндин негизги багыттары көрсөтүлгөн. Бул дин пантеизм (жаратылыш менен кудайды бириктирүү) ишенимине негизделет, ибадат формасы катары «диндердин биримдиги» деген идеяны алга сүрөйт, ал эми коомдук түзүлүш же үй-бүлөгө байланышкан эрежелердин ордуна бузукулук менен жыныстык башаламандыкты алып келүүнү көздөйт.

Ушул макалада биз “гуманизм” түшүнүгүнө токтолобуз, анткени Америка менен БУУ бул түшүнүктү адамдар ортосундагы байланыштын негизги принциптеринин бири катары алып чыккысы келет. Алар адамдар ортосундагы мамилени, коомдогу жеке адамдардын бири-бири менен жана мамлекет менен болгон карым-катнашын ушул идея аркылуу жөнгө салууну каалашат. Ошондой эле, бул идея ар кайсы өлкөлөрдө элдердин бири-бирине болгон көз карашын жана позициясын аныктаган негиз катары сунушталууда.

Алгач «гуманизм» (الإنسانوية) термини менен «адамгерчилик» (الإنسانية) түшүнүгүнүн айырмасын так белгилеп алуу керек. Анткени айрым гуманизмди жактаган теоретиктер кээде бул эки түшүнүктү алмаштырып колдонуп келишет. Адамгерчилик – Исламда өз орду бар, баалуу түшүнүк. Ислам адамгерчилик кылууну буйруган. Ошентсе да, адамгерчилик жакшы менен жаманды аныктаган дин эмес жана идеялар анын негизинде курулбайт. Ал эми гуманизм – бул динге карама-каршы идея. Муну диндин ордуна сунушташууда. Ошондуктан бул терминдерди чаташтырбай, этият болуу абзел.

Гуманизм – байыркы идея. Убакыттын өтүшү менен бул түшүнүктүн маңызы өзгөрүп, кеңейип тургандыктан ага так жана толук аныктаган бирдиктүү түшүнүк берүү кыйын. Ал жөн гана “адамдык сапаттарды”

баса белгилөө менен чектелбестен, дүйнөгө болгон өзүнүн өзгөчө көз карашын сунуштайт. Бул көз караш адамды бүткүл ааламдын борбору катары кароо принцибине негизделет. Бул багытта бардык пикирлер жана тутумдар адамды борбор кылып карап, адамды анын эркиндигин чектеген бардык тоскоолдуктардан, анын ичинде диний жоболордон да арылтууга умтулат. Мындай көз караштар коомчулукта катуу наааразычылыктарды жаратып келет.

Араб гуманисттери болсо бул идеяга тарыхый негиз берүү аракетин кылып, аны Ислам тарыхында да болгон деп көрсөтүшөт. Алардын айтымында, мындай гуманисттик маанай Батыштын агартуу доорунда гана пайда болгон эмес, тескерисинче, бул адамзат тарыхындагы мурас болуп, формалары гана ар түрдүү болгон. Алар муну айрым мусулман халифалары жазган каттарга, келишимдерге жана расмий документтерге таянып далилдөөгө аракет кылышат. Мисалы, Имам Али ибн Абу Талибдин Египетке өкүмдар кылып дайындаган Малик Аштерге жазган катында айтылган: «Адамдар эки түрдүү: алар дин боюнча сенин бир туугандарың же жаратылышы боюнча сага окшоштор» деген сөздү гуманизмдин далили катары көрсөтүшөт.

Ислам тарыхындагы маанилүү инсандардын көптөгөн билдирүүлөрү жана тарыхтан келтирилген мисалдар алардын инсаний баалуулукка болгон терең мамилесин көрсөтүп турат. Бул Ислам инсаний кыйматка жетишүүгө буйруганынан кабар берет. Бирок бул факт мусулмандарда азыркы гуманизм (الإنسانوية) идеологиясы болгон дегенди билдирбейт. Ислам адамгерчиликти баалуулук катары караганы менен, аны адамдар ортосундагы мамилелердин негизги принциби катары бекиткен эмес жана коомдук мыйзам-түзүмдөр ушул принципке негизделсин деп буйруган эмес.

Мусулман халифалары, аалымдары, ойчулдары же философтору эч качан инсаний кыйматты дин катары кабыл алышкан эмес жана ал аркылуу идеяларды курууга негиз кылышкан эмес. Ошондой эле адамгерчиликти адамдардын ортосундагы мамиленин негизги өзөгү катары белгилешкен эмес, бул болсо азыркы заманбап гуманизмдин башкы өзгөчөлүгү.

Гуманизмге байланыштуу теория түзгөн же аны сындаган изилдөөчүлөр көп учурда бул идеянын тарыхый башаты кайдан чыкканын аныктоого аракет кылышат. Бирок бул маселеде менимче, тарыхый келип чыгышын териштирүүдөн көрө, бүгүнкү күндө гуманизм кайсы деңгээлге жетти – ошону түшүнүү маанилүүрөөк. Анткени биз үчүн эң негизгиси гуманисттер бүгүн дүйнөгө, анын ичинде Ислам дүйнөсүнө эмнени үгүттөп жатышканы. Бизге керектүүсү

алар сунуштаган идеялардын маңызы жана ага каршы кантип сактануу керектиги.

Мүмкүн, азыркы гуманизмдин өзөгүн англиялык гуманист изилдөөчү Стивен Ло (Stephen Law) 2011-жылы жазып, 2016-жылы араб тилине которулган (الإنسانوية: مقدمة قصيرة) «Гуманизм: Кыскача киришүү» аттуу китебинде эң так чагылдырып берген. Бул эмгегинде ал гуманизмге мүнөздүү жети негизги өзгөчөлүктү белгилейт. Аларды «гуманизмдин жети пункттан турган кыскача сүрөттөлүшү» деп атаган. Ал төмөндөгү идеялардан турат:

1. Гуманисттер илим менен акылды таанып-билүүнүн негизги куралдары деп эсептешет. Алар үчүн эч бир ишеним же көз караш акыл-эстин сыноосунан тышкары же талкууга жабык болбошу керек. Башкача айтканда, бардык ишенимдер акылга негизделип изилденүүгө тийиш.

2. Гуманисттер негизинен атеисттер же жок дегенде агностиктер болушат. Агностик – Кудайдын барлыгына ишенбеген да, аны толук жокко чыгарбаган да адам. Гуманисттер Кудайдын же кудайлардын бар экенине шек санашат. Ошондой эле периштелерге, шайтандарга жана башка табияттан тышкары жаратылгандарга ишенишпейт.

3. Гуманисттер бул жашоо адам үчүн жападан жалгыз жашоо деп ишенишет, өлгөн соң адамдын руху денеге кайтып келбейт, андай “кайра тирилүү” жок деп эсептешет. Ошондой эле алар бейиш да, тозок да жок деп ишенишет.

4. Алар ахлакый кыйматтын бар экенине жана анын маанилүүлүгүнө катуу ишенишет. Алардын ою боюнча, адам баласынын адеп-ахлагы адамдын чыныгы табиятына жана бул дүйнөдө гүлдөп-өнүгүшүнө эмне жардам берерин изилдөө аркылуу гана аныкталышы керек. Акырет жашоосу моралдык негиз болбойт. Алар “ахлакый кыймат Кудайсыз жашай албайт” деген пикирди четке кагышат. Гуманисттердин айтымында, адамдар жакшы болуш үчүн Кудайга же динге муктаж эмес.

5. Гуманисттер жеке адамдын ахлакый көз карандысыздыгын баса белгилешет. Алар ахлакый өкүмдөрдү чыгаруу адамдын же адам акылынын жоопкерчилиги деп эсептешет. Эч кандай тышкы авторитет – саясий лидер болобу же диний ишеним болобу – бул өкүмдөрдү аныктап берүүгө тийиш эмес.

6. Гуманисттер адамдын жашоосу Кудай берген маани-маңызсыз деле мааниге ээ боло алат деп ишенишет. Башкача айтканда, жашоонун маңызы адамдардын өздөрү тарабынан табылышы мүмкүн, бул үчүн асмандан түшкөн руханий багыт зарыл эмес.

7. Гуманисттер секулярдуу түзүлүштү жакташат. Алар ачык демократиялык системаны каалашат, анда мамлекет динге карата нейтралдуу позицияда болуп, адамдарга диний же атеисттик идеяларды кабыл алуу, кармануу же четке кагуу, сындап-талдоо эркиндигин толук камсыздашы керек деп эсептешет. Алар адамдарды кандайдыр бир динге мажбурлап киргизүүгө каршы болгондой эле, кээ бир тоталитардык режимдердегидей атеизмге мажбурлоого да каршы болушат.

Стивен Ло белгилегендей, гуманизм менен көбүнчө байланышкан, бирок бардык гуманисттер сөзсүз кабыл ала бербеген, айрымдары сындашы мүмкүн болгон кошумча көз караштар да бар. Алар төмөнкүлөр:

- Адамдар гана маанилүү деген көз караш. Кээ бир гуманисттер башка тирүү жандыктардын да маанисин белгилеп, алардын жыргалчылыгы үчүн да аракет кылууну каалашат.
- Утилитаризмге берилүү. Бул көз карашка ылайык, ахлакый жактан эң маанилүү нерсе – бакытты көбөйтүп, азапты азайтуу.
- «Табигыйчылык» философиясы. Бул көз карашта табият, материалдык дүйнө гана бар, андан башка руханий же метафизикалык чындык жок.
- Илимди (scientism) кабыл алуу. Бул бардык маанилүү суроолорго, анын ичинде ахлакый суроолорго да, илим жооп бере алат деген ишеним.

Стивен Ло өз китебинде гуманизм менен диндин карама-каршылыгын баса белгилеп, гуманисттер секулярдык максаттарын ишке ашыруу үчүн диний адамдар жана уюмдар менен кызматташууга умтуларын көрсөтөт.

Ал мындай дейт: «Акырында мен гуманизм менен диндин ортосундагы терең каршы туруу тууралуу айткым келет. Көптөгөн гуманисттер үчүн дин жөн гана жалган эмес, ал жада калса кооптуу көрүнүш. Айрымдары үчүн ал чоң жамандык катары кабыл алынат. Бирок бул баарына тиешелүү эмес, көптөгөн динчил адамдар гуманизмдин негизги көз караштарын колдошот. Ошондой эле секулярдык көз караашта да болушат жана Кудайсыз деле ахлакый тутум болушу мүмкүн, жашоонун маңызын табууга болот деп ишенишет. Ошондой эле бул адамдар гуманисттер менен максаттары боюнча көп нерседе орток пикирге келишет. Ошондуктан көптөгөн гуманисттер диний адамдар жана уюмдар менен биргеликте иштешүүгө кубанычта болушат. Ал эми өз кезегинде, айрым динчилдер да гуманисттер менен кызматташууга даяр».

Бул Батыштагы гуманисттер арасында кеңири таралган идеялар жана дал ушул идеялар Ислам дүйнөсүнө да жайылтылууга аракет көрүлүп жатат. Бул идеялар Исламга каршы багытталган ар кандай чакырыктардын бир бөлүгү болуп саналат. Алардын таратылышы үчүн атайын үгүтчүлөр жана дааватчылар бар. Көпчүлүк учурда алар өз дааваттарын «гуманисттик багыт», же «адамзат агымы» деген ат менен ачык эле жүргүзүшөт. Айрымдары болсо өздөрү гуманизмди карманарын ачык айтпашы мүмкүн, бирок аң-сезимдүү же аңдабастан, өз сөздөрү жана аракеттери менен Исламга каршы багытталган башка үгүттөрдүн, мисалы, «динди жаңылоо», «шарият тексттерин заманбап ыкмада түшүндүрүү» деген сыяктуу агымдардын бир бөлүгү катары гуманизмге кызмат кылышат.

Гуманизмге үгүттөгөндөрдүн арасында өздөрүн мусулман деп эсептегендер да бар. Алар азыркы заман гуманизм түшүнүгүндө калыптанган ой-пикирлерди жана сөз айкаштарын кайталап айтып келишет. Бирок, ошол эле учурда өздөрүн Исламга каршы эмес, анын өкүмдөрүн четке какпаган адамдар катары көрсөтүүгө аракет кылышат. Кээ бирлери Аллахка ишенишет, бирок акыйда маселелеринде ыйман, далил же анык четке кагуу негизинде талкуулашпайт. Алар Исламий акыйда робытасынан баш тартууну, анын ордуна таза гуманизмге негизделген робытаны түзүүнү сунушташат. «Адамдар ортосундагы эң туура робыта – акыйда байланышы» деген көз караштарды кармангандарды сындап, бул байланыш жүрөктө эле сакталса жетиштүү дешет. Алар адамдар ортосундагы мамилелерде Аллах Таала түшүргөн дин эске алынбашы керек дейт. Гуманизм алардын көз карашында согуштарды токтотуучу дин. Ошол “жаңы дин” аркылуу элдердин ортосунда тынчтык орнойт, диний кагылышуулар менен согуштар алып келген жаралар айыгат жана элдер материалдык прогрешке жетет деп үмүт кылышат.

Заманбап гуманизмди теориялаштыргандардын көрүнүктүүлөрү – алжирлик Мухаммад Аркун. Ал өз ойлорун француз тилинде жазган жана анын ой-пикирлери Батыштын ой жүгүртүү тутумунун бир бөлүгү болуп саналат. Ошондой эле мисирлик Абдуррахман Бадоуи, ал «Исламдагы атеизм тарыхы» аттуу китептин автору. Мындан тышкары, Расул Мухаммад Расул жана Мухаммад Хабаш да гуманизмдин дааватчылары катары белгилүү. Мухаммад Хабаш анын аялынын агасы, Сириядагы Баас партиясынын тагут диктатор режиминин муфтийи болуп кырк жыл кызмат кылган Ахмад Кафтааронун шакирти болот. Булардын арасында, гуманизмге эң активдүү чакырган адам Мухаммад Хабаш болушу мүмкүн. Ал Ислам менен карама-каршы келген гуманисттик идеяларга ыраатттуу түрдө үгүттөйт. Анын идеяларын

карап чыкканыбызда, гуманизм канчалык коркунучтуу жана Исламдан канчалык алыстап кеткен идеология экенин анык көрө алабыз.

Өздөрүн Исламга таандык экенин айткан гуманисттер Стивен Ло белгилеген гуманизмдин жети негизги идеяларын жана ага кошумча байланышкан гуманисттик көз караштарды кабыл алышат. Бирок алар Батыштагы гуманизмдин өзөгү болгон атеизм жана агностицизм (кудайдын бар-жогун четке каккан же аныктай албаган көз караштар) менен карама-каршылыкка туш болушат. Ошондуктан, мындай «гуманист-мусулмандар» ишеним, атеизм жана агностицизмди баары бирдей “ыймандык багыттар” катары көрсөтүшөт. Алар ишенүүнү да, ишенбөөнү да логикалык далилсиз, жөн гана эмоционалдык кабыл алуу катары түшүндүрүшөт. Мындай көз карашка ылайык, ишеним акыл менен далилденбеши керек, анткени атеисттер жана агностиктер да өз ишенимине ээ жана алардын бул ишенимдери урматталууга тийиш дешет. Бул «гуманист-мусулмандар» динден гуманизмге шайкеш келген нерселерди гана кабыл алышат, ал эми ага каршы келген нусустарды четке кагышат. Бирок бул кабыл алуу же четке кагуу эч бир илимий эрежелерге негизделбейт.

Мухаммад Хабаш гуманизм тууралуу бир нече китеп жазган заманбап жазуучулардын бири[1]. Ал бул идеяны «адамзаттык мазхаб деп атаган. Анын гуманисттик идеялары араб тилдүү гезиттерде жарыяланган макалаларында, телеканалдардагы жана радиолордогу программаларында, өзүнүн Facebook баракчасында кеңири жайылган. Анын белгилүү китептери:

- المذهب الإنساني في الإسلام «Исламдагы гуманизм мазхабы»,
- إسلام بلا عنف «Зомбулуксуз Ислам»,
- النبي الديمقراطي «Демократиячыл пайгамбар»,
- نبي من أجل الإنسان «Инсан үчүн пайгамбар»,
- المشترك أكثر مما نعتقد «Окшош нерселер биз ойлогондон көп»,
- إسلام بلا حروب «Согушсуз Ислам»,
- العقوبات الجسدية وكرامة الإنسان «Дене жазалары жана адамдын аброю»,
- جيران على كوكب واحد «Бир планетадагы коңшулар» ж.б.

[1] 2010-жылы Хабашка Румыниянын эң байыркы жогорку окуу жайы болгон Крайова университети ардактуу доктор наамын ыйгарган. Бул наам эки жылда бир жолу гана берилип келет. Ага бул даража диндер аралык диалог жаатындагы эмгектери жана өзгөчө «Пайгамбар Мухаммаддын өмүр баяны» аттуу китеби үчүн берилген. Бул китеп университет тарабынан румын тилине которулуп, теология факультетинин студенттери үчүн окуу куралы катары кабыл алынган.

Бул китептерде ал дээрлик бардык жерде Стивен Ло кыскача баяндап берген Батыштагы гуманизмдин негизги идеяларын кайра-кайра кайталап жазат.

Мисалы, Хабаш диндердин окшоштуктары айырмачылыктардан көп деген ойду жактайт. Ал «куткарылган үммөткө» ишенүүнү четке каккан. Б.а. Пайгамбар Мухаммад ﷺ келгенден кийин ага ыйман келтиргендер гана бейишке кирет деген пикирди кабыл албайт. Анын көз карашында, бардык жакшы адамдар — динге карабастан, а түгүл атеисттер да — бейишке кирет.

Ал «Исламдагы гуманизм мазхабы» аттуу китебинде мындай дейт: «Менин ишенимим боюнча, Аллах Таала мусулмандын да, мусулман эмес адамдын да эч кандай жакшы амалын жок кылбайт: эгерде ал жакшылык кылса, Аллах аны эки эсе арттырып, Өз тарабынан чоң сооп берет». Ошондой эле ал мусулмандардын арасында кеңири тараган “жек көрүү маданиятын” катуу сындайт. Анын ою боюнча, мусулман кафирди анын куфру үчүн жек көрүүгө же ага каршы турууга болбойт, адамдын ишеними сүйүү же жек көрүү үчүн негиз боло албайт. Сүйүү-жек көрүү ыйманга эмес, жөн гана адамдын жүрүм-турумуна негизделиши керек.

Хабаш Исламдагы «аль-Вала валь Баро» түшүнүгүн, башкача айтканда, мусулмандарды сүйүп, кафирлерге каршы турууну да катуу сынга алат. Бул түшүнүктү өз баяндамаларында, хутбаларында жана макалаларында колдонгон дааватчыларга да каршы чыгат. Ал «Исламдагы гуманизм мазхабы» деген китебинде мындай дейт: «Адамзаттык үй-бүлө жана Адам атанын уулдарынын ортосундагы бир туугандык — бул идеялар дүйнөдө тынчтык жайылып, согуштар азайышы үчүн колдоого алынышы керек. Бул адамзаттык бир туугандыкты колдоо дегенди билдирет». Ал муну «адамдар – Аллахтын бир үй-бүлөсү» же «адамзат – Аллахтын алдында бир үй-бүлө» деген өңдүү фразалар менен айтат. Анын дүйнө таанымында адамзаттык бир туугандык - акыйда биримдигинен жана “аль-Вала валь Баро” түшүнүгүнөн жогору турат.

Мухаммад Хабаш, Батыштагы гуманисттер сыяктуу эле, адам баласын ааламдагы өзөктүү макамга көтөрүүгө өзгөчө көңүл бурат. Ал пайгамбарлык да адам үчүн берилген деп эсептейт. Өзүнүн эмгектеринде көп кайталап айткан ою – «Адам — бул жер бетиндеги Аллахтын башкы долбоору». Ал «Исламдагы гуманизм мазхабы» аттуу китебинде мындай дейт: «Тарыхта кайсы гана диний же саясий агым болбосун, ал сөзсүз адамды маңыз жана максат катары сүрөттөйт. Ошондуктан гуманизм – бул бардык коомдордо байкалчу идеялык жана социалдык багыт, аны бардык ыйык нусустарда ачык көрүүгө болот.

Бул түшүнүк адамды өзөктүү жана жаратылыштын максаты деп билет. Адамдын бакубатчылыгына жетишүү диндин тууралыгын жана саясий багыттын ырасталышын аныктоочу өлчөм. Демек, адамды максат жана борбор катары кароо — бул күмөнсүз жыйынтык».

Ошондой эле ал мындай деп айтат: «Мен мурда ыйманга чакырчумун… бүгүн болсо адамга чакырам»; «Максат — диндер эмес, адам».

Ал «Бир планетадагы коңшулар» китебинде мындай деп жазат: «Качан асмандагы Кудайга ишенгендер менен жердеги адамга ишенгендердин диалогунун сырын ачабыз?»

Ал көп учурда мындай сөздөрдү колдонуп жүрөт: «Кудайга жана адамга ишенүү», же «биз адамга ишенебиз».

Гуманизмде адам баласы бүткүл жаратылыштын өзөгү эсептелип, ал динден жана шарияттан да маанилүү деген түшүнүк. Анткени гуманизмге ылайык, шарияттын өзү да адамдын бактысына жана жыргалчылыгына ылайыкташтырылышы керек, бул бакыт болсо Батыштын дүйнө таанымына жана жашоо философиясына жараша аныкталат.

Хабаш «Аял шариат менен жашоонун ортосунда» аттуу китебинде Исламдын өкүмдөрүндө аялга карата ачык жана катуу айырмачылык бар деп эсептейт, мисалы, «вилая» укугуна ээ болуу, күбө болуу, махрамсыз сапарга чыгууга тыюу салуу ж.б. Ал бул өкүмдөр аялды эркек кожоюндугунун туткунуна айлантат деп эсептейт. Никелешүү жана талак өкүмдөрүнүн шарияттагы жоболорунда аялдардын укугуна жана теңдигине ачык эле каршы келген чоң кемчиликтер бар деп, бул багытта аялдын укугун жана адамдык кадыр-баркын калыбына келтирүү үчүн кайраттуу иджтихад керек деп эсептейт.

Ал аялга жоолук салууну мажбурлоону да сындайт. Хижаб жөнүндө сөз кылганда, жилбаб менен никабды айырмалабайт. Ал: «Фукахалар бир добуштан хижаб Исламдагы улуу адеп-ахлак экенине макул болушкан», - деп, андан соң мындай суроо коёт: «Хижабга буйрук – бул парзбы же мустахаббы?». Анан мындай жооп берет: «Биз анын мустахаб экенин тандайбыз!».

Андан соң ал мындай жыйынтык чыгарат: «Жыйынтыктап айтканда, хижаб маселесин аялдын өзүнө калтыруубуз керек, бул — анын чечими, эркиндиги жана жоопкерчилиги. Биз ага шарияттагы чындыктарды түшүндүрүп беришибиз керек, анткени дин жеңилдик, кыйынчылык эмес, ал ырайым, азап эмес. Менин билдирүүм — жоолукчанга да, жоолуксузга да урматтоо менен мамиле кылуу, уяттуулукка, абийирдүүлүккө жана ачык кийинбөөгө урматтоо менен чакыруу, дин маселесинде элге кеңдик берүү зарыл».

Гуманизм Ислам тарабынан белгиленген жазаларды, айрыкча хад жазаларын четке каккан. Анткени алар – гуманизмдин түшүнүгүнө ылайык – катуу, адамкерчиликсиз, эркин акылдын тандоосуна жана адам табиятындагы жаралышка каршы келет, ошондой эле диндин жогорку баалуулуктарына жана адам укуктарына каршы келет. Хабаш «Исламдагы гуманизм мазхабы» аттуу китебинде мындай дейт: «Исламдагы гуманизм мазхабын сунуштоодо эң көйгөйлүү маселелердин бири — бул инсанга зулумдук көрсөткөн, катаал хад жазалары. Алардын ичинде өлтүрүү, дарга асуу, ташбараңга алуу, кол-кесүү сыяктуу жазалар бар. Бул өтө катаал жана кескин жаза түрлөрү, аларды адамгерчиликтүү контекстте түшүндүрүү мүмкүн эмес. Анткени бул жазалар кылмышкерди оңдоого эмес, толугу менен же жарым-жартылай жок кылууга багытталган. Бул адатта, “бирөөнү жок кылуу менен коом оңдолот” деген жүйө менен акталат. Ошентип, тышкы көрүнүштө бул кыйноо жана зулумдуктай көрүнсө да, акыры адамгерчиликке алып келет деген түшүндүрмө берилет».

Исламдагы жаза системасынан хад жазаларын алып салуу шариаттын катъий өкүмдөрүнө каршы келет. Ошондуктан Хабаш бул чакырыгын негиздөө үчүн, мурунку кээ бир аалымдарга таянып, хад жазаларын жокко чыгаруу мурунку мусулман жетекчилеринин иши болгон деп жүйө келтирет, алардын арасында Умар ибн аль-Хаттаб (разияллаху анху) жана Умар ибн Абдул Азизди (рахимахуллах) жана тарыхтагы эң чоң имамдарды атап өтөт. Ал мындай дейт: «Көпчүлүк адамдар жальд (терини камчылоо), ражм (ташбараң кылуу), кол-кесүү, дарга асуу сыяктуу хад жазаларын реформалоону секулярдык, Батыштын таасириндеги агымдардын чакырыгы деп ойлошот… Дин кызматкерлери бул талаптарды Аллах түшүргөн өкүмдөргө каршы чыгуу катары эсептешет… Мен жаңы жазган “Өч алуу эмес адилет” аттуу китебимде, тарыхтагы сегиз ири имамдын он беш так позициясын келтирдим. Алар ачык жана айкын түрдө физикалык жазаларды токтотуп, оңдоочу жазаларга өтүүнү талап кылышкан».

Гуманисттер секулярдык демократияны жакташат. Хабаш өзүн секулярчы жана демократиянын жактоочусу катары сыймыктануу менен көрсөтөт. Ал Пайгамбарды ﷺ демократ деп сүрөттөйт жана Исламды четке каккан же сындаган пикирлерди билдирүү эркиндигине чакырат. Алар үчүн демократия — адамдын табигый ахлакый касиеттеринен келип чыккан түшүнүк. Алардын оюнда, адам табиятында таухид бар болгондуктан, демократия «чын диндин» бир бөлүгү болуп калат. Хабаш устаты Жудат Саидден мындай сөздү келтирет: «Демократия — бул таза таухиддин бир формасы жана чыныгы диндин көрүнүшү». Гуманисттер диний ишенимди

сындагандар сын айтуу формасынан этият болушу, сын жеке мазактоого же шылдыңдоого айланбашы керек деп эсептешет.

Гуманизм жеке ахлакты таза акыл-эс маселеси катары карайт жана ага шариат далили талап кылынбайт деп эсептейт. Илим же адам акылы бул баалуулуктарды ар түрдүү сакафаттар жана адамдардын айырмачылыктарына карабастан, адамзаттын тажрыйбасына таянып өз алдынча таанып-биле алат. Гуманисттер адамдар ахлакый тажрыйбада ар түрдүү деңгээлде болорун моюнга алышат: кээ бирөөлөр туура менен туура эмести баалоодо башкаларга караганда ишенимдүү жана акылман болушу мүмкүн, айрым адамдарда маанилүү ахлакый даанышмандык болушу мүмкүн же кээ бир нусустарда ошондой даанышмандык камтылышы мүмкүн.

Хабаш «Ахлак теологиясы… жаңы көз караш» аттуу макаласында ахлак тууралуу кеп кылып, философтордун ар түркүн доорлордо жана аймактарда топтогон тажрыйбасын гана келтирет, бирок эч кандай шариат нусустарына таянбайт. Андан соң өзүнө Исламды жана Куранды ахлак маселесинде сынга алуу укугун берет, анткени Исламда ахлак – бул Аллахтын буйруктары жана тыюулары, аларга баш ийүүгө жараша акыретте сооп же азап берилет. Хабаш бул түшүнүктү ахлактын төмөндөшү катары баалайт жана аны материалдык алмашуу формасына айланды деп эсептейт. Анын түшүнүгүндө, сооп – бул физикалык, табигый каалоолорго байланышкан ырахаттар: жыныстык кумар, жыргал, ичкилик жана мас болуу. Ал эми азап – бул акылга сыйбаган ырайымсыздык. Ал макаласында мындай дейт: «Биз чынында эле Ахлак философиясына кайра кайтуу керек, аны Жарык доорунун философтору сунуштагандай түшүнүү зарыл. Андан соң биз өзүбүздү кандай ыплас абалга түшүргөнүбүзгө көңүл бурушубуз керек. Күн келип, ахлактын баары шартталган материалдык соодага айланды, сооп же азап аркылуу кайтарым күтүлгөн нерсе болуп калды. Сооп болсо табигый каалоолорго: жыныстык ырахат, ыраазылык, ичкилик жана мас болуу сыяктуу нерселерге айланды. Ал эми азап темасы бул адам терисинин сыйрылып, андан соң азап периштелери аны кайрадан жаңы териге айландырып, чексиз азап берчү кайгылуу дүйнөгө кетип калды».

Гуманизм жихадды четке каккан, анткени гуманизм бул зомбулуксуз дин, ал эми жихад – айрыкча жихадут-талап – зомбулуктун бир түрү деп эсептелет. Мындан тышкары, жихад менен кошо жүрчү жизья сыяктуу «адамкерчиликсиз» түшүнүктөр бар жана ал Исламдын адилеттүүлүк, ырайым жана жакшылык сыяктуу жогорку баалуулуктарына кескин каршы келет. Алардын айтымында, бүгүнкү дүйнөдө жихадут-талаптын кереги жок, анткени бүткүл дүйнөдө дин тутуу эркиндиги бар, мусулмандар Исламдын дааватын акыл-насаат

жана заманбап технологиялар аркылуу жеткирсе болот. Ошондуктан жихадут-талап бүгүнкү шартка туура келбейт деп эсептешет.

Хабаш «Зомбулуксуз Ислам» аттуу китебинин кириш сөзүндө мындай дейт: «Зомбулуксуздук – бул ар жерде пайгамбарлар жана аруу адамдар колдоп келген сыйкырдуу сөз, бирок бул түшүнүк Чыгышта куугунтукталат: ал бул жерде хад жазаларына жана жихадга каршы чыккан идея катары кабыл алынат. Ислам болсо “тишке тиш, көзгө көз”, “өлтүрүү – өлтүрүүнү жоготот”, «Силер үчүн кысаста (өч алууда) жашоо бар», “мушриктер менен согушкула”, “кафирлер менен беттешкенде мойнун кылычтап кескиле”, “алар менен согушкула же алар Исламды кабыл алышсын” деген логиканы карманат». Бул сөздөрдөн кийин ал жыйынтык чыгарат: жихадут-талап – эч кандай негизделбеген зомбулук.

Урматтуу окурман, Хабаш бул жерде шариат өкүмдөрүн, Куран аяттарын жана хадистерди кыйыр мазактап жатканын байкоого болот.

Ошондой эле белгилей кетүүчү нерсе, гуманизм дарвинизмге карама-каршы келет, анткени дарвинизмде «жашоо үчүн күрөш» түшүнүгү бар, ал болсо дарвинизмдин ажырагыс бөлүгү. Ага ылайык, адамзат да башка тирүү жандыктар сыяктуу эле, ар кандай расалардан келген топтордун ортосунда күрөш болушу зарыл жана бул күрөштө жакшы сапаттарга ээ болгон топтор үстөмдүк кылууга тийиш. Демек, күрөш жана зомбулук – дарвинизмдин ажырагыс бөлүгү, бул болсо гуманизмдин дин катары сунуштаган түшүнүктөрүнө каршы келет.

Ошентип, жогоруда айтылган сөздөр гуманизм идеясынын негизги багыттары болуп саналат. Аларды карап чыкканда, бул идеялар диндерге, айрыкча Исламга альтернатива болчу жаңы дин катары көрүнүп турат. Бул идея диндерди четке какканын жашырбайт. Демек, бул – куфр идеясы. Анткени ал чыныгы дин менен жокко чыгарылган, бурмаланган диндерди тең коёт, ыйман менен атеизмди бирдей көрөт, вахий аркылуу келген өкүмдөрдүн жашоодогу бирер нерсеге өлчөө болуусун четке кагат. Ал Исламдагы субуту жагынан да, далалаты жагынан да катъий болгон өкүмдөрдү да четке кагат.

Бул идеянын кооптуулугу — анын фрагменттүү идеялары элге сунушталганда, карапайым мусулмандар мунун жалпы гуманизм тутумунун бир бөлүгү экенин байкабай калышат. Ага каршы туруу — ушул бөлөк идеяларды жана Исламдын өзөгүн бузган негизги идеологияны жокко чыгаруу менен гана ишке ашат.

Акырында белгилей кетчү нерсе, гуманизм коомдук турмушка иш жүзүндө колдонулчу система боло албайт. Ал ар түрдүү адашкан жеке учурлар менен гана чектелет. Кээде бул жеке учурларда гуманизмге карама-каршы ойлор да болот. Гуманисттер өздөрүн сүйүүнүн жарчысы

катары көрсөтүшүп, эч кимге карата жек көрүү сезими жок деп ырасташат. Бирок тилдеринен жаңылып кеткен сөздөрү жүрөктөрүндөгү жашыруун сезимдерди ачыкка чыгарат. Анткени карама-каршы болгон нерсени жек көрбөй туруп, чыныгы сүйүү болбойт. Бул алардын гуманизмге каршы чыккан, Аллахтын түшүргөн шариатын карманган мусулмандар жөнүндө сүйлөгөн сөздөрүнөн билинип турат. Бул болсо гуманизм таза шайтандык алдамчылык экенин көрсөтөт. Ал эч качан коомдук турмушка толук сиңе албайт. Бул — сырткы көрүнүшү кооз сөздөр менен кооздолгон, куфрга алып баруучу жол. Буга болгону Аллахтан баш тарткандар гана алданат. Алар өздөрүн туура жолдогу адамдар деп ойлошот.

﴿وَكَذَٰلِكَ جَعَلْنَا لِكُلِّ نَبِيٍّ عَدُوًّا شَيَاطِينَ الإنسِ وَالْجِنِّ يُوحِي بَعْضُهُمْ إِلَىٰ بَعْضٍ زُخْرُفَ الْقَوْلِ غُرُورًا ۚ وَلَوْ شَاءَ رَبُّكَ مَا فَعَلُوهُ فَذَرْهُمْ وَمَا يَفْتَرُونَ﴾

***«Ошондой эле ар бир пайгамбар үчүн адамдардан жана жиндерден болгон шайтандарды душман кылып койдук. Алар (уккандарды) алдоо үчүн кооз сөздөр менен азгырышат. Эгер Роббиң кааласа андай кылышмак эмес. Демек (эй Мухаммад) аларды жасалма сөздөрү, дооматтары менен кошо таштагын!».*** (Анъам: 112). ❑

# САЯСИЙ ТҮШҮНҮКТҮН НЕГИЗДЕРИ ЖАНА САЯСИЙ БАГЫТТЫ АНЫКТОО (1)

**Лукман Харзаллах**

**Киришүү**

Саясат сөзү иштерди башкаруу дегенди билдирет. Ошондуктан ар бир адам саясатчы боло алат. Анткени ар бир адам өзүнүн карамагындагы адамдардын иштерин көзөмөлдөйт. Бирок “саясатчы” деген сөз айтылганда элдин ою бул чындыктан бурулуп кетет. Себеби өзүнүн гана иштерин көзөмөлдөгөн адамдын таасири өзүнөн тышкары чыкпайт, анын ой-жүгүртүүсү да өз керектөөлөрүнөн ары барбайт. Ал эми “саясатчы” деген сөздү укканда эл адатта бүтүндөй Үммөттүн, мамлекеттин же андан да чоң иштерди көзөмөлдөгөн адамдарды элестетет. Андай саясатчылардын таасири Үммөтүнө, мамлекетине же андан да кеңири чөйрөгө жайылат.

Саясатты “мүмкүн болгон нерселердин өнөрү” деп сүрөттөгөндөр болгон. Бул сүрөттөлүш бир жагынан туура, экинчи жагынан жаңылыш. Эгер “мүмкүн” деген сөз “мүмкүн эмес” же “милдеттүү” дегенге карама-каршы мааниде колдонулса, анда бул сүрөттөлүш туура. Анткени саясатчы мүмкүн эмес иштер менен алек болбойт. Эгер бул сүрөттөлүш саясатчы болгон окуялар менен гана эсептешип, мүмкүн болгон нерселерден баштап саясат жүргүзөт деген мааниде айтылса, анда бул жаңылыш. Мындай саясатчылар эгер үммөтүнүн башкаруусуна келип калса, алар өз эли үчүн кооптуу болушат. Анткени алардын саясаттары азыркы вакыйлыктан гана азык алып, ошол вакыйлык менен чектелип калат. Эгер бул вакыйлык душмандары тарабынан таңууланган болсо, анда үммөт ошол душмандын курган капканынан чыга албай калат. Эгер бул вакыйлык өзү тарабынан түзүлгөн болсо да, аны менен алга жыла албайт жана жакшы жагын сактап кала албайт, тескерисинче артка кайтат.

Ал эми өз үммөтүн өнүктүрө алган саясатчылар – бул вакыйлыкты ашып өтө алган, өз үммөтү үчүн жаңы вакыйлыкты элестетип, аны максат кылып, ошол максатка алып баруучу саясаттарды иштеп чыккан адамдар. Аллах ﷻ бизге ушундай саясатчынын үлгүсүн сүрөттөп берген, ал өз үммөтүнүн иштерин көзөмөлдөп, бузулган вакыйлыкта калбай, ага каршы чыккан дааватчы. Аллах ﷻ айтат:

﴿أَوَ مَن كَانَ مَيۡتٗا فَأَحۡيَيۡنَٰهُ وَجَعَلۡنَا لَهُۥ نُورٗا يَمۡشِي بِهِۦ فِي ٱلنَّاسِ كَمَن مَّثَلُهُۥ فِي ٱلظُّلُمَٰتِ لَيۡسَ بِخَارِجٖ مِّنۡهَا﴾

***«Ободу өлүк** (кафир) **болгон, кийин Биз аны** (динге нускоо менен) **тирилтип, адамдар арасында өзү менен бирге алып жүрө турган нурду** (ыйманды) **берип койгон бир адам караңгылыкта калып***

***кеткен жана андан эч качан чыга албаган адамга окшойбу?!».*** (Анъам: 122).

Пайгамбарыбыз ﷺ бул жаатта эң мыкты үлгү болгон. Ал элчи болуп жиберилген кезде, коом ичиндеги адамдар бири-бири менен тынымсыз тирешип, бири-биринин канын төгүп жаткан, бирок перстер менен румдуктардын алдында басынган бир эл болчу. Пайгамбарыбыз ﷺ аларды ошол кордук жана кемсинүү вакыйлыгынан чыгып, дүйнөнүн башына чыга турган улуу макамга жетүүгө чакырган. Бул сөздөр Курайштын башчылары Пайгамбарыбыз ﷺ жөнүндө нааразылык билдирип, Абу Талибге келишкендеги окуя менен далилденет. Ошондо Абу Талиб андан сураганда, Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деп жооп берген:

(يا عمّ، أريدُهم على كلمةٍ واحدةٍ تدينُ لهم العربُ وتؤدّي العجمُ إليهم الجزيةَ)

**«Оо, агам! Мен аларды бир эле сөзгө чакырам, эгер алар аны кабыл алышса, арабдар аларга моюн сунуп, ажамдар аларга жизя төлөшөт».** (Муснад Ахмад, №2008).

Үммөтүнүн, мамлекетинин же андан да чоң масштабдагы иштерди көзөмөлдөөнү каалаган саясатчы сөзсүз саясат жүргүзө билүүгө тийиш. Болбосо ал назарий (теориялык) түшүнүктөн чыга албай, амалий таасир бере албай калат. Ал саясат жүргүзө алышы үчүн окуяларды саясий түрдө түшүнө билиши, эл аралык мамилелерди да саясий түшүнүк менен аңдай билиши шарт. Ошондой эле ал дүйнөгө өзгөчө бир көз караш менен карай билип, саясатын дал ошол көз карашка таянып курушу керек. Саясий аң-сезим — Ислам үммөтүн ойготууга аракет кылгандар үчүн аба адам үчүн кандай керек болсо, дал ошондой зарыл. Ислам үммөтүн ойготууну каалаган адам өзүн баалап жатканда, келечекте эмне натыйжаларга жетем деген жагынан баалашы зарыл. Анткени анын максаты — өз үммөтү үчүн мабданы көтөрүп чыккан, дүйнөлүк ири держава болууга умтулган, ал тургай дүйнөгө жетекчилик кылган мамлекет түзүү. Андай мамлекет дүйнө жүзүндө биринчи орунду ээлеши керек, анан Аллах Таала Пайгамбарына ﷺ жер жүзүнөн кандай бийлик берген болсо, дал ошондой бийликке жетиши керек. Бул максатка жетүү үчүн мусулман бул ишке себеп болгон бардык аракеттерди көрүшү зарыл. Бул себептер мамлекетти курууга алып баруучу шаръий жол менен алек болуу жана өзү менен кошо өзүнүн саясий уюмун да ири державалар менен атаандашууга жөндөмдүү кыла турган деңгээлде даярдоо. Ошондо гана ал дүйнөлүк ири күчтөрдү тарых барагына бүктөп жок кыла алат. Мунун баары бир гана шарт менен мүмкүн болот: эгер коомду ойготуу иштерине киришкен адамдын саясий аң-сезими туура негизде курулган болсо.

Ошондо гана анын жыйынтыгы чыныгы ийгилик болот. Болбосо анын аракеттери куру кыялга, элеске айланып, өз үйүнүн бурчунан чыгалбай туруп, дүйнөгө жетекчилик кылууну кыялдануу менен эле чектелет.

Адамдын ойготуу ишинен дүйнөнү Ислам менен башкарууга жана ага жетекчилик кылууга өтүшү ага тиешелүү саясаттарды туура белгилөөнү талап кылат. Бул болсо, өз кезегинде саясий түшүнүктү туура калыптандыруудан, максаттарды туура тандап аныктоодон, ал максаттарга жеткирүүчү аракетти туура тандоодон жана ошол аракет менен максаттардын ортосунда себеп-натыйжа байланышын так түзүүдөн гана келип чыгат.

Ошондуктан бул тармакта иш алып барууга жөндөмдүү экенин сезген ар бир адам үчүн жол ачып бере турган маанилүү негиздерди аныктоо зарыл болууда. Бирок саясий түшүнүктү калыптандырууга тиешелүү негиздерди эле билип алуу жетиштүү эмес, бул жаатта чыныгы ийгиликке жетүү үчүн улантуу, машыгуу жана тажрыйба топтоо да абдан маанилүү. Ошондо гана бул жөндөм калыптанат. Анткени билим алуу заматта келе калчу нерсе эмес, ал туруктуу аракет, сабыр, бекем чечим жана күчтүү эрк менен келет. Адам муктаж болуп туруп үйрөнсө, ал билим көңүлгө бекем орнойт, жүрөккө сиңет жана аны үйрөнгөн адамды билимдүү ишмерге айлантат. Ал эми максатсыз же муктаждыгы жок үйрөнүү — бул жибин ийрип, кайра үзгөн адамдай же эгин эккен соң аны колдонбостон чиритип жок кылган адамга окшош.

Бул макалалар саясий түшүнүк жана саясий анализ жүргүзүүнүн вакыйлыгына, саясий аң-сезимдин жана саясат жүргүзүүнүн абалына жана булардын бардыгына керек болгон саясий маалыматтарга жарык чачат. Бирок бул макалаларды окуган адам дароо саясатчы болуп кетпейт. Ал саясатчы болуу үчүн бул макалалардан өзүнө пайдалуу нерсени алып, тынымсыз улантуу, терең түшүнүү, саясий аң-сезимди өнүктүрүү жана коомго таасир берүү менен алектениши зарыл.

Бул эмгекти мен бүткүл Ислам үммөтүнүн колуна тапшырам. Бул үммөт адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы үммөт. Айрыкча, ойгонууга чын ниеттен умтулуп жаткан даъват көтөрүүчүлөргө багыттайм. Алардын ичинен өзгөчө саясий вакыйлыкты туура түшүнүүнү үйрөнүүгө аракет кылып жаткан шабабдарга арналат. Бул макалаларды окуган ар бир адамга айтарым: аларды жөн гана саясий аналитик болуп калуу үчүн колдонбогула. Анткени бул нерсе адамдын турмушуна таасир бербейт, ал тургай суроо берүүчүлөр да аны максат кылбайт, болгону кызыккан адамдар гана кайрылат. Тескерисинче, бул макалаларды үммөт ичиндеги ой жүгүртүүнүн деңгээлин көтөрүүчү васила кылгыла. Аларды туура саясий вакыйлыкты аңдап, ага Ислам

акыйдасынын негизинде баа берүүчү жана адамдардын иштерин көзөмөлдөөчү, багыт берүүчү куралга айланткыла.

Аллах Таала бизди түз жолго баштасын.

**Саясий анализ**

Саясий вакыйлыкты түшүнүп, ага жараша аракет кылууну каалаган адам үчүн саясий анализ ажырагыс талап. Ошондой эле, бул нерсе саясат жүргүзүүчүлөр үчүн да зарыл. Ошондуктан саясий анализ үммөттү ойготууга аракет кылган саясий уюм үчүн да, мамлекет үчүн да абдан маанилүү. Саясий анализдин туура болушу уюмду, мамлекетти жана үммөттү айланасын курчап турган коркунучтардан сактап калат жана аларга зыян жеткирбөөчү, душмандын амалын бузуп жокко чыгарчу же өз максаттарына жетүүгө жардам берүүчү саясаттарды аныктоого мүмкүндүк берет.

Саясий анализ — бул саясий вакыйаларга байланыштуу саясий пикирди жаратуу. Ал саясий маалыматтарга жана аларды өз ара туура байлоого таянат. Саясий анализ саясий вакыйлыкты түшүнүү аркылуу ишке ашат. Бул жөн гана ойду каалаган тарапка учуруп, ар бир жаңылык же окуя менен байланыштуу элестетүүлөрдү түзүү эмес. Эгер акылга эркиндик берилсе, ал саясий анализдин чегинен чыгып, элестетүүгө, жоромолго жана логикалык изилдөөгө айланып кетет. Ал эми мындай ыкма чыныгы жыйынтыктарга алып барбайт.

Буга карама-каршы түрдө, эгер туура саясий түшүнүктөргө байланса, анда ал чыныгы натыйжаларга жеткирет. Анткени саясат — бул саясатчылардын аракеттери, ал эми бул аракеттер алардын мамлекетинин көз караштарына, багыттарына жана тарыхтан бери сиңген мүнөздөмөлөрүнө негизделет. Демек, саясатчылардын абалын, алардын мамлекеттери көтөрүп жүргөн көз караштар менен багыттарды жана ошол мамлекеттердин жана саясатчылардын мүнөзүн түшүнүү, ошондой эле болуп жаткан вакыйынын табиятын түшүнүү жана мунун баарын туура саясий түшүнүктөргө негиздеп туташтыруу жоромол эмес, элестетүү эмес, чыныгы түшүнүккө негизделген анализ болуп эсептелет. Мындай ыкма кичинекей элементтерден турган чоң сүрөттү так жана анык алкактын ичинде жыйноо сыяктуу. Эгер сүрөттүн айрым бөлүктөрү жок болсо да, калган бөлүктөргө карап, ошол жок бөлүктүн мүнөзүн аныктап, акылда бүтүн элестетүү жаралат. Мына ушунун өзү саясий анализ болуп эсептелет.

Саясий анализ жүргүзүлүшү үчүн үч негизги элемент зарыл:

1. Саясий маалыматтар,
2. Саясий жаңылыктардан дайыма кабардар болуп туруу,
3. Саясий жаңылыктарды туура тандоо.

Бул теманы Хизб ут-Тахрир 1974-жылдын 27-мартында жарыялаган «Саясат жана эл аралык саясат» аттуу билдирүүсүндө кеңири түшүндүргөн. Анда саясий маалыматтар тууралуу мындай деп айтылган: «Саясий маалыматтар — бул тарыхый маалыматтар, айрыкча тарыхтагы чыныгы фактылар, ошондой эле саясий жактан мааниге ээ болгон окуялар, аракеттер жана аларга байланышкан адамдар жөнүндөгү маалыматтар. Мындан тышкары, бул — жеке адамдардын, мамлекеттердин же идеялардын ортосундагы саясий мамилелер жөнүндөгү маалыматтар. Дал ушул маалыматтар саясий ойду түшүнүүгө шарт түзөт, мейли ал жаңылык болсун, аракет болсун, акыйдага байланыштуу болсун же өкүм болсун. Эгер бул маалыматтар болбосо, адам канчалык акылдуу жана зээндүү болбосун, саясий ой-пикирлерди түшүнө албайт. Себеби бул жерде кеп акылдын күчүндө эмес, түшүнүктүн бар-жогунда».

Ал эми учурдагы жаңылыктарды, өзгөчө саясий жаңылыктарды билип туруу да маанилүү. Анткени алар — учурда болуп жаткан окуялар жөнүндөгү маалыматтар. Бул жаңылыктар — саясий түшүнүктүн жана изилдөөнүн негизи. Ошондуктан алардан кабардар болуу зарыл.

Турмуштук окуялар ар дайым өзгөрүп, жаңыланып, бири-бирине карама-каршы келип турат. Ошондуктан аларды тынымсыз байкап туруу керек. Бул «поезддин азыр өтүп жаткан станциясында туруу» дегенге барабар. Болбосо, адам поезд бир саат мурун өткөн, бирок азыр өзгөрүп калган станцияда туруп калат. Ошондуктан саясий жаңылыктарды үзгүлтүксүз жана ар дайым байкап туруу зарыл. Мейли ал жаңылык маанилүү болсун, же болсун, эч бирин көз жаздымда калтырбаш керек. Айрым учурларда адам бир ууч буудай табыш үчүн самандын үймөгүн аңтарышы керек болот, кээде таппай да калышы мүмкүн. Себеби маанилүү жаңылыктын качан келери белгисиз.

Ушундан улам, адамга маанилүү болобу же маанилүү болбойбу, бардык жаңылыктарды байкап туруу зарыл. Анткени бул жаңылыктар бири-бири менен тыгыз байланышкан шурулар сыяктуу. Эгер шурунун бир даанасы жоголсо, бүтүндөй чынжыр үзүлөт жана маселенин чыныгы маңызы түшүнүксүз болуп калат. Кээде жаңылыкты туура эмес түшүнүп, учурдагы вакыйлыкты мурдагы эбак бүткөн жаңылык же ой менен байланыштырууга алып келет. Ошондуктан саясий аң-сезимди калыптандыруу үчүн жаңылыктарды үзгүлтүксүз жана тынымсыз байкап туруу — саясий түшүнүккө жетүүнүн жалгыз жолу.

Ал эми жаңылыкты тандоо бул жөн гана угуп коюу эмес, аны аңдап, пайдалуусун иргеп алуу менен ишке ашат. Жөн гана кулак салуу жетишсиз. Саясий аң-сезимдүү адам маанилүү жаңылыкты гана «алат».

Маселен, ал эгер Франциянын премьер-министри Лондонго барды деген жаңылыкты укса, аны угуп, андан маалымат алат. Бирок Германиянын канцлери Берлинге барды же Вашингтондогу Бириккен Улуттар Уюмунун баш катчысы менен жолукту деген жаңылыкты укса, угат, бирок «албайт», башкача айтканда, ага маани бербейт. Анткени ал угуп жаткан бардык жаңылыктардан, кайсынысын алуу керек, кайсынысын албоо керек экенин айырмалай билиши шарт. Ал үчүн жаңылык кандай гана маалымат болбосун эмес, чындап пайдалуу жана керек болгону гана тандалып алынышы керек. Бул жаңылыктарды «угуу үчүн эмес, алуу үчүн» көзөмөлдөө дегенди билдирет.

Жаңылыктарды кайдан алуу керек деген маселе да маанилүү. Алар ишенимдүү гезиттерден жана кадыр-барктуу телеканалдардан алынышы зарыл. Себеби мындай булактар өздөрүнүн эл алдындагы ишенимин сактап калууга аракет кылышат, айрыкча саясатчылардын алдында ишенимдүү болууга умтулушат. Ошондуктан алар жаңылыктарды даярдоодо жана макала жазууда окуялардын жүрүшүнө түздөн-түз катышкан тараптар менен байланышууга аракет кылышат жана маалыматты түз булагынан алууга умтулушат.

Ошого карабастан, бул маалыматтарга сокур ишенүү туура эмес. Анткени саясий вакыйларга түз аралашкан саясатчылар көп учурда элди адаштыруу максатын көздөшөт, бул өз багыттарын актоо, максаттарын жашыруу же душмандарына мүмкүнчүлүк бербөө үчүн жасалат. Ошондуктан жаңылыктарды көзөмөлдөгөн адам сөздөрдү жана аракеттерди, алар айтылган учурларды, ким айтканын жана ким жасаганын тыкыр байкап, аларды өзүндөгү түшүнүктөр менен байланыштырып талдоого милдеттүү. Ошондо гана ал жаңылыктын чыныгы вакыйлык же адаштыруучу маалымат экенин айырмалай алат.

Ошондой эле жаңылыктар түздөн-түз саясатчылардын өз оозунан да алынат: мамлекет башчылары, тышкы иштер министрлери, өлкөлөрүнүн атынан сүйлөгөн өкүлдөр жана улуттук коопсуздук жаатында иштегендер. Саясий вакыйлыктарды байкап туруучу адам мындай адамдардын, же мамлекеттери тарабынан белгилүү саясий, аскерий же чалгынчылык тапшырмалар менен жиберилген башка адамдардын чыныгы абалын көз жаздымда калтырбоого тийиш. Алардын өмүр таржымалын, башкача айтканда, өмүр баянын билүү абзел. Болбосо, ал жалпы саясий сүрөттү түзүп турган маанилүү бөлүктөрдүн бирин жоготуп коюшу мүмкүн.

Ооба, саясий анализ өтө маанилүү, бирок ал өз алдынча максат эмес, тескерисинче, бир чоң максатка жетүүчү каражат. Ошондуктан ойгонуу үчүн иш алып баргандар жана мамлекет башкаруучулары саясий

анализди колдонуууга тийиш. Себеби ал алардын иштеринде чоң пайда алып келет.

Үммөтү ойготуу үчүн иш алып барган ар бир адам өзүнүн саясий уюмун дүйнөлүк деңгээлдеги өзгөрүүнүн лидери катары карашы керек. Өз үммөтүн болсо Аллах Таала Пайгамбарына ﷺ жер жүзүнөн кандай бийлик тартуу кылган болсо, ошол бийликке жетчү үммөт катары көрүшү зарыл. Ал эми өз мамлекетин дүйнөдө биринчи орунда турган, кийин болсо дүйнөдөгү жападан жалгыз мамлекетке айлана турган держава катары кабыл алууга тийиш.

(уландысы бар…). ❑

# САУД АРАБИЯСЫ ЖАНА ГЕНОЦИДДЕН КИЙИНКИ НОРМАЛДАШТЫРУУ ТОЛКУНДАРЫ АКШНЫН ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШТЫ КАЙРА ТҮЗҮҮ БОЮНЧА ЖАҢЫ КЕЛИШИМИ

**Наср Фаяз – Палестина**

Газа тилкесинде жасалган геноцид, калкты күч менен көчүрүү жана Батыш Жээктеги баскынчылык аракеттери үчүн яхудий мамлекети сыйлыкка татыктуубу? Аны Сауд Арабиясы жетектеген жаңы нормалдашуу толкуну менен бекемдешип, Палестина автономиясы түзүлүп, мусулмандарды башкарган өкүмдарлар ээрчип кетишеби?!

АКШнын жаңы президенти Трамптын билдирүүлөрү жана Сауд Арабиясы тарабынан жарыяланган маалыматтар Саудия нормалдашууга бет алганын көрсөтүүдө. Бул нормалдашуу Газа менен Батыш Жээктеги агрессиянын аякташы катары көрсөтүлүүдө. Максат – жихадий абалды жок кылуу жана күч колдонуу аркылуу багынууну таңуулоо. Бул нерсени Трамп менен яхудий түзүмү «күч менен тынчтык орнотуу» деп атап жатышат. Анын бир ыкмасы — калкты күч же «ыктыярдуу» көчүрүү аркылуу аймактагы жашоочулардын санын азайтуу.

Саудия менен нормалдашуу жана жаңы «Ибрахим келишимдерин» түзүү, ошондой эле Трамп АКШ бийлигине келгенден бери соода дефицитин кыскартуу үчүн колдонгон бажы төлөмдөрүн таңуулоо, мунун баары жаңы АКШ администрациясынын негизги саясий артыкчылыктары болуп калды. Америка Сауд Арабиясы менен нормалдашууга жана жаңы “Ибрахим келишимдерин” түзүүгө шарттарды даярдап жатат. Бул максатта ал Жакынкы Чыгышты, айрыкча ыйык Палестина жерин — Батыш Жээк менен Газа тилкесин — даярдоодо.

**Абалды даярдоо**

**Иран жана анын аймактагы ролу**

Аймакта “абалды даярдоо” деген аталыштагы кадамдардын ичинде эң маанилүү маселелердин бири — Ирандын ролун кайра аныктоо болду. Бул “каршылык жана күрөш огу” деп белгилүү болгон Ирандын аймактагы таасирин алсыратуу, ага сокку уруу жана жаңы келишүүлөрдүн алкагында Иран саясатынын багытын өзгөртүү аракеттерин камтыды.

Нетаньяху мындай деген: «… “Израил” азыр Жакынкы Чыгыштын жүзүн өзгөртүүдө». (“Аль-Жазира”, 2024-жыл, 31-октябрь). Ал дагы мындай деп кошумчалаган: «”Израил” Иран огун жоюп, аймакты өзгөртүп бүткөндөн кийин Сауд Арабиясы жана башка өлкөлөр менен кошумча келишим түзүү үчүн жол ачылат».

Ошондой эле, Трамптын Иран менен анын өзөктүк программасы боюнча келишим түзүү аракеттери бул багыттагы кадамдардын бири. “BBCнин” эл аралык маселелер боюнча редактору мындай деп жазат: «Дүйнө Трамптын Газага байланыштуу билдирүүлөрүн талкуулап жаткан маалда ал өзүнүн “Truth Social” платформасында Иран менен “тынч өзөктүк келишимине” жетүүнү каалаарын жарыялады». (BBC, 2025-жыл, 2-июнь). Бул жерден Трамп Иранга карата “камчы менен момпосуй берүү” ыкмасын колдонуп жатканын байкоого болот.

Иран менен болгон жаңы келишүүлөрдүн дагы бир далили — Дохада өткөн жыйын. Бул жыйынга Катар премьер-министри уюштуруп, ага Сауд Арабиясы, Египет, Түркия, Иордания жана Ирактын тышкы иштер министрлери, ошондой эле Иран жана Орусиянын жогорку деңгээлдеги дипломаттары катышкан. Жыйындын жыйынтыгында Асаддын, ирандык күчтөрдүн, милициянын жана Иран тарапта турган Хизбулла уюмунун Сириядан чыгып кетүүсү тууралуу чечим кабыл алынган. “Reuters” агенттигине жогорку даражалуу ирандык аткаминер мындай деп билдирген: «Иран Асаддын аймактагы башкы союздашы жаңы Сирия жетекчилиги менен түз байланышты баштаган. Ал эки өлкөнүн ортосунда “каардуу жолдордон алыс болуу керектигин” белгиледи». Бирок Иран бул байланыштарды Сирия оппозициясынын кайсы уюму менен жүргүзүп жатканы — “Хайат Тахрир аш-Шам”бы же башка бир кыймылбы — так аныкталган эмес.

Ал аткаминердин айтымында, Асад Дамасктан качып кеткенге чейин бир нече саат мурун жетекчилердин тобу «Хайат Тахрир аш-Шам» уюму менен байланыш түзүү зарыл деген пикирге келишкен. Алар бул кадам Сириядагы туруктуулукту камсыздоо үчүн маанилүү экенин белгилешкен. Ошондой эле, мындай байланыштар «Ислам мамлекети» сыяктуу топтордун Сирияда таасир өткөрүүсүнө жол бербөө үчүн жакшы кадам экенин айткан. («Аль-Кудс аль-Араби», 2024-жыл, 10-декабрь).

Жаңы абалдын дагы бир белгиси — Ливан менен яхудий түзүмү ортосунда келишим түзүү аракеттерин Сауд Арабиясы демөөрчүлүк кылып өткөргөн жолугушуулар болду. Бир катар маалымат каражаттары Саудия АКШ менен Иран ортосунда Ливанда ок атууну токтотуу боюнча ортомчулук кылып жатканын кабарлашты. Ошондой эле, Илон Масктын Ирандын БУУдагы өкүлү менен жашыруун жолугушуусу жана Иран Ирак мамлекетине анын аймагында яхудий мамлекети менен согушуп жаткан куралдуу топторду чектөөгө уруксат бериши да бул өңүттө маанилүү көрүнүштөрдөн болот. Мына ушундай жаңы кырдаалдар яхудий түзүмү менен болгон чыңалууну азайтып, бүтүндөй аймакты камтыган нормалдашуу долбоорлоруна жол ачууда.

**Газа тилкеси менен Батыш Жээкте абалды даярдоо**

Бул кадамдардын баары АКШнын аймак боюнча стратегиялык максаттарын ишке ашыруу үчүн жасалууда. Америка жана Батыш өлкөлөрү яхудий түзүмүн Газа согушунда өз максаттарына жетүүсү үчүн бардык жактан колдошту. Бул максаттардын катарында ХАМАСтын аскердик жана башкаруу мүмкүнчүлүктөрүн жок кылуу, туткундарды кайтаруу жана 7-октябрь сыяктуу окуялардын кайталанышына жол бербөө, ошондой эле Газанын айланасындагы аймактарда жашоочулардын тынч кайтып келишин камсыздоо бар. Мындан тышкары, яхудий түзүмүнө Газага жасалган агрессиянын жашыруун максаттарын ишке ашырууда да колдоо көрсөтүлдү. Бул максаттардын ичинде өч алуу аркылуу коркутуу бар. Бул геноцид, калкты күч менен көчүрүү жана согуш бүткөндөн кийин сектордо ири экономикалык долбоорлорду ишке ашыруу жөнүндө сөздөр менен коштолду. Андан тышкары, Газаны «Ибрахим келишимдерине» кошуу маселеси да каралууда.

Байден жарыялаган үч баскычтуу туткун алмашуу келишими Трамп бийликке келээрден бир нече күн мурун макулдашылган акыркы келишим болуп эсептелет. Трамп азыр согуш маалында яхудий түзүмү ишке ашыра албаган максаттарды ишке ашырууну көздөп жатат. Ал Газадан калкты көчүрүү тууралуу планын жарыялоо менен араб өлкөлөрүн согуштан кийинки күндүн планын ишке ашырууга тартууда. Бул планга ылайык, калктын «ыктыярдуу» көчүшүн — мисалы, Газадан Египетке чыгышын жеңилдетүү — көздөлүүдө.

Трамптын Газаны ээлеп алуу жана калкты көчүрүү жөнүндөгү билдирүүлөрү АКШнын көз карашына ылайык, Батыш Жээк жана Газага байланыштуу чоңураак келишимге даярдык болушу ыктымал. Бул келишим Сауд Арабиясы менен нормалдашууга киришүүнүн кириш сөзү болушу мүмкүн. Өзгөчө, эгерде Саудия нормалдашууга макул болуп, Газадагы калкты көчүрбөй кармап калуу, кайра куруу иштерине каражат бөлүү жана гуманитардык кызматтарды көрсөтүү аркылуу Палестина мамлекетине алып баруучу жолду колдосо, ал эми Батыш Жээктеги жашоочулар яхудий түзүмүнүн бир бөлүгү катары калса, бул келишим ишке ашышы мүмкүн.

**Сауд Арабиясы менен нормалдашуу**

Яхудий түзүмү менен Сауд Арабиясынын ортосундагы нормалдашуу жараяны ылдам ыргакта жүрүп жаткан. Бул тууралуу Сауд Арабиясынын мураскер ханзаадасы ачык эле билдирген. Ал АКШнын “Fox News” телеканалына берген маегинде мындай деген: «Падышалыктын “Израил” менен нормалдашууга карай аракети өсүп барууда».

Ханзаада Мухаммад бин Салман мындай деп кошумчалаган: «Биз "Израил" менен мамилелерди нормалдаштырууга барган сайын жакындап жатабыз. Бул багытта президент Байдендин администрациясынан чоң колдоо болуп жатат. Биз үчүн палестин маселеси абдан маанилүү. Бул маселени чечишибиз керек. Азырынча сүйлөшүүлөр уланып жатат. Эми бул процесстин кайда алып бараарын көрөбүз. Биздин үмүт — палестиналыктардын жашоосун жеңилдетип, "Израилди" Жакынкы Чыгышка интеграция кылган жагдайга жетишүү». (2023-жыл, 20-сентябрь).

Ал эми "Аль-Акса ташкыны" операциясы болгонуна жана геноцид актылары жасалганына карабастан, Саудия менен АКШнын яхудий түзүмү менен нормалдашуу боюнча сүйлөшүүлөрү токтогону жарыяланган күндө да, иш жүзүндө андай болгон жок. АКШнын мурдагы президенти Жо Байден ок атууну токтотуу боюнча планын жарыялаган учурда мындай деген: «Бул келишим менен "Израиль" аймактагы интеграциясын күчөтө алат. Анын ичинде Сауд Арабиясы менен тарыхый нормалдашуу келишими түзүлүшү мүмкүн. Бул эч кимге таң калычтуу болбосо керек. "Израил" Иран тарабынан болгон кооп-коркунучтарга каршы аймактык коопсуздук тармагына кошула алат». (RT, 2024-жыл, 1-июнь).

АКШ менен Сауд Арабиясы нормалдашуу келишимин даярдап, толук бүтүрүүгө аракет кылып келишти. Бул тууралуу АКШнын мамлекеттик катчысы Энтони Блинкен да кызматтан кетээрден мурун, 2024-жылдын 20-декабрында мындай деген: «Эсимде калган нерселердин бири — былтыр 10-октябрда мен Сауд Арабиясы менен яхудий түзүмүнө сапар тартып, нормалдашуу келишиминдеги палестиналык бөлүктү талкуулашым керек болчу. Бирок бул сапар 7-октябрдагы окуялардан улам ишке ашпай калды. Ошого карабастан, биз Газадагы окуяларга карабай сүйлөшүүлөрдү уланттык жана бул багытта иштөөнү токтоткон жокпуз».

АКШ сыягы Газа тилкесинде ок атышуунун токтотушу согушту яхудий түзүмүнүн пайдасына аяктоо менен гана ишке ашат деп эсептөөдө. Бул, Трамптын сөзү менен айтканда, «күч аркылуу тынчтыкты таңуулоо» жолуна туура келет. Бул ойду Нетаньяху да тастыктаган: «Тынчтык күч менен келет. Биз абдан күчтүү болуп, бирге турганда каршылыктар өзгөрөт». Бул алардын түшүнүгүндө туткун алмашуу келишими аркылуу багынууну таңуулоо дегенди билдирет.

АКШ президенти Трамп мындай деген: «Бул келишим бүткөн соң менин улуттук коопсуздук боюнча тобум Газанын кайрадан террорчулук үчүн баш калка болуп калбашы үчүн иш алып барууну улантат». Ошондой эле, ал минтип кошумчалаган: «Мен бул ок атууну

токтотуу мүмкүнчүлүгүн жаңы “Ибрахим келишимдерине” инвестиция катары колдонгум келет». (Аль-Жазира, 2025-жыл, 15-январь).

Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн АКШ араб мамлекеттеринен — башында Сауд Арабиясы, Катар, Бириккен Араб Эмираттары, Иордания жана Түркия сыяктуу башка өлкөлөрдөн — активдүү аракет талап кылууда. Бул аракеттерге төмөнкүлөр кирет: гуманитардык жардам көрсөтүү, кайра куруу иштерине катышуу аркылуу яхудий түзүмүнүн максаттарын ишке ашыруу, АКШнын талабына ылайык, калктын «ыктыярдуу көчүүсүнө» жардам берүү жана конфликтти чечүү демилгеси менен чыгып, палестин маселесин жоюуга алып баруучу саясий жолду баштоо. Бул жол баскынчыларды легалдаштырууну, палестиналыктардын жашоо шарттарын жакшыртууну, Газаны калыбына келтирүүнү, жихад идеяларын жана яхудий түзүмү «экстремизм жана терроризм» деп атап жаткан түшүнүктөрдү жок кылууну, ошондой эле «тынчтык маданиятын» жана «ибрахимий дин» концепциясын жайылтууну камтыйт. Бул — АКШ аталган мамлекеттерге таңуулап жаткан сценарий.

Нетаньяху мындай деп баса белгилеген: «Араб өлкөлөрү менен нормалдашуу келишимдерин (Ибрахим келишимдерин) биз палестин маселесин айланып өтүү менен гана түздөй алдык». (Аль-Жазира, 2025-жыл, 9-февраль).

Сауд Арабиясы баштап жаткан жаңы “Ибрахим келишимдери” (ага Палестина автономиясы да кошулган, бирок Батыш Жээк менен Газа тилкесинде эч кандай эгемендикке ээ болбойт) бүтүндөй Перс булуңундагы мамлекеттерге, анын ичинде Катарга жана башка араб өлкөлөрүнө: Ливан, Ирак, Ливия, Алжир жана ислам дүйнөсүндөгү башка мамлекеттерге яхудий түзүмү менен нормалдашууга жол ачат.

Бул болсо палестин маселесин толугу менен жоюу дегенди билдирет, анткени яхудий түзүмү бул келишимдерди түзүүдө «Исра жана Мираж» жери болгон ыйык аймактан эч бир карыш жерди бул мамлекеттерге бербейт. Тескерисинче, бүткүл ыйык жерлер үстүнөн толук суверенитет яхудий түзүмүнө таандык болот, ал эми палестиналыктарга болсо автономиялык башкаруу гана берилет. Бул башкаруу Палестина автономиясынын коопсуздук кызматтары аркылуу ишке ашат, алар коопсуздук кызматташтыгынын негизинде иш алып барып, өз аймактарында болгону муниципалдык кызматтарды көрсөтүү менен чектелишет.

**Саудия нормалдашуусунун коркунучу**

Сауд Арабиясынын яхудий түзүмү менен нормалдашуу жараяны жана жаңы “Ибрахим келишимдери” төмөнкүдөй олуттуу коркунучтарды камтыйт:

1. Сауд Арабиясынын символдук макамы. Ал – Жебреил алейхисалам вахий түшүргөн жер жана мусулмандардын жүрөгү менен умтулган ыйык жайлар жайгашкан аймак. Бул жагдай бүткүл ислам дүйнөсүнө психологиялык жана маданий жактан чоң таасир этет. Натыйжада, мусулмандардын өздүгүн, ишенимин жана ойлорун коркунучка кептейт. Айрыкча, «ибрахимий дин», Батыш маданияты жана «тынчтык маданияты» (чынында болсо багынуу маданияты) деген түшүнүктөрдү жайылтуу аркылуу зыян алып келүүдө.

2. Саудиянын каржылык жана саясий таасири. Ал өзүндөгү ири каражат жана таасирди АКШ жана яхудий түзүмүнүн кызыкчылыгы үчүн колдонууга жөндөмдүү. Бул жагдайды АКШнын президенти Трамп ачык эле билдирип келет. Саудия нормалдашууга кайра куруу иштери жана палестиналыктардын жашоо шартын оңдоо деген шылтоо менен киришүүдө. Бирок бул палестин маселесин жоюуга багытталган чечимдерди таңуулоого каражат болууда.

3. Чыгыш Жакынкы Чыгыш коалициясы жана ички бөлүнүүнү тереңдетүү. Саудия, Перс булуңундагы башка өлкөлөр жана нормалдашууга кошулган мамлекеттер АКШ мурунтан эле түзүүнү көздөгөн аймактык альянстын бир бөлүгүнө айланышат. Бул альянс Иранга каршы түзүлүп, анын катарында яхудий түзүмү да болот. Мындайча айтканда, конфронтация мындан ары мусулмандар менен АКШ-яхудий түзүмүнүн ортосундагы күрөштөн Ислам үммөтүнүн өз ичиндеги кастыкка айланат. Мусулман элдеринин өз ара кагылышуусу сунний-шииттик, мазхабдык жана жамаатык негизде тереңдейт. Ошентип, мусулмандар башкарылган мамлекеттердин диний өзгөчөлүгүнө жараша бири-бирине каршы коюлат.

4. Саудиянын нормалдашуу процесси жана Жакынкы Чыгыштагы стратегиялык альянстын түзүлүшү. Сауд Арабиясынын нормалдашуусу жана аталган альянстын түзүлүшү аймактагы күрөштүн багытын өзгөртүп гана калбастан, АКШ бул альянсты өзүнүн эл аралык атаандаштары Кытай менен Орусияга каршы курал катары колдонот. Натыйжада, АКШ бул альянска кирген өлкөлөрдү Кытай же Орусия, же болбосо башка өзү душман катары көргөн өлкөлөр менен соода жана келишимдерди токтотууга же чектөөгө мажбурлайт.

Экинчи жагынан, бул нормалдашуу жана анын алкагында пайда боло турган АКШ менен толук өнөктөштүктөгү ири трансчек аралык экономикалык долбоорлор Европаны да АКШнын таасирине баш ийүүгө түртөт. Бул аркылуу АКШ Европанын эл аралык атаандаштыгын чектеп, аны Кытайга каршы фронтко тартууга аракет кылат. Ошентип, АКШ өзүнүн эл аралык согуштук конфронтациясында

мусулмандарды жана алардын өлкөлөрүн күйүүчү май катары пайдаланууда.

5. Яхудий түзүмүнүн пайдасына болгон түпкү өзгөрүү. Бул жалпы көрүнүштөн көрүнүп тургандай, Саудиянын нормалдашуусу жана ага уланган башка өлкөлөрдүн кадамдары АКШнын стратегиялык кызыкчылыктарына кызмат кылган долбоор экенин көрсөтөт. Бирок бул эле эмес, ал Жакынкы Чыгышта яхудий түзүмүнүн пайдасына түп тамырынан өзгөрүүлөргө алып келет:

**Саясий жактан**

Яхудий түзүмү аймактагы мамлекеттер менен бир альянстын ичинде интеграцияланат, келечекте жаңы форматта болсо да Араб Лигасына мүчө болуу мүмкүнчүлүгү пайда болот.

**Экономикалык жактан**

Яхудий түзүмү аймактагы негизги экономикалык борборго айланат. Ал Индия, Перс булуңу өлкөлөрү, Европа жана Америка континенттери ортосундагы байланыш звеносу болуп калат. Бул нормалдашкан өлкөлөр үчүн яхудий түзүмүнүн сакталышын өзүнүн улуттук коопсуздугунун жана экономикалык жандуулугунун ажырагыс бөлүгү кылат. Өзгөчө, бул өлкөлөрдүн сырткы соодасы мунай-газ түтүктөрү, темир жолдор, магистралдар яхудий түзүмүнүн порттору аркылуу өтө турган болгондуктан, алар бул түзүмгө көз каранды абалга кептелет.

**Коопсуздук жана аскерий тармак**

Яхудий түзүмү менен нормалдашуу жараянына кошулган мамлекеттерде коопсуздук жана чалгындоо кызматтарынын ишмердүүлүгүнө эшик ачылат. Айрыкча, бул ишмердик электрондук, туризм жана башка тармактардагы компаниялар аркылуу жүргүзүлөт. Мындан тышкары, аскердик кызматташууга да жол ачылат: аймактагы өлкөлөр менен яхудий түзүмүнүн ортосунда биргелешкен машыгуулар өткөрүлөт, Марокко менен болгон сыяктуу курал-жарак келишимдери түзүлөт жана АКШнын Борбордук командачылыгы аркылуу курулган Жакынкы Чыгыштагы стратегиялык альянстын алкагында чабуул жана коргонуу операциялары боюнча да биргелешкен иш-аракеттер башталат.

**Сакафий жактан**

Нормалдашуу жараянынын башкы максаты — элдердин аң-сезиминде яхудий түзүмүнө карата болгон душмандыкты жок кылуу жана багынуу сакофатын таңуулоо. Бул аймактын жихадий духун жана аны пайда кылган түшүнүктөрдү жок кылууну талап кылат. Анын ордуна «тынчтык маданиятын» жайылтуу, күрөш, каршылык жана жихад сыяктуу Ислам түшүнүктөрүн коомдон сүрүп чыгаруу көздөлөт. Мындай саясатты Бириккен Араб Эмираттары “Ибрахим келишиминде”

көрсөтүлгөн шарттардын негизинде ишке ашырып жатат, алар «ибрахимий динди» жайылтуу багытында активдүү иш алып барууда. Ал эми Сауд Арабиясы – Ислам дининин борбору жана вахий түшкөн ыйык жер – өз кезегинде АКШ менен яхудий түзүмүнө “жоош мүнөздөгү” мамлекет катары көрүнүү үчүн ыплас көңүл ачууну, бузукулукту жайылтууда жана атеизмди таратууда алдыңкы катарга чыкты. Бул нерсе алардын “жакшы жүрүм-турум тууралуу күбөлүгү” катары кабыл алынып, саясий соодалашуууга айланып калган.

**Чыныгы фактылар жана сөзсүз болуучу ийгиликсиздик**

Сауд Арабиясынын ыктымалдуу нормалдашуусу, ага уланган жаңы “Ибрахим келишимдери” жана яхудий түзүмү «Жаңы Жакынкы Чыгышты түзүү» деп атаган, Палестин маселесин жоюуну көздөгөн долбоору айрым негизги чындыкты эске албаган абалда жүрүп жатат. Бул чындыкты төмөнкүдөй пункттар менен белгилеп өтүүгө болот:

1. Палестина маселесин кандайдыр бир келишим аркылуу жоюу Трамптын көз карашына ылайык мусулмандарды жана алардын ыйык жерлерге болгон байланышын тааныбагандык болуп саналат. Бул — тарыхты, вакыйлыкты жана азыркы доордо Газадагы мужахиддердин сабыры менен туруктуулугун эске албаган сокур мамиле. Жакында болуп өткөн окуялар – Ирак жана Ооганстанда Америка армиясынын мужахиддердин каршылыгынан улам артка чегиниши өзүнчө чоң сабак болушу керек. Кимдин көзү бар болсо, ал мусулмандарды багындыруу да, нормалдаштыруу да мүмкүн эместигин түшүнөт. Тарыхка көз чаптырса, кресттүүлүк жортуулдарынан кийин мусулман үммөтүнүн жеңиши жана кресттүүлөрдү өз аймагынан сүрүп чыгарганы тарыхый далил.

2. Ыйык жерлер — Аль-Кудс жана Аль-Акса мечити — мусулмандардын акыйдасы менен бекем байланышкан. Палестина эли гана эмес, эч бир мусулман – канча убакыт өтпөсүн – бул жерлердин яхудийлердин же кайсы бир кафирдин колунда калышына макул болбойт. Тарых бул маселеде күбө. Жихад кыяматка чейин уланат, аны эч бир зулум токтото албайт жана эч бир башкаруучу жокко чыгара албайт.

3. Трамп тарабынан сунушталган «күч аркылуу тынчтык орнотуу» — калкты көчүрүү, өлтүрүү жана багынууга мажбурлоо — бул Газадагы элди тозок менен коркутуу жолу менен жихадчыларды жок кылуу аракети. Яхудий түзүмүнүн жетекчилери да ушул багытта сүйлөшүүдө. Нетаньяху мындай деген: «Газа элине кайрылам, жашоону тандагыла жана келечегиңерди, үй-бүлөңөрдүн келечегин сактагыла. Болбосо, өлүм менен кыйроону тандайсыңар. Бул силердин тандооңор, жашоону тандагыла». (RT Arabic, 2024-жыл, 24-ноябрь).

Ошондой эле, «Чыныгы Жакынкы Чыгыш» конференциясында Куддуста сүйлөгөн Смотрич мындай деген: «Исраил жери» деп аталган аймактагы арабдар үчүн үч гана жол бар:

– Яхудий үстөмдүгүн тааныгандар “Израил” мамлекетинен пайдаланышат. Аларга эч бир улуттук символсуз жергиликтүү өз алдынча башкаруу берилет.

– Таанууну каалабагандар көчүп кетүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

– Ал эми бул сунуштардын эч бирин кабыл албагандар “террорист” деп эсептелип, аларга каршы армия жана коопсуздук мекемелери тарабынан күч колдонулат».

Бул багынууга, баскынчыны таанууга, кор болууга жана ачык кемсинтүүгө чакырык, эркин адамдардын жүрөгү кабыл алгыс нерсе. Ыйман келтирген адамдар мындайды четке кагат. Бул болсо Палестин элин бул пландарга карама-каршы чыгууга аргасыз кылат. Алар мындай пландарга эч качан макул болушпайт, анткени Алла Таала Өзү арабызда өкүм кылмайынча, бул күрөш токтобойт. Бул абал Ислам үммөтүнүн деңгээлинде да чоң жарылууга, кыжырданууга жана көтөрүлүшкө алып келет, Аллахтын душмандарына дос болгон, ыйык жерлерди коргоодон баш тарткан саткын, колонизаторлордун кызматында турган башкаруучуларды жок кылууга жетелейт.

4. Яхудий түзүмү менен альянс түзүүнү «алар аймакта ийгиликке жетишип, Иран огун жеңип чыкты» деген негиз менен актоого жана яхудий түзүмү менен Иранга каршы араб-стратегиялык альянсын түзүүнү зарыл деп көрсөтүүгө аракет кылуу — бул анык жалган. Себеби яхудий түзүмүнүн аталган «жеңиштери» жалган жана жасалма жеңиштер. Бул көрүнүштү жүзөгө келтирүүдө кафир мамлекеттер: АКШ, Батыш өлкөлөрү жана араб-мусулман өлкөлөрүндөгү саткын башкаруучулар чоң рол ойноду. Кээ бирлери түздөн-түз колдоо көрсөтүштү, мисалы, Бириккен Араб Эмираттарынан Хайфага чейин түз жер үстүндөгү аскерий көмөк көпүрөсү камсыздалды. Башкалары болсо Газадагы ыйык жерлерди коргогон элди жалгыз калтырып, жардам берүүдөн баш тартышты.

Газадагы согуш маалында яхудий түзүмүнө курал-жарак, аскердик жабдуу, жалданма жоокерлер берилди, аларга медиа колдоо көрсөтүлдү, алардын жалган риторикасы кабыл алынып, эл аралык мекемелерде корголду. Ошондой эле, согуштун узартылышын көздөгөн “демилгелер” аркылуу геноцидди ишке ашырууга шарт түзүлдү, яхудий түзүмүнө убакыт утуп берилип, алардын карасанатай максаттары ишке ашуусуна көмөк көрсөтүлдү.

Башка жагынан алганда, мусулмандарга таандык армиялар согушка тартылган жок, согушту короого камалган аз сандагы топторго жүктөп

коюшту. Ошого карабастан, яхудий түзүмүнүн армиясы талкаланууда жана камалууда, ачарчылыкта калган мужахиддерден оор сокку жеди. Алардын курал-жарагы яхудий түзүмүнүн кыйратуучу аскердик машинасынын жанында эч нерсеге арзыбайт. Ошентсе да, яхудий армиясы Газадагы согушту өз пайдасына чече алган жок. Мунун өзү "генералдар планынын" башкы автору тарабынан планды ийгиликсиз деп ачык моюнга алуу менен ырасталды.

Башка жагынан караганда, согуштун узакка созулушу жана ар кандай фронттордогу чарчоо себептүү яхудий түзүмүнүн запастагы армиясынын ичинен ыдыроосу күчөдү. Бул армияга согуштук кырдаалдан чыгып кетүү үчүн жардам керек болуп калды. Андай жардамды АКШ менен келишим түзгөн саткын башкаруучулар аркылуу ар түрдүү келишимдер жана соодалашуулар аркылуу камсыз кылуу аракеттери башталды. Мунун далили – ок атышуу токтотулары менен "Нахал" жана "Гивати" бригадалары түндүктөн шашылыш чыгып кеткен, алар эч кандай расмий буйрукту күтүшкөн эмес.

5. АКШнын Газага, Батыш Жээкке жана жалпы Жакынкы Чыгышка карата түзгөн ар кандай пландары, сценарийлери жана алардын кызыкчылыктарына ылайык түзүлүп, яхудий түзүмүн аймакка интеграция кылууну көздөгөн долбоорлору вакыйлык менен кагылышууда. Бул жерде, элдин бекемдиги жана каршылыгы бүгүнкү күнгө чейин яхудий түзүмү Газада жана Батыш Жээкте ишке ашыргысы келген көптөгөн сценарийлерди кыйратты: согуш башындагы күч менен көчүрүү аракеттери, "генералдар планы", "гуманитардык көбүктөр" сыяктуу алдамчылык механизмдер, баары ишке ашпай калды. Себеби бул аймактардагы эл — Ислам үммөтүнүн уул-кыздары. Алар "тынчтык", багынуу жана нормалдашуу деп аталган колонизатордук түшүнүктөрдүн ар кандай түрүнө каршы чыгууну улантышууда.

6. "Ибрахим келишимдеринин" максаты — мусулмандарды дининен, ахлагынан жана баалуулуктарынан ажыратып, алардын ордуна кор болуу жана багынууну таңуулоо. Бирок үммөттүн тамырында кан согуп турганда ал динин таштабайт. Бул — тарых жана доорлор далилдеп келген чындык.

7. Зулумдуктун, күчкө мас болуунун жана текеберликтин акыры кыйроо менен бүтөт.

Трамп көрсөтүп жаткан зулумдугу, күчүнө мас болушу жана текеберлиги, ошондой эле яхудий түзүмүнүн мусулмандарды кемсинтип, тебелеп-тепсеген карасанатай мамилеси акыры аларды кыйратат. Анткени зулумдук адамды сокур кылат.

Бул Фараондун окуясында ачык көрүнөт: ал өзүнүн күчүнө жана текеберлигине мас болуп, Муса алейхисалам жана Бани Исраилге

куугунтук уюштурду. Алар деңизге жеткенде Фараон колго түшүрдүм деп ойлогон кезде, Муса алейхисалам таягы менен деңизди урганда, суу экиге бөлүнүп, анын ар бир жээги асман тиреген тоодой болуп калды. Бирок Фараон зулуму жана күчүнө мас абалы менен бул көрүнүштүн мужиза жана асмандан келген пайгамбарлык экенин көрө алган жок. Натыйжада, Аллах Таала аны да, аскерлерин да деңизге чөктүрдү.

Бүгүн да АКШ менен яхудий түзүмү өз зулумуна жана текеберлигине сокур болушуп, аймактагы башчылардын өз үммөтүнө жасаган чыккынчылыгын көрүп өздөрүн күчтүү сезишүүдө. Алар Батыш менен АКШнын "арканын" бекем кармап, Ислам үммөтүнө каршы туруштук берип, анын ыйык нерселерине кол салып, жерлерин бузуп, тонойбуз деп ойлошууда. Бирок бул аларды чыныгы акыйкатты көрүүдөн тосуп жатат.

Алар Ислам үммөтү улуу үммөт экенин түшүнбөй жатышат. Ал ооруйт, бирок өлбөйт. Ал алсыздык мезгилин башынан өткөрөт, бирок кайрадан күчүнө толуп, өз жерин азат кылып, өлкөлөрдү фатх менен багындырат. Кимде кулак жана көз болсо, тарых буга күбө.

**Корутунду**

Бүгүн Палестинада болуп жаткан зулумга унчукпай коюу жана бүткүл аймакта нормалдашуу толкунуна баш кошуу яхудий түзүмүнүн араанын дагы ачат. Бул абал яхудий түзүмүнүн Тышкы иштер министрлигинин сайтына жарыяланган картасынан айкын көрүнүп турат. Ал карта Палестинадан тышкары Иорданиянын, Сириянын жана Ливандын аймактарын да өз ичине алган.

Саясий, экономикалык, сакофий, аскерий жана коопсуздук тармактарындагы нормалдашуу — баары бирдей оор кылмыш жана чоң азгырык, бузгунчулук. Анткени бул жихадды четке кагуу, жерлердин басып алынуусунун узартылышы, ыйык жайлардын тебеленип-тепселиши, жана аймактагы байлыктардын яхудий түзүмүнө толук берилүүсү дегенди билдирет. Натыйжада алар мусулман жеринде бузукулук кылууга жол табышат.

Бирок биз Газада болгон окуялар жана "Аль-Акса ташкыны" каршылыгынын изи эч качан өчпөйт деп бекем ишенебиз. Бул — аймакты жана дүйнөнү каптаган бороон-топон болчу. Анын ссуга аралашкан шейиттердин каны менен нымдалган толкундары кургап соолуп калбайт. Ал толкун акыры мусулмандар үчүн улуу кубанычка жана жеңишке айланат. Анткени бул ташкын пайгамбарлык минхажында куралган, үммөттү боштондукка жетелеген, зулум жана адилетсиздик менен толгон дүйнөгө адилет жана тең салмак орноткон жаңы Халифалык түзүмүнө алып барат. ❑

## АКЫРКЫ ОКУЯЛАР ҮММӨТТҮН ЖАШООСУНДА ХИЗБ УТ-ТАХРИРДИН ЖОЛУНУН ТУУРАЛЫГЫН ДАЛИЛДЕЙБИ?

**Абдусаттар Абу Такий – Палестина**

Өзгөрүү жолунда аракет кылып жаткан мабдаий партиянын эң чоң өзгөчөлүгү — ал пикирлеринде жана амалдарында туура жүрүүсүнө кылдат көңүл бурушу. Бул Аллах Тааланын сөзүнө дал келет:

{وَأَن لَّوِ اسْتَقَامُوا عَلَى الطَّرِيقَةِ لَأَسْقَيْنَاهُم مَّاءً غَدَقًا}

***“Албетте, эгер алар*** *(Туура)* ***Жолдо бекем турганда албетте Биз аларды сыноо кылуу үчүн мол жамгыр менен сугарган болоор элек”.*** (Жин: 16).

Партия Аллахтын буйругуна каршы чыкканда ага фитна же азап тийип калышынан коркот.

Мабдаий партия Аллахтын ыраазылыгына жетүүнүн жана жер жүзүндөгү бийликтин, башкача айтканда, жакында курула турган экинчи Рошид Халифалыктын ачкычы акыйкатка бекем туруу жана шариаттын талабына моюн сунуу экенине ишенет. Бул нерсе сыноолорго, тоскоолдуктарга, куугунтукка, бурмалоолорго жана адаштырууларга карабастан ишке ашат.

Даъватты көтөргөн адам сөзүндө да, амалында да Аллахтын ыраазылыгын көздөп иш кылат. Ал бүткүл ишти Аллах Таала Өзү тартипке салып, Үммөттүн турмушундагы окуяларды башкаруучу Зат Аллах экенине ишенет. Бул аркылуу Аллах жаман менен жакшыны ажыратат, алсырап калган элге Өз ырайымын төгөт, аларды жетекчи кылат жана аларды мураскорлор кылат. Бул туура жолдо жүргөндөргө берилүүчү сыйлык катары, өзгөрбөс сүннөт.

Сабыр кылган, сооп үмүт кылган момундарга Аллахтын берген сыйлыктарынын бири — аларды жакшы иштерде колдоо, ой-пикирде жана тарыйкатта тууралыкта сактап калуу, адамдардын жүрөктөрүн аларга тартуу жана жеңиштин белгилерин көрсөтүү. Бул алардын жүрөктөрүн тынчтандырып, алардын түшүнүгү туура экенин жана тарикатынын түз экенин ырастайт.

Үммөттүн турмушунда акыркы кездерде болуп жаткан саясий окуяларды ой жүгүртүп караган адам булар өзгөрүүдө шариатка ылайык тарикаттын туура экенин ырастап жатканын көрөт. Бул жол баарынан мурда шаръий өкүмдөрдү аткарууга жана Пайгамбар ﷺ колдонгон өзгөртүү услубуна таянат. Ошондой эле бул окуялар момундардын көңүлүн көтөрүп, алар бара жаткан жол туура экенине ишендирет. Алардын Аллахка берилгендиги жана вакыйлыкка баш ийбегени аларга бул дүйнөдө да, акыретте да урмат-сый алып келет.

Ал эми акыркы мезгилде Үммөттү силкинткен окуялар тастыктаган эң негизги маселелер төмөнкүлөр:

Биринчиден: Халифалык кулагандан кийин Үммөттүн ичинде аткарылышы милдет болгон өзгөртүү иш-аракети пикирий жана саясий өзгөртүү болушу керек. Ал эми пикир элге таасир кылбай туруп, Үммөт исламий саясий долбоорго ишенип, Исламды мамлекеттин түзүмү катары талап кылбастан өзгөртүү үчүн кылынган ар кандай аракеттер өзгөртүү тарикатына каршы келгендиктен ийгиликке жетпеген, натыйжасыз аракеттер болуп калат.

Экинчиден: мусулман дүйнөсүндө Халифалыктын ордуна пайда болгон түзүмдөр – кафир колонизатор тарабынан диндарлыкка жана үммөткө каршы тургузулган тагут түзүмдөр. Алардын мыйзамдуулугун эң төмөн деңгээлде таануу Аллахтын каарына себеп болот жана аларды мыйзамдаштыргандар, дин үчүн кандайдыр бир иштерди кылса да, жакшы ниет менен аракет кылса да ийгиликке жетпейт. Анткени өзгөрүүдө жакшы ниет жетишсиз, негизги талап — пикирий жана амалий аракеттерди Пайгамбар ﷺдын тарикатына ылайык жүргүзүү.

Үчүнчүдөн: бүгүнкү күндө өзгөрүү үчүн жалгыз шариат талап кылган иш — бул келечектеги бүткүл Үммөттү бириктирген Халифалык үчүн даъват жана аракет кылуу. Мусулмандардын бул максаттан төмөн ар кандай аракети — жакшы иш болсо да — Аллахтын алдында биздин жоопкерчилигибизди алып салбайт, тескерисинче, адашуубузду узартат.

Анткени Халифалык — бул Ислам дининин аткаруучу түзүмү. Анда биздин биримдигибиз, урматыбыз жатат. Дал ошол аркылуу биз “адамдар үчүн чыгарылган эң жакшы үммөт” абалыбызга кайтып келебиз. Ал аркылуу Исламды өз арабызда жүзөгө ашырабыз жана мурункулар кылгандай, Исламды дүйнөгө даъват жана жихад менен жаябыз.

Төртүнчүдөн: Үммөттүн тагдыры бир, анын маселеси бир, согушу да, тынчтыгы да бир, кайсы бир өлкөдөгү сыноо бүткүл Үммөттүн сыноосу, ал эми алардын чечими жалгыз. Үммөт маселелерин ар бир мамлекеттин Сайкс-Пико чек араларынын ичинде чечүүгө жасалган ар кандай аракеттер пайдасыз, алар Үммөттү кордук жана төмөндүктөн арылта албайт. Анткени анын душмандары бир фронттон чабуул коюшат жана бир блокко биригишкен. Ошондуктан Үммөт вакыйлыктан жогору турууга, жекече эмес, жалпы, бир Үммөт катары кыймылга келүүгө тийиш. Бул душмандарына татыктуу жооп берүү үчүн зарыл. Дал ушул нерсеге Хизб ут-Тахрир пайда болгондон бери чакырып келет.

Батыш Халифалык жоюлгандан кийин мусулман дүйнөсүндө орнотуп алган кагаз жүзүндөгү мамлекеттерге (картондук түзүмдөргө) өз-өзүнчө үстөмдүк кылуусу жана Газада бүгүн болуп жаткан окуялар мунун ачык-айкын далили. Бул Үммөттү жалгыз куткаруу жолу, жалгыз куткарылууга тийиш болгон бир кендей карап, жапырт иш жүргүзүү экенин көрсөтүп турат.

Бешинчиден: Үммөттүн күчү жана мүмкүнчүлүктөрү Үммөттүн өзүнө таандык, анын ичинде армиялар да өзгөчө эмес. Алар Үммөтүн бир бөлүгү, зулум бийликке таандык күч эмес. Армияны Үммөттөн бөлүү аракети чоң кылмыш, анткени бул аракет душмандын гана кызыкчылыгына кызмат кылат, Үммөттүн азап-тозогун узартат жана аны куткаруу жолунан алыстатат.

Газадагы мусулмандардын кичинекей балдары бул чындыкты түшүнүштү жана аны менен чакырык жасашты. Бирок Үммөттүн айрым перзенттери бул түшүнүктөн али да алыстап жүрүшөт. Душмандар болсо бул Үммөттү “куралдуу күчтөрдөн нусрат суроо мүмкүн эмес” деген жалган менен адаштырууну улантып жатышат. Ошого карабастан, бүгүн Үммөт ичинде күч-кубат ээлеринен нусрат суроо түшүнүгү барган сайын өсүп жатат жана бул Хизбдин чакырыгы менен шайкеш келет, анткени Аллах бир ишти аягына чыгармакчы болсо, аны сөзсүз ишке ашырат. Күч-кубат ээлеринен нусрат суроо идеясы бүгүн Үммөт ичинде талкуу үстөлүнө коюлуп жатат. Үммөттүн айрым перзенттери армиянын орду, анын милдеттери, Үммөттүн турмушундагы ролу тууралуу салмактуу ой жүгүртө баштады. Алар бул күчтөрдү жердеги Аллахтын өкүмүн орнотуу максатында, элге каршы туруктуу кыянат жасап жаткан саткын режимдерден арылуунун керек болсо жалгыз амалий жолу катары карай башташты. Бүгүн Үммөт өзгөрүү жана жеңишке жетүүгө тоскоолдук кылган негизги факторун жоготту. Армиялардын кыймылга келиши, Халифалыкты орнотууну көздөгөн ыймандууларга бийликти өткөрүшү, башкача айтканда, элге кызмат кылууну көздөгөндөргө бийликти тапшырууга умтулууда.

Алтынчыдан: бүгүн Үммөттүн турмушунда болуп жаткан оор сыноолор, саясий окуялар жана Батыштын Үммөткө чабуулдары — Аллахтын уруксаты менен – биздин даъватыбызга, акыйкат даъватка кызмат кылууда.

Бүгүнкү күндө кресттүү Батыш өзүнүн башкы душманы катары “исламчылар”, башкача айтканда, мусулмандарды халифалык астында бириктирүүнү каалагандар деп жарыялап жатканы бул Үммөттүн перзенттерин өз абалын аңдоого жана өз динин көтөрүп чыккан чечимдерге көңүл бурууга түртөт. Батыш мусулмандардан ар кандай нерсени кабыл алууга даяр, бирок Халифалыкты эч кабыл ала албайт.

Ошондой эле, мусулман өлкөлөрүндөгү залим режимдер Батыштын кызматы үчүн бөлүнүүнү тамырлатып, өлкөлөрдү жана элди кафирдин колуна берип, кафирликти жана бузукулукту жайылтып, жалганчыл аалымдарды жакындатып, “Роббим Аллах” дегендерге каршы күрөш жүргүзүп, Үммөттүн душмандары менен бир кемеге кирип, аны уятсыздык менен ачык жарыялап жатканда буларга каршы туруу күч ала баштайт.

Мындан тышкары, Үммөттүн перзенттери бул “жасалма мамлекеттер”, алардын репрессивдүү режимдери, улутчул, мазхабчыл, жалган “улуттук кыймылдар” Үүммөткө тек гана кордук жана шордукту алып келгенин өз көзү менен көрүп жатышат. Ошондуктан Үммөт алардан баш тартып, алардан кутулуу жолдорун ойлонуп жатат.

Ошондой эле, “салттуу ислам” кыймылдары залим режимдер менен өнөктөш болуп, алардын күнөөсүн көтөрүп, өздөрүнүн чыныгы жүзүн ачып салууда. Натыйжада, Үммөттүн балдары алардан жүз буруп, чыныгы акыйкатты айтып жаткан даъватчыларга көңүл бура башташты.

Ал эми Үммөттүн балдары бир нече өлкөдө өздөрүнүн зулум жетекчилерине каршы көтөрүлүп, “Араб жазы” деп аталган толкундоолордо кыргынга учурап, ар-намыстары тебеленгендиги, Батыш менен Чыгыштын иттери аларга кол салгандыгы, булардын баары — Аллахтын сыноосу жана тарбиясы. Бул аркылуу Аллах алардын арасынан шахиддерди чыгарып, туура аракетке багыттап жатат.

Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

«...وَالْجِهَادُ مَاضٍ مُنْذُ بَعَثَنِيَ اللَّهُ إِلَى أَنْ يُقَاتِلَ آخِرُ أُمَّتِي الدَّجَّالَ، لَا يُبْطِلُهُ جَوْرُ جَائِرٍ، وَلَا عَدْلُ عَادِلٍ...»

**«Жихад Аллах мени пайгамбар кылган күндөн баштап, Үммөтүмдүн акыркы адамы Дажжал менен согушканга чейин уланат. Залимдин зулуму да, адилеттүү адамдын адилети да аны токтото албайт…».**

Бул Үммөткө жихад күндөрүнүн туруктуулугун жана анын жалындуу оту Кыяматка чейин өчпөстүгүн сүйүнчүлөгөнү. Демек, жихад бар болсо Үммөт жакшы абалда жана өз душмандарынан үстөм болот, кээ бир салгылашууларда душман үстөм болуп кеткен күндө да.

Үммөттүн айрым уулдары яхудийлер менен согушка киришкенде жихаддын үнү көтөрүлөт, яхудийлердин алсыздыгы ачыкка чыгат, алардын жүзү караят, калкын сатып кеткен башчылар ашкере болот жана Үммөт үчүн куткарылуу белгиси жана баса турган жолу ачылат. Ошондой эле, Үммөт өзүндөгү залим режимдерден арылып, жалпы душмандарына каршы жапырт жихад жүргүзгөн Халифалыгын орнотуу менен гана кутулары далилденет. Ошондо гана душмандары Үммөткө

үстөм боло албайт, Үммөт аларга каршы согушат, алар Үммөткө каршы согуша албайт, анын жихады даъват жана динди дүйнөгө жаюу үчүн жихадут талаб (чабуул жихады) болот.

Үммөт Газада болуп жаткан окуяларга терең ой жүгүрткөндө бул күрөш жер үчүн күрөш эмес, Ислам идеологиясы менен сасык капиталисттик идеологиянын күрөшү экенин аңдайт. Андай күрөштү жөн гана чек ара маселеси катары түшүнгөндөр жаңылышат. Үммөт Сайкс-Пико келишими “Израилди” мамлекет катары түзгөн түзүм, ошол эле убакта “араб мамлекеттери” деп аталган коргондорду да жаратып, мамлекет деп атап койгонун түшүнөт. Демек, яхудий түзүмү менен бул коргондор өз ара тыгыз байланышта жана алардын бири куласа экинчиси да кулайт, бири калса экинчиси да калат. Үммөт Сириядагы акыркы окуяларды аңдаганда залим режимдер кулап жок болушу, жеткиликтүү жана Аллахтын уруксаты менен жакын экенин терең сезет.

Жетинчиден: бүгүн Үммөттүн турмушунда болуп жаткан бардык окуялар жакында боло турган улуу ойгонууга жана жалпы мамлекетке даярдык, анткени бул мамлекеттин убагы келип жетти. Үммөт өзүнүн башчылары тарабынан кожоюндарынын буйругу менен кишенделген болсо да, ал тирүү, буга эч кандай шек жок. Ага болгону чыныгы ыхлас менен жетектей турган акыйкат жетекчилик керек. Андай жетекчилик Үммөттү бул абалдан чыгарууга жана аны биринчи абалына кайтарууга алып барат.

Халифалык кулагандан бери Үммөттүн тарыхында болгон бардык окуялар биздин даъват туура экенин жана шаръий тарикат менен Аллахтын ыраазылыгына жетүү мүмкүн экенин күчтүү далилдер менен көрсөтүп жатат. Бул Аллах ыраазы болгон, бузулганды оңдогон, жамааттан бөлөк жүргөндөрдүн (гарибдердин) абалы.

Сегизинчиден: бүгүн Үммөттө болуп жаткан ар кандай окуя жана тарыхый өзгөрүүлөр — Аллахтын даъватты көтөргөндөр үчүн берген сыноосу. Аллах Таала айтат:

{يَوْمُ يَنفَعُ الصَّادِقِينَ صِدْقُهُمْ}

***“Бул күн чыныгы ыйман келтиргендерге чындык сөздөрү пайда бере турган Күн”.*** (Маида: 119).

Биз бул сыноолордо акыйкатта бекем болууга жана өз жолубузду улантууга тийишпиз. Анткени Аллах бизге эч качан бузулбай турган убадасын берген:

{وَعَدَ اللَّهُ الَّذِينَ آمَنُوا مِنكُمْ وَعَمِلُوا الصَّالِحَاتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِي الْأَرْضِ}

***«Аллах силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга кудум илгери өткөн*** *(ыйман-ишенимдүү)* ***заттарды*** *(жер*

*жүзүнө)* ***халифа өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа – орун басар кылууну убада кылды».*** (Нур: 55).

Бул Аллахтын сөзсүз ишке ашуучу убадасы. Пайгамбар ﷺ бизди минтип сүйүнчүлөгөн:

«لا يلبث الجَور بعدي إلا قليلًا حتى يطلع، فكلما طلع من الجور شيء ذهب من العدل مثله حتى يولد في الجور من لا يعرف غيره، ثم يأتي الله تبارك وتعالى بالعدل، فكلما طلع من العدل شيء ذهب من الجور مثله حتى يولد في العدل من لا يعرف غيره»

**“Менден кийин зулум аз убакыт гана болот, андан соң ал жоголот, зулум канчалык көбөйсө, адилеттүүлүк ошончолук азаят, анан зулумдун ичинде андан башка эч нерсени билбеген муун төрөлөт. Андан соң Аллах Таала адилеттүүлүктү алып келет, ал дагы канчалык көбөйсө, зулум ошончолук азаят жана адилеттин ичинде андан башка эч нерсени билбеген муун төрөлөт”.** (Имам Ахмад риваяты).

Биз Аллахтан тилейбиз: бизди туура жол көрсөткөндөрдөн жана туура жолдо жүргөндөрдөн кыла көр! Үммөттү акыйкат даъват майданына кайтар! Оо, Аллахым! Биз үчүн башкарууну Сен тартипке сал, ишти Өзүң жөндө!

Акыркы дубабыз: Алхамдулиллахи Роббил Ааламин. ❑

## АКШнын Жакынкы Чыгыш боюнча атайын өкүлүнүн орун басары: “Хизбуллахтын куралсыздандырылышы Ливандын бүт аймагын камтышы керек”

АКШнын Жакынкы Чыгыш боюнча атайын өкүлүнүн орун басары Морган Ортагус Ливан өкмөтүн “Хизбуллахты куралсыздандыруу” маселеси боюнча чечим кабыл алууга чакырды. Ал шейшемби күнү Дохада өткөн Катар экономикалык форумунда сүйлөп, бул багытта Ливандын алдыда жасай турган иши көп экенин белгиледи. Ортагус: “Акыркы алты ай ичинде Ливан жетекчилери балким акыркы он беш жылдагыга караганда көбүрөөк иш жасашты”, - деди.

АКШ өкүлү мындан тышкары: “Биз Хизбуллахты толук куралсыздандырууну талап кылып келебиз, бул түштүктөгү Литани дарыясынын аймагын гана эмес, өлкөнүн бардык бөлүгүн камтышы керек”, - деп билдирди. Ал Ливан жетекчилерин “бул маселеге байланыштуу чечим кабыл алууга” чакырды.

Буга чейин, апрель айынын акырында Ливан президенти Жозеф Аун француз Сенатынын делегациясынын алдында сүйлөп: “Курал мамлекеттин колунда гана болушу керек деген чечим кабыл алынган, согуштун тилине кайтуу болбойт”, - деп билдирген. Бул билдирүү Хизбуллахтын курал-жарагына ишара кылынган.

Бирок ал муну менен кошо: «“Израил” тарап беш дөңсөөнү бошотушу зарыл, бул Ливан армиясынын толук жайгашуусун тездетет”, - деген оюн кошумчалаган. Ошондой эле Аун “«Израил» 2024-жылдын 27-ноябрында түзүлгөн ок атышпоо келишимин 3000ден ашуун жолу бузганын” белгиледи.

**Аль-Ваъй:** АКШнын Ливанга болгон ниети эми айдан ачык болуп калды. Алар Ливанды да яхудий түзүмү менен алакаларды кадимки көрүнүшкө айландырган өлкөлөрдүн катарына кошкусу келип жатат, аны бул багытта Сирия жана Сауд Арабиясы менен бирге “Ибрахим келишимдерине” кошууну каалайт.

Ал эми башчылар адаттагыдай эле “мамлекет жалгыз өзү куралдуу болушу керек” деген ураан менен, кийинчерээк “өлкөнүн кызыкчылыгы баарынан жогору турат” деген шылтоoo менен буга даяр турушат…

## Жасос Эли Кохейндин архиви: Шаранын яхудий түзүмүнө белеги, Дамаск жакында сөөктөрүн да тапшырат

«Рейтер» агенттиги үч жогорку даражалуу булактын маалыматына таянып жазганына ылайык, яхудий түзүмү жашыруун агент Эли Кохейндин архивин жаңы Дамаск бийлигинин ачык макулдугу менен кайтарып алды. Жаңы бийлик бул кадамды яхудий түзүмүнө жана

президент Дональд Трампка ниети жакшы экенин көрсөтүү иретинде жасаган.

Яхудий түзүмү мурун белгилүү жашыруун агент Эли Кохейндин архиви кайтарылганын жарыялаган. Ал 1960-жылдары Моссад үчүн иштеп, Дамаскта кармалып, 1965-жылы дарга асылган. Архив коопсуздук операциясынын негизинде кайтарылганы айтылды, бирок деталдары жарыяланган жок. Яхудий түзүмү ал чет элдик чалгын кызматы менен бирге иш алып барганын гана билдирген.

Бирок агенттикке маалымат берген инсайдер булактар алардын ичинде Сириянын убактылуу президенти Ахмад Шара да болгонун, Эли Кохейнге байланыштуу архивдик материалдарды дал ушул Сирия тарап сунуштаганын билдиришти. Максат — яхудий түзүмү менен ишеним түзүү жана жихадий уюмга байланышы бар болгон Дамасктын жаңы башкаруучусу тууралуу яхудий түзүмүн тынчтандыруу болгон.

Ошондой эле булактардын бири билдиргендей, Дамаск Кохейндин сөөгүн кайтарууга макул болуу менен катар, 1982-жылы яхудий түзүмүнүн Ливанды басып кирүүсү маалында сириялык күчтөр тарабынан өлтүрүлгөн үч яхудий аскеринин сөөгүн да тапшырууга макулдук берген. Бүгүнкү күнгө чейин яхудий түзүмү ошол үчөөнүн ичинен бирөөсүнүн — Цви Фельдмандын сөөгүн кайтарып алган.

**Аль-Ваъй:** Сириянын жаңы башчыларынын АКШ администрациясы жана яхудий түзүмү менен жакындашуусуна же аларга карата ар кандай багынып берүүчүлүккө таң калбай деле калдык. Себеби, Сириянын жаңы президенти Ахмед Шаранын Трампка, яхудий түзүмүнө жана эл аралык түзүмгө карата көрсөткөн позициясы менен берилген жеңилдиктерин көргөн соң, Сирия белгилүү учур келгенде “Ибрахим келишимдерине” кошулууга да даяр экени айкын болду!

## Мисир армиясы яхудий түзүмүнүн учактарын атып түшүрө турган кытайлык ракетага ээ

Яхудий түзүмүнө таандык маалымат каражаттары Мисир армиясынын колунда абадан коргонуу үчүн Кытайда чыгарылган заманбап PL-15 тибиндеги ракета бар экенин эскертишип, ал жакында Пакистан менен болгон кагылышууда индиялык аскердик учакты атып түшүргөнүн белгилешти.

Яхудий “Натсив нет” сайты мындай ракетанын учакты атып түшүрүшү Жакынкы Чыгыштагы аба үстөмдүгүнө олуттуу коркунуч жаратарын жана бул Мисирдин колундагы курал катары өзгөчө белгилүү экенин жазды. Алардын маалыматы боюнча, PL-15 ракетасынын чыныгы аралыгы 300 чакырымдан ашат. Бирок Мисир

алган версиясы экспорт үчүн болгондуктан, анын аралыгы болжол менен 140 чакырымды түзөт.

**Аль-Ваъй:** мусулман армияларынын колунда яхудий түзүмүн жана аны колдогон Ак үйдөгү кожоюндарын жеңүүгө толук кудуреттүү кылган мүмкүнчүлүктөр бар. Бирок Аллах бул ийгиликти Өзүнүн тандалгандарына, күч-кубат ээлеринин ичиндеги чыныгы ихлас менен чыккан адамдарга гана насип кылат… Кайдасыңар, ушул доордун ансарлары болууга даяр турган күч-кубат ээлери?

## Трамп: Жакынкы Чыгыштан 5.1 триллион доллар менен кайтып келдим, бул жаман эмес

АКШнын президенти Дональд Трамп Жакынкы Чыгыштагы акыркы сапары "сонун" өткөнүн айтып, анын натыйжасында АКШ болжол менен 5.1 триллион доллар киреше менен кайтып келгенин билдирди. Ал бул көрсөткүчтү "жаман эмес ийгилик" деп сыпаттады.

Журналисттерге берген билдирүүсүндө Трамп мындай деди: "Катар, Саудия жана Бириккен Араб Эмираттары менен болгон мамилебиз мыкты. Бизде алардан да көп акча бар, бирок аны буга чейин туура пайдалана алчу эмеспиз".

**Аль-Ваъй:** мусулмандардын мал-мүлкүн кылмышкер башчылар Трамп сыяктуу кожоюндарынын көңүлүн алуу үчүн ысырап кылышты. Ал эми ошол акчалар Ислам дүйнөсүндө калк кызыкчылыгына жумшалганда экономикалар жанданып, Үммөттүн кубатын арттырып, куткара алмак. Бирок бул башчылар өз эли эмес, өз тактысын тандашты! Алар кандай гана жаман өкүм чыгарып жатышат!

## Катар премьер-министри: Трампка учак белек кылуу – союздаштар ортосундагы табигый көрүнүш

Катар премьер-министри жана тышкы иштер министри шейх Мухаммад бин Абдурахман Аль Тани АКШнын президенти Дональд Трампка кымбат баалуу учак белек кылуу боюнча өлкөсүнө карата айтылган сынды четке какты.

Ал бул тууралуу Катар экономикалык форумунда сүйлөп: "Бул маселе эки өлкөнүн коргоо министрликтеринин ортосундагы кызматташтыктын алкагында болгон, союздаштардын ортосунда мындай нерселер кадимки көрүнүш", - деп билдирди.

**Ал-Ваъй:** Катар премьер-министри Исламга жана мусулмандарга кастык кылган Американы анын өлкөсүнүн союздашы деп эсептейт да, анын президентине 400 миллион долларлык учакты "белек" катары тартуулайт! Ушул эле учурда Газадагы балдар, аялдар жана кары-

картандар ачкалыктан өлүп жатышат! Ыймансыз, намыссыз башчыларды Аллах лаанаттасын!

## Яхудий маалымат каражаттары: Газадагы согушка катышуудан баш тарткандар көбөйүүдө, аскердик басым туткундарды кайтарбайт

Акыркы маалыматтарга караганда, яхудий түзүмүнүн айрым аскерлери Газадагы согушка кайтып баруудан баш тартып жатышат. Шарон аттуу журналисттин маалыматына ылайык, бул аскерлер өз жетекчилерине: "Биз кызматта эки жыл он ай болдук, кургактагы операция башталгандан тартып ок атышпоо келишимине чейин согуштук. Эми мындан ары психологиялык жактан чыдай албай калдык", - дешкен.

Анын айтымында, мурун мындай учурларда армия аларды согуштук эмес кызматтарга дайындачу, бирок бул жолу сот жана абак менен коркутууда.

**Аль-Ваъй:** ыйман менен сабыр кылган, Аллахтан сооп үмүт кылган бир ууч мусулмандар бул яхудий түзүмүнүн армиясына ушундай абал жаратты, эгер чыныгы мусулман армиясы аларга каршы согушканы барса эмне болот эле?!

## Яхудий түзүмү Иордания менен чектешкен чек арага коопсуздук тосмосун куруу чечимин кабыл алды

Яхудий түзүмүнүн аскерий радиосу билдиргендей, алардын саясий жана коопсуздук маселелери боюнча чакан министрлер кабинети Иордания менен чектешкен чыгыш чек арада коопсуздук тосмосун куруу планын бекитти. Радионун маалыматы боюнча, бул план Иордан өрөөнүн көзөмөлдөөнү күчөтүү болуп эсептелет. Бул колонизатордук посттор, чарбалар жана аскердик машыгуу лагерлери аркылуу камсыздоону камтыйт.

Ошондой эле радионун маалыматына ылайык, яхудий түзүмүнүн Коргоо министрлиги жана армиясы тарабынан иштелип чыккан план 425 чакырымга созулган көп катмарлуу коргонуу системасын түзүүнү карайт. Бул оккупацияланган Голан дөңсөөлөрүнүн түштүк бөлүгүнөн тартып Эйлаттын түндүгүнө чейин созулат.

Март айында "Таймс оф Исраил" басылмасы жазгандай, яхудий түзүмү Иордания менен чектешкен чек арада жаңы тосмо курууну курал-жарак жана баңгизаттардын кайра-кайра мыйзамсыз өткөрүлүшүн токтотуу максатында баштай турганын билдирген. Бул

долбоордун наркы 1,4 миллиард доллар деп бааланып, курулуш үч жылга созулары күтүлүүдө.

**Аль-Ваъй:** Аллах Таала чындыкты айткан:

﴿لَا يُقَاتِلُونَكُمْ جَمِيعًا إِلَّا فِي قُرًى مُّحَصَّنَةٍ أَوْ مِن وَرَاءِ جُدُرٍ بَأْسُهُم بَيْنَهُمْ شَدِيدٌ تَحْسَبُهُمْ جَمِيعًا وَقُلُوبُهُمْ شَتَّى ذَٰلِكَ بِأَنَّهُمْ قَوْمٌ لَّا يَعْقِلُونَ﴾

***“Алар*** *(мунаафык жана яхудийлер)* ***биргелешип, силер менен жалгыз калаа-коргондуу кыштактар ичинде*** *(бекинип)* ***же дубалдар артында гана согуша алышат*** *(тактап айтканда эч качан силерге каршы ачык согушка чыга алышпайт)****. Алар өз араларында күчтүү-кубаттуулар*** *(тактап айтканда, согуш болбостон туруп өз-ара күч-кубаттуу экендиктери тууралуу апырта беришет, бирок согуш убагында алар алсыз-коркоктор. Ооздорундагы сөздөрүнөн)* ***аларды биримдүү деп эсептейсиң,*** *(бирок)* ***жүрөктөрү*** *(ички дүйнөсү)* ***ар түрдүү. Буга себеп, алардын акылсыз коом экендиктери”.*** (Хашр: 14).

Бирок мунун баары аларды куткарып калбайт, анткени Аллах дагы мындай деген:

﴿فَإِذَا جَاءَ وَعْدُ الْآخِرَةِ لِيَسُوءُوا وُجُوهَكُمْ وَلِيَدْخُلُوا الْمَسْجِدَ كَمَا دَخَلُوهُ أَوَّلَ مَرَّةٍ وَلِيُتَبِّرُوا مَا عَلَوْا تَتْبِيرًا﴾

***“Анан, качан кийинки*** *(бузукулуктун)* ***убакыт-сааты келгенде жүздөрүңөрдү кара кылуулары, абалкы ирээт киргендери сыяктуу Масжид*** *(ал-Аксага басып)* ***кирип,*** *(аны тебелеп тепсөөлөрү)* ***үчүн ошондой эле ээлеп алган*** *(бардык)* ***жерлерди ойрон кылуулары үчүн*** *(дагы душмандарыңарды силердин үстүңөргө жиберебиз)****”.*** (Исра:7).❑

بسم الله الرحمن الرحيم

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## АДАМ НАФСИСИНИН ТАБИЯТЫ

**Халифа Мухаммад – Иордания**

**Бисмиллахир Рахманир Рахим**

**{زُيِّنَ لِلنَّاسِ حُبُّ الشَّهَواتِ مِنَ النِّساءِ وَالْبَنِينَ وَالْقَناطِيرِ الْمُقَنْطَرَةِ مِنَ الذَّهَبِ وَالْفِضَّةِ وَالْخَيْلِ الْمُسَوَّمَةِ وَالْأَنْعامِ وَالْحَرْثِ ذلِكَ مَتاعُ الْحَياةِ الدُّنْيا وَاللَّهُ عِنْدَهُ حُسْنُ الْمَآبِ (14) قُلْ أَأُنَبِّئُكُمْ بِخَيْرٍ مِنْ ذلِكُمْ لِلَّذِينَ اتَّقَوْا عِنْدَ رَبِّهِمْ جَنَّاتٌ تَجْرِي مِنْ تَحْتِهَا الْأَنْهارُ خالِدِينَ فِيها وَأَزْواجٌ مُطَهَّرَةٌ وَرِضْوانٌ مِنَ اللَّهِ وَاللَّهُ بَصِيرٌ بِالْعِبادِ}**

***«Адамдарга аялдар, балдар, түгөнгүс алтын-күмүш байлыктар,*** *(кымбат)* ***баалуулуктар, мал жана эгин-тегиндер сыяктуу көңүл каалай турган нерселер кооз, көркөм кылып көрсөтүлдү. Акыйкатта болсо, бул нерселер жалган дүйнө жашоосунун*** *(өтүп кетчү)* ***нерселери. Аллахтын алдында болсо эң кооз, көркөм бара турган жай – Бейиш бар. Айт,*** *(эй Мухаммад)****: «Силерге булардан жакшыраак нерсе жөнүндө кабар берейинби? Таква кишилер үчүн Роббисинин алдында алар түбөлүк кала турган, астынан дарыялар агып туруучу бактар, аруу пакиза жубайлар жана пенделерин көрүп туруучу Аллахтын Ыраазылыгы бар».*** (Али Имран: 14–15).

Биринчи аятта «زين» деп пассив (грам. мабний лилмажхул) формада өткөн чакта келген этиш колдонулган. Анын мааниси – бир нерсени көркөм, жагымдуу кылуу. Бул кооздоо адамдын табиятына салынган, башкача айтканда жаратылышында бар. Адам ушул аятта айтылган жана башка белгиленбеген бардык шахваттарга (нафси каалоолоруна) табигый жакын. Ал эми бул кооздукту кылган Аллах Таала, Ал жараткан жана тартипке келтирген, өлчөп белгилеген жана жол көрсөткөн Зат.

«Шахваттар» “шахва” сөзүнүн көптүк түрү. Бул бир жолу болгон каалоону билдирет, бирок бул жерде ал кайталанган каалоону түшүндүрөт, адам тынымсыз каалаган нерселер.

Биринчи аятта эки түрдүү нерселер нафсиге жагымдуу экени айтылган. Биринчиси, адамдын тукумун сактоо менен байланышкан – аялдар жана балдар. Шейх Тахир ибн Ашур (рахимахуллах) мындай дейт:

«Аялдар менен балдарды жана андан кийинки айтылган нерселерди «шахваттар» катары ачыктоодо, бул – адамзат табиятында жалпы бар

болгон негизги каалоолорду тизмектөө. Бул каалоолор улуттар, доорлор жана аймактар өзгөрсө да өзгөрбөйт. Аялдарга болгон тартылуу бул табигый нерсе, Аллах Таала аны адам тукумунун уланышына себеп болсун деп жараткан. Анткени аял – тукум улоо булагы. Ошондуктан эркекке аялга болгон тартылуу табиятына салынган, бул тукум уланышын оорлотпостон табигый түрдө камсыз кылат.

Балдарды жакшы көрүү да табиятта бар. Аллах Таала ата-энеге, эркекке да, аялга да бала ал экөөсүнүн бир бөлүгү деген сезимди берген. Бул баланын келечек муун экенин түшүнүп, ага кам көрүүгө түрткү болот. Адамдын мууну жок болуп кетпеши үчүн тукумду сактоо керек. Ошондой эле бала муундун алсырап, кор болгон учурунда аны коргогон калкан болуп саналат. Анткени адам күчтөн кийин алсырайт. Ошондо анын баласы аны коргойт. Кандайча ата балага алсыз учурунда кам көргөн болсо, бала да атага анын алсыз учурунда кам көрөт».

Шахваттардын экинчи түрү болсо адамдын өзүн сактап калуусуна байланышкан. Бул алтын-күмүштүн көп өлчөмүн, ( قناطير المقنطرة ) асыл тукум аттарды, үй жаныбарларын жана эгиндерге ээлик кылууга болгон сүйүү аркылуу көрүнөт.

«Канатир» قنطار сөзүнүн көптүк түрү. Бул сөз башка тилден кирип келген муъарроб сөз. Мааниси – жүз ратл салмактагы өлчөм (болжол менен 45–50 кг). Ал эми مقنطرة деген сөз көптөгөн, эки эселенген, мол дегенди билдирет. Адамдын табиятында алтын-күмүшкө болгон эч чектөөсүз сүйүү салынган. Бул тууралуу Пайгамбарыбыз ﷺ мындай деген:

**“Эгерде Адам уулуна эки өрөөн толо алтын берилсе, ал дагы үчүнчүсүн каалайт. Анын ичин** (көзүн) **топурак гана толтурат”.**

(Хадис сахих, Бухари жана Муслим риваяты).

Ал эми الخيل المسومة «альхойлуль мусаввама» деген сөз жөнүндө Ибн Ашур мындай дейт:

«المسومة» деген сөздүн эң көрүнүктүү мааниси – жайылып жүргөн жылкылар. Ал سوّم деген сөздөн алынган, бул فعّل деген күчөтүлгөн вазнда, б.а көп убакыт бою кайталанган кыймыл аракетке далалат кылат. Демек, أسام الماشية – «асамаль машия» малды жайытка чыгаруу деген сөз. Ал эми, سوّم бул жерде көп убакыт бою жайытта эркин калтырылган аттар тууралуу айтылууда. Бул болсо алардын ээси бай жана кең жайыттарга ээ экенин көрсөтөт. Ошондуктан мындай аттар ардактуу болуп, көрктүү жайлоолордо жана бак-дарактуу жерлерде багылат».

أنعام «Анъам» – үй жаныбарлары. Бул кыймылдуу коздук, өзгөчө көчмөн элдер үчүн. Алардын көптөгөн пайдалары бар, алардын айрымдары Куранда да айтылган.

حرث «Харс» – негизи жер айдоо дегенди билдирет. Тагыраагы, жерди айдап, эгин же дарак эгүүгө даярдоо. Бул сөз башында кыймыл аракетке далалат кылган масдар (сөздүн өзөгү) катары колдонулса да, кийинчерээк эгилген нерселердин жеке аталыштарына айланып, бактарга, эгин талааларына да колдонулган.

Куран аятында ушул бардык кооздолгон, көрк берген нерселер «бул дүйнөнүн убактылуу рахаты» деп сыпатталган. «Матаъ» деген сөз нерсе бир аз убакыт колдонулуп, андан кийин жок болорун билдирет. Бул аныктама чындыкка толук ылайык келет. Себеби бул дүйнөдө ырахат убактылуу, ал эми чыныгы, түбөлүктүү жакшылык Аллахтын алдында, аяттын соңунда айтылгандай:

{وَاللَّهُ عِندَهُ حُسْنُ الْمَآبِ}.

***«Аллахтын алдында болсо эң кооз, көркөм бара турган жай – Бейиш бар».***

Экинчи аят Аллах Тааланын Пайгамбарына ﷺ элге кайрылып мындай деп айт деген буйругу менен башталат: ***«Силерге булардан жакшыраак нерсе жөнүндө кабар берейинби?»***. Бул суроолуу форма, бирок анын максаты – кийин айтыла турган сөзгө көңүл бурдуруу. Ал болсо таквалар үчүн даярдалган акыреттеги сыйлык.

Бул сыйлык – алдынан дарыялар агып турган бейиш бакчалары, анда түбөлүк калуу жана ар кандай кемчиликтерден жана жийиркеничтүү нерселерден тазаланган жубайлар жана мунун баарынан да жогору – Аллахтын ыраазычылыгы. Бул ыраазычылык дүйнөдө шахваттарын ээрчип кеткен адамдарга берилбейт!

Аяттын акырында Аллах Тааланын адамдар тууралуу толук билүүсү эскерилет. Себеби Ал алардын Жаратуучусу, аларга шахваттарды салган Зат жана алардын бардык иш-аракеттерин көрүп туруучу. Алла Таала башка аятта айткандай:

{أَلَا يَعْلَمُ مَنْ خَلَقَ وَهُوَ اللَّطِيفُ الْخَبِيرُ}

***«****(Акыры)* ***Жараткан Зат*** *(Өзү жоктон бар кылган нерселерди)* ***билбейби?! Ал Мээримдүү жана*** *(ар нерседен)* ***кабардар Зат».*** (Мүлк: 14).

Ошондой эле, бул аятта للذين اتقوا – “таквалар үчүн” деген сөз айкашы биринчи айтылып, андан кийин гана جنات – “бейиш бакчалары” келүүдө. Мунун себеби «таквалык» өзгөчө жана маанилүү сапат экендигин билдирет.

Таквалык – Аллахтын буйруктарын жана тыюуларын чоң же кичине дебей, толук аткаруу дегенди билдирет. Демек, адам нафсиге жагымдуу болгон шахваттарды да Аллахтын буйругу жана тыюусу менен гана канааттандырууга аракет кылат. Муну менен адам материалдык

иштерин Аллахтын ыраазычылыгын көздөө менен аралаштырат. Башкача айтканда, материя менен рухту айкалыштырат.

Жогоруда айтылган сөздөргө ылайык, бул эки аят адамдын табиятында калыптандырылган үч негизги инстинктти (гарыйзаны) жана алардын айрым көрүнүштөрүн чагылдырат:

1. Нав гарыйзасы – غريزة النوع. Аятта бул аялдар жана балдар аркылуу чагылдырылган.

2. Бако гарыйзасы – غريزة البقاء. Бул байлыкка, алтын-күмүшкө, күч-кубатка жана бийликке болгон умтулуу аркылуу, атап айтканда, үй жаныбарлары, эгин талаалары жана аттар менен берилген.

3. Тадаюн гарыйзасы – غريزة التدين. Бул болсо Жаратуучуну улуу деп таанып, Акыретке ишенип, иш-аракеттерде жана шахваттарды канааттандырууда таквалык менен жашоо аркылуу көрүнөт.

Бул мааниде баса белгилөөгө арзый турган нерсе, адамдын табиятында салынган ушул гарыйзалар жана алардын түрдүү көрүнүштөрү, ошондой эле организм муктаждыктары, мунун баары жашоонун кыймылдаткыч күчтөрүн, башкача айтканда, адамдык жүрүм-турумдун себептерин түзөт. Бул болсо, адамда ошол гарыйзаларды жана организм муктаждыктарын канааттандыруу үчүн аракеттенүүгө болгон каалоону пайда кылат. Бирок бул канааттандыруу жөн гана болбошу керек, аны мүнөздөп тартиптей турган түшүнүктөр, критерийлер керек. Адам кандай ырахат булактарын тандаарын, кайсы бирин артык көрүп, кайсы биринен баш тартарын ошол түшүнүктөрү, жашоого болгон көз карашы жана жашоодогу улуу максаты аныктайт.

Бул нерселердин баарын «таквалык» تقوى деген түшүнүк жалпылаштырат. Анткени адам акылы бул инстинкттерди туура багыттап канааттандырган түзүмдү өз алдынча түзө албайт жана мыйзам чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө да ээ эмес. Бул жөндөм жалгыз гана Аллах Таалада бар. Себеби, Ал – адамды жараткан, аны милдеттендирген, акыретте кайра тирилтип, кылган иштерине жараша эсепке тартуучу Зат.

Кимде-ким өзүнүн шахваттарын Ислам акыйдасынан келип чыккан шарият өкүмдөрү менен канааттандырса, ал бейишке кирет жана түбөлүк ошол жерде калат. Ал эми ким Аллах Тааланын белгилеген түзүмүн четке какса, анын жазасы Аллахтан келген азап жана кордук болот. Аллах Таала Анын түзүмүн четке каккан адамды максатсыз, тек гана жеп-ичүү үчүн жашаган малга салыштырып, мындай дейт:

{وَالَّذِينَ كَفَرُوا يَتَمَتَّعُونَ وَيَأْكُلُونَ كَمَا تَأْكُلُ الْأَنْعَامُ وَالنَّارُ مَثْوًى لَّهُمْ}

***«Кафир болгон кимселер болсо** (ушул дүйнө тирүүлүгүнүн убактылуу ырахаттарынан) **пайдаланып, үй айбандары жегендей жеп-ичишет жана тозок алардын жайы болот!».*** (Мухаммад: 12).

Жыйынтыктап айтканда, ушул эки аят адамдын ички дүйнөсүн жана нафсисин изилдөөнүн негизи боло алат. Мындан тышкары, Куранда адамдын ички дүйнөсүнө байланыштуу көптөгөн аяттар бар. Алар адамдын нафсисинин чыныгы абалын түшүндүрүп берет жана аны туура тарбиялоо жолу менен бул дүйнөдө да, акыретте да Аллахтын ыраазычылыгы менен бактылуу болууга жетелейт. ❑

## ЗУБАЙР ИБН АВВАМ: АЛЛАХТЫН ЭЛЧИСИНИН ﷺ ЖООКЕРИ ЖАНА ИСЛАМ БААТЫРЫ

**Абдул-Махмуд ал-Амири – Йемен**

Зубайр ибн Аввам ибн Хувайлид ал-Кураший ал-Асадий — Пайгамбарыбыздын ﷺ эжеси Сафия бинт Абдулмутталибдин уулу. Ал Исламды эң алгач кабыл алгандардын катарында эле. Ал Дар ал-Аркамдагы алгачкы жетөөнүн бири болуп, Исламды кабыл алууга шашылган алгачкылардын катарында турган. Аны Исламга Абу Бакр ас-Сыддык (разияллаху анху) чакырган жана дал ошол Абу Бакрдын колу менен мусулман саабикундардан болгон. Ал төртүнчү же бешинчи болуп Исламды кабыл алган деп айтылып келет. Биринчи хижрат болгондо Хабашистанга хижрат кылган, бирок ал жакта көпкө турган эмес. Андан кийин Абу Бакрдын кызы Асмага үйлөнгөн. Экөө Ясрибге хижрат кылышкан. Асма ага Абдуллах ибн Зубайр аттуу уул төрөп берген. Ал Мадинада мусулмандардан төрөлгөн биринчи эркек бала болгон.

Зубайр – бейиш менен сүйүнчүлөнгөн он сахабанын бири. Ага “Абу Абдуллах” жана “Абу Тахир” деген лакаптар берилген. Ошондой эле ал халифа Умар (разияллаху анху) өлтүрүлгөндөн кийин Халифалыкка талапкер көрсөтүлгөн алты адамдын бири болгон.

**Насили:**

Зубайр ибн Аввам ибн Хувайлд ибн Асад ибн Абдул-Узза ибн Кусай ибн Килаб ибн Мурра ибн Кааб ибн Луай ибн Галиб ибн Фихр ибн Малик ибн ан-Надр ибн Кинана ибн Хузайма ибн Мударика ибн Иляс ибн Мудар ибн Низар ибн Маад ибн Аднан. Анын атасы Аввам Пайгамбарыбыздын ﷺ аялы Хадича бинт Хувайлиддин агасы болгон.

Энеси: Сафия бинт Абдулмутталиб ибн Хашим ибн Абдуманаф ибн Кусай ибн Килаб ибн Мурра ибн Кааб ибн Луай ибн Галиб ибн Фихр ибн Малик ибн ан-Надр ибн Кинана ибн Хузайма ибн Мударика ибн Иляс ибн Мудар ибн Низар ибн Маад ибн Аднан. Ал Пайгамбарыбыздын ﷺ атасынын бир тууган эжеси болгон.

**Төрөлүшү жана өсүшү:**

Зубайр хижраттан болжол менен 28 жыл мурун, башкача айтканда болжол менен 594-жылы Мекке шаарында төрөлгөн. Ал Курайш уруусунун урмат-сыйлуу үй-бүлөсүндө чоңойгон жана бала кезинен эле эр жүрөктүгү менен таанылган. Анын апасы Сафия аны катуу тарбия менен чоңойткон. Ал мындай деп айткан:

"كانت تضربني حتى أكون رجلاً".

«Апам мени эркек болуп өсүшүм үчүн көп сабачу».

Зубайр Исламды 16 жашында кабыл алган, айрым риваяттарда 12 же 8 жашында мусулман болгон деп да айтылат. Ал Исламды алгач кабыл алгандардын катарында болуп, куугунтук менен азапка кабылган. Аны өзүнүн агасы азаптаган, денесине ладан (бухур) күйгүзүп, дем жетпей калгыдай абалга чейин жеткирчү. Зубайр мындай деп эскерет:

"والله لا أعود للكفر أبدًا".

«Кудайга ант, мен эч качан кайра куфурга кайтпайм!».

**Үйлөнүүсү:**

Зубайр Пайгамбарыбыздын ﷺ эң жакын досу болгон Абу Бакрдын кызы «эки кур» ээси катары таанылган Асма бинт Абу Бакрга үйлөнгөн. Асма ага Абдуллах ибн Зубайр аттуу уул төрөп берген. Абдуллах мусулмандардын улуу урматтууларынан болгон. Алардын үй-бүлөсү ыйман, жихад жана сабыр менен белгилүү болгон үй-бүлө эле. Асма Зубайрга турмушунда чоң колдоо көрсөткөн.

Зубайр Асмадан башка аялдарга да үйлөнгөн. Анын уулдары: Абдуллах, Урва, ал-Мунзир, Асым, ал-Мухажир, Жафар, Убайда, Амр, Халид, Мусаб жана Хамза. Кыздары: Хадижа ал-Кубра, Хадижа ас-Сугра, Уммул Хасан, Аиша, Хабиба, Сауда, Хинд, Рамла жана Зайнаб.

**Зубайр Пайгамбарыбыздын ﷺ жашоосунда:**

Зубайр ибн Аввам Пайгамбарыбыз ﷺ менен бардык жихаддарга жана казаттарга катышкан. Ал Ислам армиясынын баатыр жоокерлеринин бири болгон жана анын денеси согуштагы найза жана жебе тийген жаракаттарга толгон эле. Анын денесинде отуздан ашуун жаракаттын изи бар болчу. Али ибн Зайд мындай деген:

«حَدَّثَنِي مَنْ رَأَى الزُّبَيْرَ بْنَ الْعَوَّامِ صَدْرُهُ كَأَنَّهُ الْعُيُونُ مِنَ الطَّعْنِ وَالرَّمْيِ».

«Мага Зубайр ибн Аввамды көргөн адам айтып берди: анын көкүрөгү найза менен жебелер сайылган сайран булактары сыяктуу эле».

Хасан ал-Басрий:

«كَانَ بِالزُّبَيْرِ بِضْعَةٌ وَثَلَاثُونَ ضَرْبَةً، كُلُّهَا مَعَ النَّبِيِّ ﷺ».

«Зубайрда отуздан ашуун жаракат болгон, алардын баары Пайгамбар ﷺ менен бирге болгон жихаддарда түшкөн» деп айткан.

Ибн Шихаб мындай дейт:

«لَمَّا أَتَى عَلِيٌّ رضي الله عنه بِسَيْفِ الزُّبَيْرِ جَعَلَ يُقَلِّبُهُ وَيَقُولُ: سَيْفٌ طَالَمَا جَلَا الْغَمَّ عَنْ وَجْهِ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ».

«Али (разияллаху анху) Зубайрдын кылычын алганда аны карап: «Бул кылыч Пайгамбарыбыздын ﷺ жүзүн кайгыдан көп жолу арылткан», – деп айткан».

Табийиндердин бири мындай деп эскерет:

«صَحِبْتُ الزُّبَيْرَ بْنَ الْعَوَّامِ فِي بَعْضِ أَسْفَارِهِ فَأَصَابَتْهُ جَنَابَةٌ بِأَرْضِ قَفْرٍ، فَقَالَ: اسْتُرْنِي، فَسَتَرْتُهُ فَحَانَتْ مِنِّي الْتِفَاتَةٌ، فَرَأَيْتُهُ مُجَدَّعًا بِالسُّيُوفِ، قُلْتُ: وَاللَّهِ لَقَدْ رَأَيْتُ بِكَ آثَارًا مَا رَأَيْتُهَا بِأَحَدٍ قَطُّ، قَالَ: وَقَدْ رَأَيْتَهَا؟ قُلْتُ: نَعَمْ، قَالَ: أَمَا وَاللَّهِ مَا مِنْهَا جِرَاحَةٌ إِلَّا مَعَ رَسُولِ اللَّهِ ﷺ وَفِي سَبِيلِ اللَّهِ.»

«Мен Зубайр ибн Аввам менен бир сапарга чыккан элем. Ал сапар маалында жуунушу керек болуп калды. Ал мага: “Мени жаап турчу”, - деди. Мен аны жаап турдум, бирок байкабай бир карап алсам, анын денеси кылыч менен тилинген жерлерден улам тешик-тешик экен. Мен: “Кудайга ант, сенин денеңде мындай издерди эч кимден көргөн эмесмин!”, - дедим. Ал: “Чындап элеби?”, - деди. Мен: “Ооба”, - дедим. Ал айтты: “Анда билип кой, булардын баары Пайгамбар ﷺ менен бирге Аллахтын жолунда алган жаралар!”.

Зубайрга Пайгамбар ﷺ төрт үлүш олжону ыйгарчу: бирөө өзүнө, экөө атына, бирөө болсо анын туугандарынан болгондугу үчүн берилчү.

**Бадр согушундагы эрдиги:**

Бадрдагы салгылашта Зубайр куралчан, калкандуу болгон Абид ибн Саид ибн ал-Аасты өлтүргөн. Ал мындай деп айткан:

«لَقِيتُ يَومَ بَدْرٍ عُبَيْدَةَ بنَ سَعِيدِ بنِ العَاصِ وهو مُدَجَّجٌ، لا يُرَى منه إلَّا عَيْنَاهُ، وهو يُكْنَى أبو ذَاتِ الكَرِشِ، فَقالَ: أنَا أبو ذَاتِ الكَرِشِ، فَحَمَلْتُ عليه بالعَنَزَةِ فَطَعَنْتُهُ في عَيْنِهِ فَمَاتَ.

«Бадр күнү мен Абид ибн Саид ибн ал-Ааска жолуктум. Ал толугу менен темир соот кийип алып, көздөрүнөн башка эч жери

көрүнбөдү. Анын лакабы Абу Зат ал-Кариш болчу. Ал: “Мен — Абу Зат ал-Каришмин!”, - деди. Мен аны найзам менен көзүнө сайдым, ал өлдү».

Хишам мындай дейт:

فَأُخْبِرْتُ أَنَّ الزُّبَيْرَ قالَ: لقَدْ وضَعْتُ رِجْلِي عليه، ثُمَّ تَمَطَّأْتُ، فَكانَ الجَهْدَ أَنْ نَزَعْتُهَا وقَدِ انْثَنَى طَرَفَاهَا.

«Зубайр айтты деп мага кабарлашты: “Мен бутумду анын үстүнө коюп, найзаны сууруп алдым. Ошондо найзанын учу ийилип калган эле».

Урва мындай дейт:

"فَسَأَلَهُ إِيَّاهَا رَسولُ اللَّهِ ﷺ فأعْطَاهُ، فَلَمَّا قُبِضَ رَسولُ اللَّهِ ﷺ أَخَذَهَا، ثُمَّ طَلَبَهَا أبو بَكْرٍ فأعْطَاهُ، فَلَمَّا قُبِضَ أبو بَكْرٍ سَأَلَهَا إِيَّاهُ عُمَرُ، فأعْطَاهُ إِيَّاهَا، فَلَمَّا قُبِضَ عُمَرُ أَخَذَهَا، ثُمَّ طَلَبَهَا عُثْمَانُ منه، فأعْطَاهُ إِيَّاهَا، فَلَمَّا قُتِلَ عُثْمَانُ وقَعَتْ عِنْدَ آلِ عَلِيٍّ، فَطَلَبَهَا عبدُ اللَّهِ بنُ الزُّبَيْرِ، فَكَانَتْ عِنْدَهُ حتَّى قُتِلَ".

«Пайгамбар ﷺ ошол найзаны сурап алып, дүйнөдөн өткөнчө өзүндө кармады. Андан кийин аны Абу Бакр алды. Абу Бакр дүйнөдөн кайткандан кийин Умар сурап алды. Умар өлгөн соң Усман сурап алды. Усман өлтүрүлгөндөн кийин ал Алинин үй-бүлөсүнө өттү. Андан кийин Абдуллах ибн Зубайр ал найзаны алып, өзү өлгөнгө чейин сактаган».

Зубайр Бадр согушунда эки жолу жаракат алган. Урва мындай дейт:

«كان في الزبير ثلاث ضربات: إحداهن في عاتقه، إن كنت لأدخل أصابعي فيها، ضرب ثنتين يوم بدر، وواحدة يوم اليرموك».

«Зубайрдын денесинде үч жаракат болгон, алардын бири мойнунда болчу. Мен ал жаракатка манжамды салып киргизе алчумун. Экинчиси Бадр согушунда, бирөө Ярмук согушунда тийген».

Бадрда Зубайр сары чалма кийип чыккан. Периштелер да сары чалма менен түшкөн эле. Ошондо Пайгамбар ﷺ мындай деген:

: "إِنَّ الْمَلائِكَةَ نَزَلَتْ عَلَى سِيمَاءِ الزُّبَيْرِ".

«Чындыгында периштелер Зубайрдын көрүнүшүндө түштү».

Зубайр Бадрдагы согушта чыныгы баатырларча согушкан, кылыч көтөргөн эң эр жүрөк сахабалардын бири болгон.

**Ухуд согушу**

Ухуд согушунда көпчүлүк качып кеткен кезде Зубайр Пайгамбарыбыздын ﷺ жанында туруп, бекем карманган сахабалардын бири болгон. Албетте, Зубайр ибн Аввам Ухуд

согушуна катышкан жана ошол согуш бүткөндөн кийин Пайгамбарыбыз ﷺ тарабынан Курайш армиясынын изине түшүүгө милдеттендирилгендердин катарында болгон. Аиша энебиз ушул аятты айтып мындай деген:

«﴿الَّذِينَ اسْتَجَابُوا لِلَّهِ وَالرَّسُولِ مِنْ بَعْدِ مَا أَصَابَهُمُ الْقَرْحُ لِلَّذِينَ أَحْسَنُوا مِنْهُمْ وَاتَّقَوْا أَجْرٌ عَظِيمٌ﴾

***«Ошондой эле өздөрүнө жаракат жеткенден кийин да Аллах жана Элчисине моюн сунган момундардын ажыр-сыйлыктарын Аллах бекер кылбастыгы жөнүндө кубанычтуу кабар беришүүдө. Алардын арасындагы жакшы моюн сунган жана Аллахтан корккон заттар үчүн улуу ажыр-сыйлык бар».*** (Али Имран: 172).

Аиша энебиз Урвага мындай деп айткан:

يا ابنَ أُختي، كانَ أبَوكَ منهُم: الزُّبَيْرُ وأبو بكرٍ، لما أصاب رسولَ الله ﷺ ما أصابَ يومَ أُحُدٍ، وانصرَفَ عنه المُشرِكونَ، خافَ أنْ يَرْجِعوا، قال: مَن يَذهَبُ في إثْرِهِم. فانتدَبَ مِنهُم سَبْعينَ رَجلًا، قال: كان فيهم أبو بكرٍ والزُّبَيرُ."

«Эй, синдимдин баласы! Атаң Зубайр жана Абу Бакр ушул аятта айтылгандардын катарында болгон. Ухуд күнү Пайгамбар ﷺ жаракат алып, мушриктер артка кайтышканда Аллахтын Элчиси ﷺ алар кайра келиши мүмкүн деп чоочулаган. Ошондо: "Артынан ким барат?" - деп сураган. Жетимиш киши өздөрүн сунушташты. Алардын арасында Абу Бакр менен Зубайр да болгон".

Мусулмандар Ухуддан кийин туткундарды ээрчитип Мадинага кайтып келишкенде Пайгамбар ﷺ Зубайрга Абу Азза ал-Жумахийдин башын алууну буюрган. Ибн Хишам мындай дейт:

"كان رسول الله ﷺ أسره ببدر، ثم مَنَّ عليه (أي بالفداء)، فقال: يا رسول الله، أقلني، فقال رسول الله ﷺ: والله لا تمسح عارضيك بمكة بعدها وتقول خدعت محمدًا مرتين، اضرب عنقه يا زبير، فضرب عنقه".

«Абу Аззаны Пайгамбар ﷺ Бадрда туткундап, кийин аны кечирип жиберген. Бирок ал кайра Ухудда мусулмандарга каршы согушка чыккан. Анда да туткунга алынып: «Эй, Аллахтын Элчиси, мени кечирчи», - дегенде Пайгамбар ﷺ ага: "Эми мени кечир деп сурап жатасыңбы? Кудайга ант, сен Меккеде кайра мурдуңду сүртүп: «Мухаммадды эки жолу алдадым!» деп айта албайсың, Зубайр, башын ал!", - деп буйруган. Ошондо Зубайр анын башын алган».

**Хандак согушу**

Хандак согушунда Пайгамбарыбыз ﷺ Зубайрды Бану Курайза уруусунун кабарын билип келүү үчүн жөнөткөн. Ошондо Аллахтын Элчиси ﷺ ага:

«فداك أبي و أمي»

«Атам да, апам да сага садага болсун!» - деп айткан.

Зубайр Хандак согушуна катышкан жана ошол согушта Махзум уруусунан Навфал ибн Абдуллах ибн ал-Мугийрани өлтүргөн. Ибн Исхак мындай дейт:

«فضربه فشقه باثنتين حتى فلَّ في سيفه فلّا، وانصرف وهو يقول:

إني امرؤ أحمي وأحتمي *** عن النبي المصطفى الأمي

«Зубайр аны кылычы менен чаап экиге бөлдү, кылычы да кыйшыйып калды. Ошондо ал кайтып бара жатып минтип ырдаган:

«Мен уммий болгон Мустафа Пайгамбарды коргойм жана коргонуп турам!».

Ошол кезде мусулмандардын арасында Бану Курайза келишимди бузду деген кеп тарады. Пайгамбар ﷺ алардын келишимди бузушунан чочулаган. Ошондуктан Зубайр ибн Аввамды алардын кабарын билип келүүгө жиберген. Жабир ибн Абдуллах ибн Харам мындай деп баяндайт:

«قال رسول الله ﷺ يوم الأحزاب من يأتينا بخبر القوم فقال الزبير: أنا، ثم قال: من يأتينا بخبر القوم، فقال الزبير: أنا، ثم قال: من يأتينا بخبر القوم، فقال الزبير: أنا، ثم قال: إن لكل نبي حواريًا وإن حواريّ الزبير»

«Ахзаб күнү Пайгамбар ﷺ: «Бизге ошол элдин кабарын ким алып келет?" - деп сурады. Зубайр: "Мен!" - деди. Анан кайра: "Ким бизге алардын кабарын алып келет?" - деди. Зубайр дагы: "Мен!" - деди. Үчүнчү жолу дагы сураганда Зубайр кайра: "Мен!" - деп жооп берди. Ошондо Пайгамбар ﷺ мындай деди: «Ар бир пайгамбардын жоокери (хаварийи) болот. Менин жоокерим – Зубайр».

Зубайр барып, аларды байкап кайтып келди да:

«يا رسول الله، رأيتهم يصلحون حصونهم ويدربون طرقهم، وقد جمعوا ماشيتهم»، وجمع النبي أبويه للزبير في ذلك اليوم، فقال له: «فداك أبي وأمي»

«Эй, Аллахтын Элчиси, мен аларды чептерин оңдоп, жолдорун даярдап жатканын көрдүм. Мал-жандарын да чогултуп коюшуптур» - деп кабар берди.

Ошол күнү Пайгамбар ﷺ Зубайрга өзүнүн ата-энесин садага кыларын айтып:

«Атам да, апам да сен үчүн садага болсун!» – деген.

Абдуллах ибн Зубайр мындай деген:

«كنتُ يومَ الأحزابِ جعلتُ أنا وعمرُ بنُ أبي سلمةَ في النساءِ، فنظرتُ فإذا أنا بالزبيرِ على فرسهِ يختلف إلى بني قريظةَ مرتينِ أو ثلاثًا، فلما رجعتُ قلتُ: يا أبتِ رأيتُكَ تختلفُ ؟ قال: أو هل رأيتَني يا بنيَّ؟ قلتُ: نعمْ، قال: كان رسولُ اللهِ ﷺ قال: من يأتِ بني قريظةَ فيأتيني بخبرِهم. فانطلقتُ، فلما رجعتُ جمعَ لي رسولُ اللهِ ﷺ أبويهِ فقال: فداكَ أبي وأُمِّي».

«Ахзаб күнү мен жана Умар ибн Абу Салама аялдардын арасында болчубуз. Карасам, атам Зубайр атчан болуп Бану Курайзага эки же үч жолу барып келгенин көрдүм. Үйгө келгенде мен ага: “Ата, сизди барып-келип жүргөнүңүздү көрдүм!” - дедим. Ал: “Уулум, чындап көрдүңбү?” - деди. Мен: “Ооба!” - дедим. Ал айтты: «Пайгамбар ﷺ: «Бану Курайзанын кабарын ким алып келет?» - деди. Мен барып келдим. Кайтып келгенимде Аллахтын Элчиси ﷺ мага өзүнүн ата-энесин садага кылды: «Атам да, апам да сага садага болсун!» - деди».

**Хайбар согушу**

Зубайр ибн Аввам Хайбар согушуна да катышкан. Ал ошол салгылашта яхудий кол башчыларынын бири — Мархабдын иниси Ясир ибн Абу Зайнабды өлтүргөн. Ибн Исхак мындай деп баяндайт:

"أن أخا مرحب وهو ياسر، خرج بعده وهو يقول: هل من مبارز؟ فزعم هشام بن عروة أن الزبير خرج له، فقالت أمه صفية بنت عبد المطلب: يقتل ابني يا رسول الله، فقال: «بل ابنك يقتله إن شاء الله»، فالتقيا فقتله الزبير. فكان الزبير إذا قيل له: والله إن كان سيفك يومئذ صارما، يقول: "والله ما كان بصارم، ولكني أكرهته".

«Мархабдын иниси Ясир анын артынан чыгып: “Мага беттешүүгө ким чыгат?” - деп чакырык салды. Хишам ибн Урванын айтымында, ага Зубайр чыккан. Ошондо анын энеси Сафия бинт Абдулмутталиб Пайгамбар ﷺга: «Эй, Аллахтын Элчиси, баламды өлтүрүп коёт!” - дегенде, Пайгамбар ﷺ : «Кудай каалаcа, сенин уулуң аны өлтүрөт”, - деп жооп берген. Экөө беттешип, Зубайр аны өлтүргөн».

Зубайр кийин мындай деп айткан:

«Кимдир бирөө: “Сенин кылычың ошол күнү абдан курч эле го”, - десе, Зубайр: “Кудайга ант, кылыч курч болгон эмес, мен аны «мажбурлап» урдум” - деп жооп берген».

**Мекkенин фатх болуусу:**

Мекке, Хунайн жана Табук согуштарына Зубайр катышып, ал алдыңкы саптагы кол башчылардын бири болгон.

Пайгамбар ﷺ Меккени багындыруудан мурун Зубайрды Али ибн Абу Талиб менен кошо Хатиб ибн Абу Балтаанын жашыруун катына байланыштуу бир аялды токтотуу үчүн жиберген. Алар менен бирге ал-Микдад ибн ал-Асвад да болгон. Үчөө «Рауза Хах» деген жерде аялды кармашкан (Мадинадан он эки миль алыстыкта). Алар катты бербесе, тинтебиз деп коркутканда, аял катты чыгарып берген.

Мусулмандар Меккеге киргенде Зубайр мухажирлер алып жүргөн үч байрактын бирин көтөрүп жүргөн. Пайгамбар ﷺ Халид ибн Валидди оң канатка, Зубайрды сол канатка, Абу Убайда ибн ал-Жаррахты борбордук бөлүккө койгон. Ансарлардын байрагы Саад ибн Убадада болгон.

Саад Меккеге кирип бара жатып Абу Суфянга:

اليوم يوم الملحمة، اليوم تستحل الحرمة، اليوم أذل الله قريشاً»، فلما حاذى رسولُ الله ﷺ أبا سفيان قال: «يا رسول الله ألم تسمع ما قال سعد؟»، قال: «وما قال؟»، فقال: كذا كذا، فقال عثمان وعبد الرحمن بن عوف: «يا رسول الله، ما نأمن أن يكون له في قريش صولة»، فقال رسول الله ﷺ: «بل اليوم يوم تعظم فيه الكعبة، اليوم يوم أعز الله فيه قريشاً»

«Бүгүн — кек алуучу күн! Бүгүн — ыйыктыктар тебеленип, Курайш кор болот!» - деген.

Абу Суфян муну Пайгамбарга ﷺ айтып бергенде Пайгамбар ﷺ: «Ал эмне деди?» - деп сураган.

Абу Суфян: «Мындай-мындай деди», деп жооп берди, кийин Усман жана Абдуррахман ибн Ауф:

«Эй Аллахтын Элчиси, Саад Курайшка катуу мамиле кылып жибериши мүмкүн» - дешкен.

Ошондо Пайгамбар ﷺ мындай деген:

«Жок! Бүгүн — Кааба улукталган күн! Бүгүн — Аллах Курайшты урматтаган күн!».

Андан кийин Пайгамбар ﷺ Саадды чакыртып, андан байракты алып, анын уулу Кайс ибн Саадга берген. Айрым риваяттарда байрак Зубайрга берилгени айтылат.

Зубайр Исламдын байрагын Хажун тоосунун башына, Фатх мечитинин жанына сайган. Ошол жерде ага чатыр тигилген жана ал ошол жерден жылган эмес. Ошондо Аббас ибн Абдулмутталиб ага мындай деген:

"يَا أَبَا عَبْدِ اللَّهِ أَهَا هُنَا أَمَرَكَ رَسُولُ اللَّهِ ﷺ أَنْ تُرْكِزَ الرَّايَةَ؟"

«Эй, Абу Абдуллах! Сага Пайгамбар ﷺ дал ушул жерге байракты сай деп буюрганбы?»

**Хулафаа ар-Рашидин (разияллаху анхум) доорунда:**

Пайгамбарыбыз ﷺ дүйнөдөн өткөндөн кийин Зубайр Мадинаны коргогон сакчылардын катарында болгон. Анткени көптөгөн араб уруулары динден кайтып, шаарга кол салууну көздөгөндөр да чыккан. Ошондуктан Абу Бакр ас-Сыддык (разияллаху анху) Мадинанын дарбазаларына түнкү сакчыларды койгон. Алардын арасында Али ибн Абу Талиб, Зубайр ибн Аввам, Талха ибн Убайдуллах жана Саад ибн Абу Ваккас да болгон.

Зубайр Ридда (муртаддарга каршы) согуштарына Абу Бакр (разияллаху анху) менен кошо катышкан. Андан кийин Шам тарапка жихад үчүн жөнөгөн.

**Йармук согушу**

Зубайр ибн Аввам Йармук согушуна да катышкан. Бул согуш Абу Бакрдын Халифалыгынын аягында, Умар ибн ал-Хаттабдын (разияллаху анху) Халифалыгынын башталышында болгон.

Ибн Касир мындай деп айтат:

"وقد كان فيمن شهد اليرموك الزبير بن العوام، وهو أفضل من هناك من الصحابة، وكان من فرسان الناس وشجعانهم، فاجتمع إليه جماعة من الأبطال يومئذ فقالوا: ألا تحمل فنحمل معك؟ فقال: إنكم لا تثبتون. فقالوا: بلى، فحمل وحملوا فلما واجهوا صفوف الروم أحجموا وأقدم هو، فاخترق صفوف الروم حتى خرج من الجانب الآخر، وعاد إلى أصحابه ثم جاؤوا إليه مرة ثانية، ففعل كما فعل في الأولى، وجرح يومئذ جرحين بين كتفيه، وفي رواية: جرحًا"

«Йармукта сахабалардын ичинен эң улуусу жана баатырлардын эң мыктысы — Зубайр ибн Аввам болгон. Ал элдик баатырлардын бири эле. Ошол күнү бир нече жоокер ага келип: «Кел, чабуулга өт, биз да сени менен кошо чабуулга өтөбүз!» - дешти. Зубайр: «Силер сабырдуулук кыла албайсыңар», - деди. Алар: «Жок, чыдайбыз», - дешти. Анан ал чабуулга өттү, алар да артынан ээрчишти. Бирок румдуктардын саптарына бет келгенде алар артка чегинди, ал болсо алдыга жылып, румдуктардын саптарын жарып өтүп, экинчи тарабына чыгып кеткен. Андан соң кайра кайтып келди. Алар экинчи ирет да келип сураганда, ал биринчи жолкудай эле кылды. Ошол күнү Зубайр эки ийининин ортосунан жаракат алды, айрым риваяттарда бир жаракат деп айтылат».

Урва мындай дейт:

كان في الزبير ثلاث ضربات: إحداهن في عاتقه، إن كنت لأدخل أصابعي فيها، ضرب ثنتين يوم بدر، وواحدة يوم اليرموك.

«Зубайрдын денесинде үч жаракат болгон, алардын бири моюн тарабында эле. Мен ал жерге манжамды салып киргизе алчумун. Экинчи жара Бадр согушунда, дагы бирөө Йармукта болгон».

**Мисирдин фатх болуусу:**

Зубайр ибн Аввам Мисирди фатх кылуу жортуулуна да катышкан. Амр ибн ал-Аас Мисирди багындыруу үчүн жөө жортуулга чыкканда ал халифа Умар ибн ал-Хаттабдан (разияллаху анху) жардам суроону туура көргөн. Ошондо Умар (разияллаху анху) ага жардам катары Зубайр ибн Аввам башында турган аскер жиберген.

Мусулман тарыхчылары билдиришкендей, халифанын жөнөткөн кошумча аскеринин саны он эки миңге жеткен, айрым булактарда бул сан он миң деп да айтылат. Зубайр ибн Аввам, Убада ибн ас-Самит, ал-Микдад ибн ал-Асвад, Маслама ибн Мухаллад ал-Ансари сыяктуу улуу сахабалар келгенине мусулмандар абдан кубанышкан.

Имам аз-Захабий мындай баяндайт:

«Зубайр Мисирге жихад үчүн чыкканда ал жактагы аскер башчы Амр ибн ал-Аас ага кат жазып:

إن الأرض قد وقع بها الطاعون، فلا تدخلها

«Бул жерде тумоо жайылып кетти, кирбе», - деп эскерткен. Бирок Зубайр:

"إنما خرجت للطعن والطاعون"

«Мен бул сапарга найза менен тумоого кабылыш үчүн чыктым!» - деп жооп берип, Мисирге кирген жана согушуп жатып маңдайына найза тийип жаракат алган».

Зубайр ибн Аввам Мисирдеги Бабил чебин багындырууда чечүүчү роль ойногон. Ал бир нече сахаба менен чептин дубалына чыгып, такбир айтып кыйкырганда, чептеги аскерлер мусулмандар чепке кирип кетти деп ойлоп, чочулап качышкан. Ошондо Зубайр дубалдан түшүп, чептин эшигин ачып берген жана мусулман армиясы ичкери кирген.

Башка бир риваятта:

Зубайр дубалга чыгып жатканын көргөн чептин коргоочулары коркуп кетип, чептин эшигин ачып, Амр ибн ал-Аас менен келишим түзүшкөн. Амр алардын сунушун кабыл алып, Зубайр

ошол учурда чепке кирип, эшиктен Амр менен кошо кайра чыккан. Ушундайча Бабил чеби мусулмандар тарабынан багындырылган.

Зубайр ошол кезде Амр ибн ал-Аас менен мисирликтердин ортосунда түзүлгөн тынчтык келишимине күбө болгон.

**Умар ибн ал-Хаттабдын осуяты**

Халифа Умар (разияллаху анху) жаракат алып, өлүмү жакындаганда халифаны тандоо иши кеңешме аркылуу жүргүзүлүшүн осуят кылган. Ал Пайгамбарыбыз ﷺ ыраазы болуп дүйнөдөн өткөн алты сахабаны бул кеңешке мүчө кылып дайындаган. Алар:

1. Усман ибн Аффан
2. Али ибн Абу Талиб
3. Талха ибн Убайдуллах
4. Зубайр ибн Аввам
5. Абдуррахман ибн Ауф
6. Саад ибн Абу Ваккас (разияллаху анхум)

**Анын таанымал сөзү:**

Зубайр ибн Аввам мындай деген:

نحن أمة لا تموت إلا قتلى فمالي أرى الفراش قد كثر عليها الأموات

«Биз — өлүмү согушта гана келген үммөтпүз. Анда эмне үчүн төшөктө өлгөндөр көбөйүп кетти?»

**Шахид болушу:**

Зубайр Пайгамбарыбыз ﷺ менен болгон бүткүл жихаддарга катышкан. Бадр согушунда ал оң канаттын кол башчысы болгон. Меккени фатх кылууда мухажирлер көтөргөн үч байрактын бирин көтөргөн. Мисирдин багындырылышында Амр ибн ал-Ааска жардам иретинде жиберилген аскердин ичинде болгон.

Халифа Умар ибн ал-Хаттаб (разияллаху анху) аны өзүнүн өлүмүнөн кийинки Халифалык маселеси боюнча шура кеңешине киргизген. Ошондо ал мындай деген:

«Бул адамдар — Пайгамбарыбыз ﷺ ыраазы абалда дүйнөдөн өткөн сахабалар».

Халифа Усман ибн Аффан өлтүрүлгөндөн кийин Зубайр аны өлтүргөндөрдөн өч алуу талабы менен Басра шаарына жихад максатында чыккан. Бирок ал Жамал деген жерде Амр ибн Жармус тарабынан айлакерлик менен өлтүрүлгөн. Бул окуя

хижрий 36-жылы Ражаб айында болгон. Ошол кезде Зубайр 64 жашта эле.

Зубайр согушка катышуудан баш тарткан болчу, анткени ага Пайгамбарыбыз ﷺ бир жолу:

«Сен Али менен ага зулумдук кылган абалыңда согушасың» (котормочудан: «эгерде Али менен согушсаң, ага зулумдук кылган болосуң») - деп айтканын эстеген. Ошондуктан ал согуштан кайтып кеткен, бирок ага карата чыккынчылык жасалып, акыры шахид болгон.

Аллах Зубайр разияллаху анхуну Өз рахматына алсын! Ал мусулман жоокеринин үлгүсү болгон адам, кордукка моюн сунбаган, жалганга унчукпай карап турбаган, Исламдан баш тартпаган баатыр инсан эле. ❑

# ЭГЕРДЕ МУСУЛМАН БАШЧЫЛАРЫНЫН БАШКАРУУСУ АКМАКТАРДЫН БАШКАРУУСУ БОЛБОСО, АНДА КИМДИН БАШКАРУУСУ?

**М. Бахир Салих – Палестина**

Кааб ибн Ужра (разияллаху анху) мындай деди: Пайгамбарымыз ﷺ айтты:

أعيذك بالله من إمارة السفهاء، قال: وما ذاك يا رسول الله؟ قال: أمراء سيكونون من بعدي، من دخل عليهم فصدقهم بكذبهم وأعانهم على ظلمهم، فليسوا مني، ولست منهم، ولن يردوا علي الحوض، ومن لم يدخل عليهم ويصدقهم بكذبهم ولم يعنهم على ظلمهم، فأولئك مني، وأنا منهم، وأولئك يردون علي الحوض.

**«Аллах Тааланын аты менен акмак башчылардын башкаруусунан сен үчүн коргоо тилеймин» Мен: «Ал кандай, оо, Аллахтын Элчиси?» - деп сурадым. Ал ﷺ мындай деди: «Менден кийин башчылар келет. Кимде-ким аларга кирип, алардын жалганына ишенип, алардын зулумуна көмөктөшсө, анда алар менден эмес, мен да алардан эмесмин. Алар менин хавзыма** (булак) **да келбейт. Ал эми ким аларга кирбесе, алардын калпына ишенбесе жана алардын зулумуна жардам бербесе, алар менден, мен аларданмын. Алар менин хавзыма келишет».** (Тирмизи жана Насаий риваяты).

Чындыгында, башчылардын акмактыгы Трамптын акыркы жолу Булуң өлкөлөрүнө болгон сапарында даана көрүнүп калды. Үммөт Аллахтын жана өзүнүн душманы болгон Америка президенти Дональд Трампты бул башчылардын кандай акмактык менен тосуп алышканына күбө болду: алар ага кызыл килемдерди төшөп, кооз сарайларда майрам уюштурушту, ага ханзаадаларды, элчилерди жана кулдай ээрчиген акмактарды чогултуп беришти, аны асмандан түшкөнсүп тосуп алышты!

Андан соң алар Трампка триллиондогон долларларды беришти, ал өзү билдиргендей, бул сумма 5,1 триллион долларга жетти. Бул акчалар жалган келишимдер жана инвестициялар деген шылтоо менен берилди. Мунун пайдасын Америка гана көрөт жана бул «жетишкендиги» менен мактанган Трампка гана пайдалуу болду.

Өз душманы менен майрамдап, аны күчтөндүрүп, колдоп жаткандардан өткөн акмактык болобу?!

Үммөттүн байлыгын жана асыл ресурстарын бир калем шилтөө менен, эч кандай шартсыз жана чектөөсүз чачып жиберүүдөн өткөн акмактык болобу?! Мусулмандардын курсагы ач, балдары ачка, шаарлары урап, өлкөлөрү дүйнөдөгү эң жарды мамлекеттердин катарында турган чакта?!

Үммөт Аллахтан корккон, аларды, алардын мал-мүлкүн, ар-намысын жана кызыкчылыктарын коргогон, уйкусуздук жана камкордук менен жашаган башчыга абдан муктаж. Ушул сөздөрдү айткан Умар ибн Хаттабдай (разияллаху анху):

لو أن جملا أو قال شاة أو قال حملا، هلك بشط الفرات، لخشيت أن يسألني الله عنه".

«Эгер Фурат дарыясынын жээгинде бир төө, же бир кой, же бир козу өлүп калса, Аллах ал жөнүндө менден сурайбы деп коркомун!». ❑

# АУН АББАС МЕНЕН ЖОЛУКТУ, ЛАГЕРЛЕРДЕГИ КУРАЛДАР ТАЛКУУЛАНДЫ: ЛИВАН ЭЧ КАНДАЙ АСКЕРИЙ АРАКЕТТЕРДИН БАШТАЛЫШ ЖЕРИ БОЛБОЙТ

Ливан президенти Жозеф Аун Палестина президенти Махмуд Аббас менен расмий сүйлөшүүлөрдү өткөрдү. Бул жолугушуу Аббастын расмий чакыруунун негизинде Ливанга жасаган сапарынын алкагында Бабда сарайында болду. Тараптар эки тараптуу мамилелерди жана регионалдык кырдаалды, өзгөчө Газа тилкесиндеги абалды, Ливандагы палестиналык качкындардын маселесин жана лагерлердеги туруктуулукту талкуулашты.

Тараптар биргелешип жарыялаган билдирүүдө эки элдин тарыхый мамилелеринин тереңдиги белгиленип, Палестина маселесин эл аралык мыйзамдарга негизделген адилеттү жана ар тараптуу чечүүгө биргелешкен колдоону баса белгилешти. Бул чечим Палестина элине өз алдынча мамлекет куруу укугун камсыз кылышы керек экени айтылды.

Коопсуздук маселесине келгенде, тараптар куралдуу күч колдонуу укугу Ливан мамлекетинин колунда гана болушу керек деген принципке бекем берилгендигин билдиришти. Мыйзамдан тышкаркы куралдуу көрүнүштөргө жол берилбеши керектиги баса белгиленди. Ливан жана Палестина бийликтери лагерлердин ичиндеги коопсуздукту камсыз кылуу, Ливан аймагын аскерий операциялар үчүн колдонбоо жана «терроризм» менен «экстремизмге» каршы күрөшүүдө өз ара кызматташтыкты күчөтүү зарылдыгына макул болушту.

Палестина президентинин сапары абдан сезимтал учурга туура келди. Анын негизги максаты – Ливандагы палестиналыктардын лагерлериндеги курал маселесин талкуулоо. Бул Ливан өкмөтүнүн өлкө аймагында мамлекеттин суверенитетин толук орнотуу жана мыйзамдан тышкаркы куралдуу түзүмдөрдү жоюу аракеттеринин алкагында жүрүп жатат. Бул багыттагы кадамдар өткөн жылдын аягында яхудий түзүмү менен ок атышууну токтотуу келишиминин күчүнө кириши менен башталган кеңири саясий багытка кирет.

**Ал-Ваъй**: Кадимкидей эле, кулдар Ак үйдөгү кожоюндарынын жана алардын яхудий кожолорунун буйруктарын аткарууга шашылууда. “Курал мыйзамдуу болушу керек, ал мамлекеттин колунда гана болушу керек” деген ураандын астында Ливан мамлекети бул иште чоң тажрыйбага жана “тазартуу” боюнча талаа рекорддоруна ээ болгон чыккынчы Аббас менен биргеликте Ливандагы качкындар лагерлеринде калган акыркы каршылык күчтөрүнүн куралдарын жок кылуу аракетине киришти. Максат – яхудий түзүмүнө коопсуз жана бейпил уктоо шартын камсыздоо, ал эми Ливан кийинчерээк яхудий түзүмү менен мамилелерди “нормалдаштырган” өлкөлөрдүн – “Ибрахим келишимине” кошулган мамлекеттердин – клубуна кошулат. ❑